**Койлубаева А.К.**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ БОЮНЧА АЗЫРКЫ САБАКТЫН МОДЕЛДЕРИ

## (Биринчи бөлүм)

**Каракол - 2014**

УДК

Эмгек К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасында аткарылды

Койлубаева А.К.

Кыргыз тили боюнча азыркы сабактын моделдери. К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети. – Каракол, 2014

Колдонмодо кыргыз тили сабактарынын учурдун талаптарына ылайык өтүүнүн жолдору, үлгүлөрү сунушталат. Кыргыз тили мугалимдери жана ЖОЖдордун студенттерине арналат.

Колдонмо кафедранын, факультеттин жана университеттин окуу-методикалык кеңешинде талкууланып, басууга сунуш кылынды

Жооптуу редактор: филология илимдеринин доктору, профессордун милдетин аткаруучу А.Т.Дунканаев

Корректор: кыргыз тили кафедрасынын окутуучусу Э.Наматова

## Кириш сөз

Бул аталган методикалык колдонмо окуучулардын коммуникативдик компетенциясын өнүктүрүүгө багытталган.

Бүгүнкү кыргыз тили мугалиминин коммуникативдик ишмердиги маалыматты бере алышы, таасир этиши, сезимдерди ойгото алышы, предметке болгон кызыгууну жарата алышы, түрдүү жаш курактагы өспүрүмдөр менен жекече жана коллективде иштей алышы, окуучуларда адептик сапаттарды өнүктүрө алышы сыяктуу сапаттарга ээ болушу менен бааланат. Демек, сабактардын пландарын түзүүдө, окутуунун активдүү формаларын колдонууда мугалимдердин алдына өзгөчө жоопкерчилик коюлган.

Бүгүнкү күндө сабактын стандарттык эмес түрү окутуу процессин натыйжалуу уюштурулушу жана жыйынтыгы эффективдүү болушу үчүн улам көбүрөөк колдонулуп келет. Мындай сабактар окутуу процессине көптөгөн жаңылыктарды жана күтүлбөстүктөрдү алып келип, окуучулардын кызыгуусун жогорулатат.

Ал эми стантарттык эмес сабактарды уюштурууда максаты , өнүгүү ирети, алардын байланыштары, милдеттери ар бир педагогдун чыгармачылык изденүүсүнөн көз каранды. Кандай болгон күндө да, стандарттык жана стандарттык эмес сабактардын бири-бири менен айкалышып өтүлүүсү азыркы педагогиканын жана методиканын талабы.

Сабакка берилген кыска убакыт ичинде окуучуларга окуу программасында берилген темалар боюнча маалымат гана берип, анны көнүгүүлөр менен курулай гана бышыктап койбостон , окуучулардын өзүндө байкалбаган жөндөмдүүлүктөрүн алып чыгууга жана өркүндөтүүгө, сезимдерин өстүрүүгө, эл- жеринин мекенчили болууга , жакшы сапаттарга тарбиялануусуна жетишишибиз керек. Биздин оюбузча, сынчыл ойлоону жана анын алдыңкы методдору аталган максаттарга тез жетүүнүн натыйжалуу жолу деп эсептейбиз.

Бул колдонмодо кыргыз тили боюнча өтүлүүчү сабактардын пландары иштелип чыкты. Пландар окутуу кыргызча жана орусча жүргүзүлгөн класстар үчүн сунушталат. Окуучулар менен аткарылуучу өз алдынча тапшырмалар ар түрдүү формада өтө жыш берилди. Окуу китебиндеги көнүгүүлөр менен гана чектелбей, ар тараптуу, окуучуларды ойлонтуучу иш-аракеттер сабактын эффективдүүлүгүн арттырат. Ошондуктан алардын ыктууларын алып колдонууга болот деген ишенимдебиз.

Орус класстар үчүн сунушталган пландардын ар бири 2 саатка ылайыкталып түзүлдү. Дагы бир белгилей кетүүчү нерсе: колдонмого К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин

«Кыргыз тили жана адабияты» адистиги боюнча алдыңкы бүтүрүүчүлөрүбүздүн иштеп чыккан пландары да киргизилди. Келечек жаштардыкы дегендей , бүгүнкү студент-эртеңки мугалим.
Биздин ишибизди татыктуу улантуучу кийинки муундары үчүн бул- стимул болору шексиз..

Урматтуу кесиптеш, аталган колдонмо - К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун кыргыз тили кафедрасынын мүчөлөрү тарабынан аткарылган алгачкы эмгек. Муну иштин башталышы гана деп түшүнөлү. Келечектеги биздин максат – кыргыз тили боюнча сабактын пландарынын үлгүлөрүн окуу программасынын негизинде ар бир класс боюнча өз-өзүнчө иштеп чыгуу.

Демек, Сиз да кошулуп, педагогикалык тажрыйбаңызды бөлүшсөңүз болот. Келиңиз анда, бул  багытта байланышып , бирге иштейли. Анткени, Сиздин  да мектеп практикасында жараткан ийгиликтериңиз арбын  деп ишенебиз жана биз менен байланышууга чакырабыз.

**К.Тыныстанов атындагы ЫМУ**
**ф.и.к., доцент А.Койлубаева**

**Сабактын темасы:** **Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү**
(5-класстар үчүн)

**Сабактын максаты:**
**а) билим берүүчүлүк максаты:** Окуучулар сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү боюнча алган билимдерин бышыктоо менен сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү боюнча түшүнүк алышат. Алардын бирдей суроого жооп берип, сүйлөмдө бир милдетти аткарарын үйрөнүшөт;
**б) өнүктүрүүчүлүк максаты**: Окуучулар сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн аткарган милдеттерин түшүнүп, синтаксистик талдоо жүргүзүүгө машыгышат;
**в) тарбиялык максаты:** Топтордо иштөөдө бири-бирин угуп, сыйлап өз ара түшүнүүгө багыт алышат.
**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окучулар…**
а) сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү жөнүндө түшүнүк алса, алардын бирдей суроого жооп берип, сүйлөмдө бир милдетти аткарарын үйрөнсө;
б) сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн кандай милдетти аткара тургандыктарын түшүнсө жана синтаксистик талдоо жүргүзө билишсе;
в)топтордо иштөөдө бири-бирин угуп сыйласа.
**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы
**Сабактын методу:** Проблемалуу метод жана интерактивдүү методдордун айрым стратегиялары.
**Сабактын жабдылышы:** Таблица, сабакка колдонулуучу таяныч белгилер жана схемалар.
**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу
Өтүлгөн теманы кайталоо (бул учурда окуучулар топко бөлүнүшөт)
1-топко: -Эмне үчүн ээ жана баяндооч баш мүчөлөр деп аталат?
-Ээнин милдетин зат атооч, заттанган сын атооч, сан атооч, ат атооч аткаргандай кылып, сүйлөмдөрдү түзгүлө
2-топко: -Баяндоочтун милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарат?
- Ар бир түрүнө мисалдар келтиргиле? (Мында зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч сүйлөмдө баяндооч болгондой кылып сүйлөм түзүшөт).

3-топко: - Аныктооч менен бышыктоочтун окшош жана айырмачылыктуу белгилерин түшүндүрүп бергиле?
- **Кызыктуу, жакшы** деген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө. Ал сөздөр бирде аныктооч болсо, экинчисинде бышыктооч болгондой болсун?

Ар бир топ өз алдынча  иштеп жатканда, мугалим доскага сүйлөмдөр жазат:

1. Чыдамкай, токтоо, эмгекчил адам гана баарын жеңет.
2. Адам үчүн адамкерчилик-асыл, кымбат.

Ар бир топтон чыгып, өз тапшырмаларын презентациялап беришет. Кемчиликтер болсо калгандары толуктап, түшүндүрүп беришет.
Андан кийин мугалим жалпы окуучулар менен доскадагы сүйлөмдөрдү окуп, маанисин сурайт да талдоону төмөндөгүдөй тартипте баштайт.

**Чыдамкай, токтоо, эмгекчил адам баарын жеңет.**

- Чыдамкай, токтоо, эмгекчил адам баарын эмне кылат?
- **Жеңет**-баяндооч (астын сыз).
- Ким баарын жеңет? –**адам-**ээ.

-Чыдамкай, токтоо, эмгекчил адам эмнени жеңет? – **баарын-**тике толуктооч (астын сыз).


-Кандай адам баарын жеңет? – **Чыдамкай, токто, эмгекчил**- аныктооч (астын сыз).

- Байкадыңарбы, балдар, чыдамкай, токоо, эмгекчил деген сөздөргө бир гана кандай деген суроо берилди. Үчөө тең сүйлөмдө бирдей милдетти (аныктооч) аткарды. Мындай мүчөлөрдү  сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү дейбиз.

- Кана эми өзүңөр эреже чыгарып көргүлөчү? Бир өнчөй мүчө деп кандай мүчөлөрдү айтабыз  ?

Окуучулар «Бирдей суроого жооп берип, бирдей милдет аткарган сөздөр сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү деп аталат» деп жооп беришет.
Мугалим:

-Туура айтасыңар, балдар. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү сүйлөмдө бирдей суроого жооп берип, бир милдетти аткарышат (таблица илинет да, аны мугалим түшүндүрөт).



Окуучулар кайрадан топ-топ болуп иштешет.

**1-топко:**


Көп чекиттин ордуна бир өңчөй мүчөлөрдү коюп, сүйлөмдү толуктап жазышат.


1.________________, _______________, _____________ бир класста окушат.

2.Биздин класс ===========, =============, ==============.

3.Жайлоодо ______ ______, ________________, _____________ гүлдөр өсөт.

**2-топко:** Берилген зат атооч сөздөрдүн кыймылын билдирген сөздөрдөн тапкыла. Алар кандай милдет аткарарын түшүндүргүлө.




**3-топко:** Берилген схема боюнча сүйлөмдөр түзгүлө.


1.______________, ________________, ____________ ==============.

2.____________, ___,___,____,____,__ , ==========, ===========, ===========.

3.______________, __ __ __ __ __ __, __ __ __ __ __, __ __ __ __ ==========.

4._._._._._._._._., __.__.__.__.__.__, __.__.__.__.__. =============

Ар бир топ өзүнчө иштеп жатканда мугалим доскада кийинки таблицаны илет.




Мисалы:
1.**Карыянын үнү кырааттуу, ыргактуу , муңайым чыкты.** (Мында интонация менен байланышты, арасына үтүр коюлду. Окулганда үтүр коюлган жерде тыным болот).

1.Сыдырым жел жумшак жана назик болуп турду. Элди эмгек менен эрдик көп нерсеге шыктандырат. ( Мында бир өңчөй мүчөлөр **жана, менен** байламталары аркылуу байланышты. Ошондуктан үтүр коюлбайт).

Мугалим:

Демек, бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдүн араларына жазууда үтүр коюлса, окуган учурда ошол жерде эмне болот  экен?

Сабакты суроо-жооп менен бышыктоо.

1.Бир өңчөй мүчөлөр деп кандай сөздөрдү айтабы?
2.Бир өңчөй мүчөлөрдү катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.
3.Буларды эмне үчүн бир өңчөй мүчө деп атадыңар?
4.Бир өңчөй  мүчөлөр өз ара кандай жолдор менен байланышат?
5.Кайсы учурда үтүр белгиси коюлбайт? Мисал келтир.
6.Кайсы учурда үтүр коюлат? Мисал келтиргиле

**Сабакты жыйынтыктоо.**
**Үйгө тапшырма берүү.**
**Окуучулардын билимин анализдеп, баалоо.**

**Сабактын темасы:** **Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү. Аныктооч.**
**Сабактын максаты:**
**а) Билим берүүчүлүк максаты :** Окуучулар сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү боюнча мурунку класстан алган билимдерин тереңдетип, аныктоочтун кептеги маанисин жана алардын түзүлүшүн үйрөнүшөт.
**б) Өнүктүрүүчүлүк максаты**: Аныктоочтун милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн үйрөнүшөт. Атоочтук түрмөктөрдөн болгон аныктоочтор жөнүндө маалымат алып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоого машыгышат.
**в) Тарбия берүүчүлүк максаты**: Топтордо иштей алышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу:**
- Аныктоочтун кептеги маанисин түшүнүп, алардын түзүлүштөрүн үйрөнө алса;
- Аныктоочтун милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн билип, атоочтук түрмөктөрдөн болгон аныктоочторду үйрөнсө жана сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзө алса;
- Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша билсе.

**Сабактын тиби:** жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу:** интерактивдүү метод.
**Сабактын жабдылышы**: дидактикалык карточкалар, таблица жана методикалык колдонмолор.
**Сабактын жүрүшү**:

1. Уюштуруу
2. Үйгө тапшырманы кайталоо

(Кайталоо учурунда класс 3 топко бөлүнөт да, ар бир топко өзүнчө суроолор жазылган карточкалар таратылат).


**1-топ үчүн:**
- Сүйлөмдүн ээси деп эмнени айтабыз жана анын милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарат?
- Зат атооч, заттанган сын атооч, сан атооч, ат атоочтор ээлик милдетти аткаргандай кылып, ар бирине мисалдар келтиргиле.
- Сүйлөм ээсин эмне үчүн баш мүчө деп айтабыз?

**2-топ үчүн:**
- Баяндооч деп эмнени айтабыз, анын милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарат?
- Зат атооч, сын атооч, сан атооч жана ат атоочтор баяндоочтук милдетти аткаргандай кылып, ар бирине мисалдар келтиргиле.
- Ээ менен баяндоочтун ортосуна кандай учурда сызыкча коюлат? Мисалдар келтиргиле.

**3-топ үчүн:**
- Ээни баяндооч сан, жак, түр боюнча ээрчип турат дегенди менен түшүндүрүп бергиле?

- Ээ менен баяндоочту баш мүчөлөр деп атайбыз?
- Берилген сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн тапкыла. Баш мүчөлөрдүн милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарарын айтып бергиле.
- Ысык-Көл кышта жылуу, жайда салкын. Адамдын көркү –адеп. Элүүнүн жарымы-жыйырма беш. Эненин көөнү балада.

(Бул тапшырмаларды аткаруу үчүн ар бир топко 3 минуталык убакыт берилет. Топтор өз алдынча иштеп жатканда , мугалим доскага кийинки тапшырманы даярдап, ээ менен баяндоочко Венндин диаграммасын чиет)



Ар бир топтон окуучулар чыгып, берилген тапшырмалардын жоопторун айтышат. Мүмкүн болушунча, бир гана окучу жооп бербестен, топтун ар бир мүчөсү жооп бергендей болсун. Кемчиликтери болсо, топтун башка мүчөлөрү , же мугалим толуктап берсе болот. Андан кийин окуучулардын көңүлүн доскадагы тапшырмага буруп, алар даярданбай туруп, оозеки жооп беришет. Тагыраак айтканда, ээ жана баяндоочтун окшош жана айырмалоочу белгилерин айтышат. Окуучулардын жооптору төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

**Сүйлөм ээсине мүнөздүү белгилер:**

- дайыма атооч жөндөмөдө туруп, ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? деген суроолорго жооп берет;
- дайыма баяндооч менен байланышып, ээни баяндооч сан, жак, түр боюнча ээрчип турат;
- сүйлөм ээси айтылып жаткан ойдун негизин ээлеп турат;
- көпчүлүгү сүйлөмдүн башталган чегинен орун алат.

**Баяндоочко мүнөздүү белгилер:**

- эмне кылат? эмне кылып жатат? ким? эмне? канча? деген суроолорго жооп берип, дайыма ээнин кыймыл-аракетин көрсөтөт;
- сүйлөмдүн аякталган чегинен орун алып, ээни сан, жак, түр боюнча ээрчип турат;
- баяндоочтун милдетин көбүнчө этиш сөздөр, мындан тышкары зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атоочтор да аткарат.

**Ээ жана баяндоочтун окшоштугу:**

- экөө тең сүйлөмдүн баш мүчөсү болуп саналат;

- ээ да, баяндооч да зат атоочтон, заттанган сын атоочтон, сан атоочтон жана ат атоочтон жасала берет ж.б.

**Мугалимдин сөзү:** Демек, ээ менен баяндооч сүйлөмдөгү айтылып жаткан ойдун негизин түзөрү, тагыраак айтканда, сүйлөмдү уюштуруучу борбор экендиги, ошондуктан алар баш мүчө деп аталары айтылат. Биздин кебибизде баш мүчөдөн тышкары айкындоочмүчөлөр да катышат. Кана эсиңерге салгылачы, айкындоооч мүчөлөргө кайсылар кирет? ( Балдар айкындооч мүчөлөр менен башталгыч класстарда эле тааныш болгондуктан, мугалим жаңы теманы түшүндүрүүдөн мурун окуучулар менен аңгемелешип, айкындооч мүчөлөргө кайсылар кирерин эске түшүрөт). Андан кийин сабак төмөнкү тартипте улантылат:

Бүгүнкү сабакта биз айкындооч мүчөлөрдүн ичинен **Аныктооч** деген теманы өтөбүз. Айкындооч мүчөлөр ээ жана баяндоочтун айланасына топтолушуп, алардын маанисин аныктап,тактап көрсөтүү үчүн бирөө ээге, экинчиси баяндоочко байланышат.

Мисалы: 1.**Жакшы** окучу-биздин сыймыгыбыз. 2.Окуучулардын кечеси **жакшы** өттү. Биринчи сүйлөмдө да, экинчи сүйлөмдө да **жакшы** деген сөз бирдей формада келип, окшош суроого (кандай?) жооп берди, ошого карабастан, алардын сүйлөмдөгү аткарган милдеттери бирдей эмес. Биринчи сүйлөмдө окучу деген зат атооч байланышып (кандай окуучу?), аныктоочтун милдетин аткарса, экинчи сүйлөмдө өттү деген кыймыл-аракет менен байланышып (кандай өттү?), бышыктоочтун, тагыраак айтканда, сын-сыпат бышыктоочтун милдетин аткарды.

Кээде ушундай окшош формадагы сөздөр бир эле сөзгө байланышса дагы , сүйлөмдүн маанисине карай ар башка милдетти аткарып калат. Мисалы: 1. Мен тулуп-өскөн **айылыма** барам. 2. Мен тулуп өскөн **айылыма** ыраазымын. Биринчи сүйлөмдө да, экинчи сүйлөмдө да **айылыма** деген сөз катышып, экөөндө тең кыймыл-аракет менен байланышты, бирок сүйлөмдө аткарган кызматы эки башка.

Биринчисинде кайда барам?**-айылыма**-орун бышыктооч. Экинчисинде болсо, эмнеге ыраазымын? – айылыма толуктоочтун милдетин аткарды. Демек, айкындооч мүчөлөрдүн айрымдары заттын сын-сыпатын , санын билдирсе, айрымдары кыймыл-аракет менен байланышып, анын ар түрдүү кырдаалын билдирет. Мына ушул өзгөчөлүккө ылайык айкындооч мүчөлөр аныктооч, толуктооч жана бышыктооч деп үчкө бөлүнөт.

Аныктооч зат атооч же заттык маанидеги башка сөздөр менен байланышып, алардын сын-сыпатын, өңү-түсүн, санын жана иретин билдирет. Аныктоочторго кандай? кантип? канча? нече? кимдин? эмненин? деген суроолор берилет. Аныктоочтун милдетин зат атооч, сан атооч, сын атооч жана ат атооч аткарат да, аныктоочтун алды дайыма толкун сызык менен сызылат.

Мисалы: 1. Катуу дабыш тынчтыкты бузат (кандай дабыш? – катуу – аныктооч). Аныктоочтун милдетин сын атооч (катуу) аткарды. 2. Илбирстин тырмагы , карышкырдын тиши – курал (эмненин тырмагы? – илбирстин – аныктооч, эмненин тиши – карышкырдын - аныктооч). Аныктоочтун

милдетин зат атоочтор (илбирстин, карышкырдын) аткарды. 3. Элүүнүн жарымы – жыйырма беш ( канчанын жарымы? – элүүнүн – аныктооч). Аныктоочтун милдетин элүүнүн деген эсептик сан атооч аткарды.
4. Силердин келечегиңер – алдыда (кимдердин келечеги? –силердин – аныктооч ). Аныктоочтун милдетин силердин деген жактама ат атооч аткарды.

Аныктоочтун грамматикалык түзүлүшү төмөнкүдөй болот.

**1.**Толук маанилүү сөздөрдүн айкашынан аныктоочтор жасалат. Мисалы: Биз ушул айылдык жигиттербиз. Кайсы жигиттер? – ушул айылдык- аныктооч. Демек, экөө тең өз алдынча толук маанилүү сөз.

**2.** Толук маанилүү сөз менен кызматчы сөздөрдүн тизмегинен да аныктоочтор жасалат. Мисалы: Түшкө чейинки жумуш бүттү. Кайсы жумуш? түшкө чейинки- аныктооч. Бул сүйлөмдө болсо, аныктоочтун милдетин аткарган сөздүн бири мани берсе, экинчиси өз алдынча турганда эч кандай мани бербейт.

**3**. Туруктуу сөз айкаштары да аныктооч боло алышат. Мисалы: Ак төөнүн карды жарылган күз келди. Кандай күз – ак төөнүн карды жарылган – аныктооч. Мында ак төөнүн карды жарылган деген туруктуу сөз айкашы бардык компоненти менен биригип келип, бир гана суроого жооп берди.

Аныктоочту талдоодо анын асты толкун сызык менен сызылып, төмөнкүдөй грамматикалык белгилерин табууга тийишпиз:

- Кандай суроого жооп берери;
- Заттын кандай белгилерин билдирери;
- Кайсы сөз түркүмүнөн экендиги;
- Кайсы сөз менен байланышып тургандыгы;
- Түзүлүш өзгөчөлүгү.

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуу китебиндеги көнүгүүлөр аткарылат. Андан кийин окуучуларга төмөндөгүдөй өз алдынча тапшырмалар берилет. Класс 3 топ бөлүнөт.

**1-топ үчүн**: Карточкалар таратылат. Берилген сүйлөмдөрдү окуп, маанисин айтып бергиле жана аныктоочту таап, анын эмне үчүн аныктооч экендигин түшүндүргүлө.

Үч нерсенин кадырын үч адам билет:
Жаштыктын кадырын картайган билет.
Ден-соолуктун кадырын оорулуу билет.
Байлыктын кадырын жарды билет.

(Х.Карасаев. «Накыл сөздөр»).

**2-топ үчүн:** Берилген сүйлөмдөрдү окуп, маанисин айтып бергиле жана кара тамга белгиленген сөздөрдүн сүйлөмдөгү аткарган кызматын аныктагыла. **Ак ниет** адамдарга асылгандар көп болот. **Жакшы** адамга бир гана сөз жетет. **Бардык элдин** тилегени-бейкуттук.

3-топ үчүн: Аныктоочтун милдетин сын атооч, сан атооч жана ат атоочтор аткаргандай кылып, сүйлөмдөрдү түзгүлө. (Бул учурда мугалим доскада төмөнкүдөй сүйлөмдөрдү жазат).
1.Эненин мээрими күндөн жылуу. 2. Карынын кебин капка сал. 3. Сөздүн көркү-макалда.

Андан кийин ар бир топтон окуучулар туруп, берилген тапшырманын жоопторун айтышат. Калгандары кемчиликтерин толукташат. Мугалим кайсы топтун кандай иштегендигинин жыйынтыгын чыгарат да, доскада берилген сүйлөмдөргө талдоо жүргүзүп, ээ, баяндооч жана аныктоочту таптырат. Ошондой эле ар бир команда аныктооч болгон сөзгө синквейн түзүшөт. Анын тартиби төмөнкүдөй:

**1-сүйлөм боюнча талдоонун тартиби:**

Эненин мээрими күндөн жылуу. Эненин мээрими кандай?-жылуу-баяндооч, мээрими-сүйлөм ээси, астын бир сызабыз. Кимдин мээрими күндөн жылуу?-эненин-аныктооч, астын толкун сызык менен сызабыз.
Мында аныктооч түзүлүштө болуп, зат атоочтон жасалды. Эми аныктоочтон жасалган сөзгө, тагыраак айтканда, **Эне** деген сөзгө синквейн түзөбүз.

Эне
мээримдүү, өнөрлүү
багат, тарбиялайт, окутат
Эненин турган жери- бейиш
Апа

Калган сүйлөмдөр да ушундай тартипте талданып, синквейндер түзүлөт.
Сабакты суроо-жооп менен бышыктоо:

1.Айкындооч мүчөлөр деп кандай мүчөлөрдү айтабыз?
2.Айкындооч мүчөлөрдүн кандай түрлөрү бар?
3.Аныктооч деген эмне?
4.Аныктоочтун милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарат? Ар бирине мисалдар келтиргиле.
5.Тутумдаш түзүлүштөгү аныктоочтор кандай жолдор менен жасалат? Ар бирине мисалдар келтиргиле.

**Үйгө тапшырма берүү, анын аткаруунун жолун түшүндүрүү.**
**Окуучулардын билимдерин анализдеп баалоо.**
**Күндөлүктөрүнө баа коюу**.

**Сабактын темасы:** **Зат атоочту кайталоо.**

**Сабактын максаты:**

**а) билим берүүчүлүк:** окуучулар зат атоочтун грамматикалык белгилери, жасалышы, энчилүү аттардын жазылышы, таандык жана жак мүчөлөр, алардын өзгөрүшү боюнча алган билимдерин бекемдешет.

**б) Өнүктүрүүчүлүк:** окуучулар морфологиялык талдоого машыгуу менен чыгармачылыгын өнүктүрүп жана сөз байлыгын өстүрүшөт.

**в) тарбиялоочулук:** окуучулар эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфографиялык эрежелер боюнча сабаттуу жазууга тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

а) окуучулар зат атоочтун грамматикалык белгилери, жасалышы, энчилүү аттардын жазылышы, таандык жана жак мүчөлөр, алардын өзгөрүшү боюнча билимдерин бекемдей алса;

б) окуучулар морфологиялык талдоону жүргүзө билсе;

в) эне тилин сүйүп, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөшсө, орфографиянын эрежеси боюнча сабаттуу жазса.

**Сабактын тиби:** окуучулардын алган билимин бышыктоо сабагы

**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдор: Венндин диаграммасы, кластер, синквейн түзүү ж.б.


**Сабактын жабдылышы:** схема-таблицалар.

**Сабактын жүрүшү:**


1. Зат атооч боюнча **аукцион** өткөрүү (окуучулар 2 командага бөлүнөт. Шартын мугалим түшүндүрөт).
2. Класс 3 топко бөлүнүп, **кластер** түзүшөт.

а) жер-суу аттары;
б) жалпы аттар;
в) абстрактуу түшүнүктөр;


**а)**



**б)**


бала
кыз
кемпир
чал
№2 топ жалпы
аттар (адам. байл)
доктор
киши
жумуш
чу
мугалим

**в)**


жакшылык
ой
бакыт
таасир
№3 топ
абстракту
түшүнүктөр
даңк
кыял
сезим
жамандык

Кластер – бул педагогикалык стратегия. Мындай тапшырмалардан окуучулар зат атооч боюнча алган билимин талдап, ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү ачылып, турмушта аны колдонгонго үйрөнүшөт. Логикалык ойлоосу өсөт. Окуучулар кластер түзүп жатканда мугалим доскада кийинки тапшырманы жазып даярдайт.

3. Ырды окуп, маанисин түшүндүргүлө жана белгиленген сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыратып, мүчөнүн кайсы түрү экенин айтып бергиле (команда боюнча)


**а)** Эне тилим-энем, элим, уюткум
Тунук болсом, тилим менен тунукмун.
Улук болсом, тилим менен улукмун.
Э.Ибраев

**б)** Улут болсом, тилим менен улутмун
Анткени тил – ар улуттун улуулугун аныктар
Паспорту да, мандаты да, метиркасы улуттун
Э.Ибраев


**в)** Эне тили, эне сүтүм, таалайым
Ачык турган ак калпагым, маанайым
Кылымдардан кылымдарга кыярбай
Сен өркүндөп, өсүшүңдү каалаймын
С.Жусуев

4. Венндин диаграммасын түзүү (команда боюнча)


а)




**б)**




**в)**



Венндин диаграммасын түзүп жатканда мугалим доскага кийинки тапшырманы жазат.

5. Сүйлөмдөрдү окуп, маанисин түшүндүргүлө. Көчүрүп жазып, зат атоочторго талдоо жүргүзгүлө (команда боюнча)
а) Эненин мээрими күндөн жылуу.
б)Күн карама көлөкөнүн баркын билбейт.
в) Карганын баласы энесине аппак.

6. Берилген схема боюнча мисалдар келтиргиле (команда боюнча)
а) уңгу + сөз жасоочу мүчө
б) уңгу + сөз өзгөртүүчү мүчө
в) уңгу + сөз жасоочу мүчө + сөз өзгөртүүчү мүчө

Окуучулар схема боюнча иштеп жатканда, мугалим кийинки тапшырманы доскага жазат.

7. Берилген сөздөрдөн тиешелүүсүн жак жана таандык мүчөлөр менен өзгөрткүлө.

Ата, эне, дос, эмгек, сабак, Ала-Тоо, келечек, окуучу, Ысык-Көл.

8. Берилген таблица боюнча талкуу (дебат) жүргүзгүлө жана мисалдар менен түшүндүргүлө.

| | | |
|---|---|---|
| Зат атоочтун | лексикалык | зат |
| грамматикалык | морфологиялык | атоочтун |
| белгиси | синтаксистик | жасалышы |

9. Инсерт стратегиясы. Мугалим тест (зат атооч боюнча) таратат. Аны окуп, ар бир абзацка инсерттин белгилерин коюшат (команда боюнча)

| | |
|---|---|
| √ - билем | а) жак категориясы боюнча |
| + - жаңы билдим | б) таандык категориясы боюнча |
| - карама-каршы | в) жасалышы боюнча |
| ? - түшүнүксүз | |

## Зат атоочтун жак категориясы (1-топ үчүн)

1. Биринчи жак менен экинчи жак дайыма адамзаттык атоолор болот. Анткени пикир алышкандар, б.а., сүйлөп жаткандар адамдар гана болушат.ал эми үчүнчү жак адамзаттык заттар да, адамзаттык эмес заттар да боло берет.
2. Кыргыз тилинде адамзатты билдирип, адамзатка тиешелүү болгон зат атоочтор гана жак боюнча өзгөрөт, б.а., жакталат: атамын, студентсиз, окуучусуз, илимпозбуз, Эсемин ж.б.
3. Адамзаттык эмес зат атоочтор жак боюнча өзгөрбөйт, б.а., жакталбайт, себеби тилибизде төөмүн, уйсуң, тоомун деп айтылбайт.

## Зат атоочтун таандык категориясы (2-топ үчүн)

1. Зат атоочтордун кимдир бирөөгө, же кандайдыр бир затка таандык болуп айтылышы таандык категориясы деп аталат. Кыргыз тилинде зат атоочтун таандык мамилелери морфологиялык, синтаксистик жана аралаш жол менен берилет: мектебим, апам, досум, биздин мектеп, сиздин ой, анын китеби, менин максатым, сенин келечегиң ж.б.
2. Жалпы таандык мүчө бирөө эле: -ныкы жалпы таандык мүчө жакты жана санды көрсөтпөйт жана фонетикалык ар түрдүү вариантта өзгөрөт. Ошондуктан анын мааниси абстрактуу болот (атамдыкы=ата+м+дыкы, мектептики=мектеп+тики).
3. Жалпы таандык мүчө жакчыл таандык мүчөдөн кийин улана берет: кызымдыкы, досуңдуку, кызыбыздыкы, досубуздуку.

## Зат атоочтун жасалышы (3-топ)

1. Зат атоочтун мүчөлөр аркылуу жасалышы морфологиялык жол деп аталат. Зат атоочту жасоочу мүчөлөрдү атооч сөздөрдүн зат атооч жасоочу жана этиш сөздөрдүн зат атооч жасоочу деп шарттуу түрдө эки түрдө көрсөтүбүз.
2. **–кана:** ашкана, дарыкана, малкана, китепкана
   -лаш: айылдаш, аталаш, классташ, энелеш
   -лык: балалык, достук, жаштык, тазалык, эрдик
   -чы: бүркүтчү, кампачы, тегирменчи, токойчу
   -гын: качкын, келгин, учкун, өткүн
   -гы: ачыткы, көчкү, шыпыргы, уютку, чалгы.

3. Зат атоочтор эки же андан көп сөздөрдөн биригишинен да жасалат. Мындай сөздөр татаал зат атоочтор болушат. Синтаксистик жол менен жасалган зат атоочторго кош зат атоочтор, кошмок зат атоочтор жана кыскартылган сөздөр кирет.

Татаал зат атоочтор маанилик жактан бири-биринен ажырагыс болот, лексикалык бир гана маанини берет. Сүйлөмдүн бир эле мүчөсүнүн милдетин аткарышат.

4. Кош зат атоочтор: ата-бала, аш-той, алма-өрүк, кыз-келин, оймо-чийме, агайын-тууган, жыйым-терим, жер-суу, күн-түн ж.б.

Кошмок зат атоочтор: жети ата, төө куш, ак куу, бака жалбырак, таш көмүр, сары май, күн карама ж.б.

Кыскартылган зат атоочтор:

КУУ - Кыргыз улуттук университети
ИИМ - Ички иштер министрлиги
ЖК - Жогорку Кеңеш
ЫМУ - Ысык-Көл мамлекеттик университети

**Сабакты жыйынтыктоо:** Командалар боюнча берилген тапшырмалардын жыйынтыгын чыгаруу. Окуучулар тарабынан берилген суроолорго жооп берүү.

Үйгө тапшырма берүү.

Окуучулардын билимин баалоо.

**Сабактын темасы:** **Антонимдер.**

(5-класс үчүн)

**Сабактын максаты:**

***а) Билим берүүчүлүк максаты:*** *Окуучулардын синонимдер жана омонимдер боюнча түшүнүктөрүн бекемдөө менен антонимдер жөнүндө түшүнүк алышат;*

***б) Өнүктүрүүчүлүк максаты:*** *Окуучулардын логикалык ойлоосун өстүрүү менен бирдей уңгулуу жана ар башка уңгулуу антонимдерди үйрөнүшөт;*

***в) Тарбиялык максаты:*** *Топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара түшүнүүгө, эне тилин сүйүүгө тарбияланышат.*

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…**

**а)** карама-каршы мааниде айтылган сөздөрдүн антоним экендигин түшүнүп билсе;

**б)** антонимдер өз ара бирдей уңгулуу жана ар башка уңгулуу антонимдер деп бөлүнөрүн үйрөнсө;

**в)** топтордо иштөөдө бири-бирин сыйлап, өз ара түшүнүшсө;

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди берүү сабагы

**Сабактын методу:** Проблемалык жана интерактивдүү методдор

**Сабактын жабдылышы:** дидактикалык карточкалар, методикалык колдонмолор, ватман, маркер ж.б.

**Сабактын формасы:** класстык сабак

**Сабактын жүрүшү:**

1. ***Уюштуруу***
2. ***Өтүлгөн теманы кайталоо***

Үй тапшырмасын кайталоодо класс топторго бөлүнөт.

**1-топ үчүн:**

1. Синонимдер деген эмне? Ага бир нече мисалдар келтиргиле
2. Ырды окуп, синонимдерди тапкыла жана эмне үчүн синоним экендигин түшүндүргүлө:

*Эгер, эгер, эгерде…*
*Ылдый менен төмөнгө*
*Даяр менен беленге*
*Өлчөм менен ченемге*
*Барам менен келемге*
*Чуңкур менен тереңге*
*Эндүү менен кененге*

*Далай-далай ушундай*
*Жана менен мененге*
*Ырлар менен узартсак*
*Эмне болот дегенде*
*Бар болгону бул – оюн*
*Маанилеш сөздөр – синоним.*

**2-топ үчүн:**

1. Омонимдер деген эмне? Ага бир нече мисалдар келтиргиле
2. Омоним менен көп маанилүү сөздөрдөгү окшоштук жана айырмачылыкты мисал келтирүү менен айтып бергиле.
3. **Күз** деген сөз көп маанилүүбү же омонимби? Далилде!

**3-топ үчүн:**

1. Сүйлөмдөрдү окуп, асты сызылган сөздөрдүн кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендигин аныктагыла.
2. Буларды синоним деп эсептейсиңерби же омонимби? Себебин түшүндүргүлө.

*Жерге тоң түштү. Күн караган суукка тоңот. Ой – сөздүн сандыгы. Ой да, тоо да, бүт карга чулганган. Ал олуяларга ишенчү эмес. Карылардын насаатын угуп ал.*

**4-топ үчүн:** Берилген сөздөрдүн синонимдерин тапкыла.

*муң – чер – кайгы – капа – санаа*
*мурунку –*
*ири –*
*иш –*
*түс –*
*казык –*

Окуучулар топ-топ болуп иштеп жатканда мугалим доскага төмөнкү сүйлөмдөрдү жазат.

*1. Балалуу үй – базар, баласыз үй – мазар.*
*2. Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт.*
*3. Көңүлдөгү сырды көз билет.*

Ар бир топ карточкалардагы суроолорго жооп берет. Мүмкүн болушунча 3-4 окуучу сүйлөгөндөй болсун.

Андан кийин баары досканы карап, сүйлөмдөрдү окуп, омонимдерди таап, маанисин, кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендигин айтып беришет.

**Жаңы тема: Антонимдер**

**Мугалимдин сөзү:**

Карама-каршы мааниде айтылган сөздөр *антонимдер* деп аталат. Ал грек тилинин anti (каршы) жана anata (ат) деген сөзүнүн алынган. Антонимдер өз ара *ар башка уңгулуу* жана *бирдей уңгулуу* болуп экиге бөлүнөт. Мисалы: ар башка уңгулуу антонимдерге *күн-түн, катуу-жумшак, батыш-чыгыш, кең-тар, баатыр-коркок, калп-чын* ж.б. кирет. Бирдей уңгулуу антонимдерге *абийирдүү-абийирсиз, адептүү-адепсиз, алдуу-алсыз, тааныш-бейтааныш* ж.б. кирет.

Окуу китебиндеги көнүгүүлөр иштелет.

**276-көнүгүүнү оозеки аткаруу.** Кара тамга менен басылган сөздөрдүн маанилерин аныкта.

*1. **Сыртында** кырк градус аяз болуп, бирок **ичинде** көйнөкчөн жүрө беришет. 2. Суу сөөк какшатып **муздак** эмес, дымыктырып **ысык** экен. 3. **Берген** март эмес, **алга**н март. 4. **Жакшылык** кылсаң, **жамандык** ойлонот.*

Андан кийин класс топторго бөлүнүп, төмөнкүдөй өз алдынча жумуштар аткарылат:

**1-топ үчүн:** Берилген сөздөрдүн антонимдерин таап айтып бергиле.

*Бай, жашырын, улуу, таза, кий, ары, асты, бар.*

Булар бирдей уңгулуубу же ар башка уңгулуу антонимдерге киреби?

**2- топ үчүн:** Антонимдерге кластер түзгүлө.




**3-топ үчүн:** Берилген сүйлөмдөрдү окуп, маанисин түшүндүргүлө жана антонимдерди тапкыла.

1.*Жаман* адам белгиси – өз камы үчүн *жүгүрөт*,
*Жакшы* адам балгиси – эл камы үчүн *күйүнөт.*
2.*Тууганына* батпаган, *душманына* жалынат.

**4-топ үчүн:** Ырды көркөм окуп, антонимдерди тапкыла. Алар бирдей уңгулуубу, же ар башка уңгулуу антонимдерби? түшүндүргүлө.

*Күн* менен *түн* сыяктуу,
Кээде *кара*, кээде *аппак.*
Кээде турмуш *уу* берет,
*Ачуусуна* караба.
Кээде турмуш *кант* берет,
*Таттуусуна* караба.

(А.Осмонов)

4 топ өз алдынча иштеп жатканда мугалим доскага ыр жазылган плакатты илет:

Бири *кургак*, бири *суу*
Бири *ширин*, бири *уу*
Бири *бийик*, бири *пас*
Бири *кары*, бири *жаш*
Бири *салкын*, бири *дем*
Бири *ашык*, бири *кем*
*Оң-тетири* бул дүйнө

(Т.Касымбеков «Келкел»)

Ар бир топ карточкадагы суроого жооп беришет. Командадан 1 гана окуучу эмес, 4-5 окуучу жооп берсе жакшы болот. Андан кийин окуучулар доскага карап, плакаттагы ырды көркөм окуп, антонимдерди таап беришет.

**Доскада жазып иштөө.**

*1.Билимдүүгө* дүйнө жарык,
*Билимсиздин* күнү карып.
*2.Берген март эмес, алган март.*
*3.Жакшылык* кааласаң,
*Жамандык* ойлонот.
4.Өмүр деген – жарык күн
Өлүм деген – кара түн.
Өмүр – жандын өмүтү,
Өлүм – жандын күйүтү.

Сабакты суроо-жооп менен бышыктоодо мугалим кайтарым-байланыш методунун негизинде класска *биз бүгүн эмнени үйрөндүк?* деген суроону берип, окуучулар үйрөнгөндөрүн айтып беришет.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Үйгө тапшырма берүү**

**Окуучулардын билимин баалоо**

**Сабактынтемасы:** **Сөздүн составдык бөлүктөрү боюнча кайталоо.**

(5-класс).

**Сабактын максаты:**

| **билим берүүчүлүк** | **Өнүктүрүүчүлүк** | **тарбия берүүчүлүк** |
|---|---|---|
| 1. Уңгу, мүчө, алардын мүнөздүү белгилери боюнча түшүнүктөрүн тереңдетишет;<br>2. Зат атооч, анын грамматикалык белгилери боюнча билимдерин бышыкташат;<br>3. Жөнөкөй жана татаал, энчилүү жана жалпы заттар, алардын жазылышы боюнча билимдерин бекемдешет. | 1. Сөз составы боюнча талдоого үйрөнүшөт;<br>2. Сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү мүчөлөр боюнча түшүнүктөрүн бышыкташат жана айырмасын үйрөнүшөт. | 1. Эне тилин сүйүүгө, туура сүйлөөгө, сабаттуу жазууга, топто бири-биринин пикирин угууга, сылык болууга тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр:**
**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу…**

| | | |
|---|---|---|
| 1. Уңгу, мүчө, аларга мүнөздүү белгилерди айтып бере алса;<br>2. Зат атоочтун лексикалык, морфологиялык жана синтаксистик белгилерин түшүндүрө алса;<br>3. Жөнөкөй жана татаал, энчилүү жана жалпы аттар, алардын жазылышын өздөштүрө алса. | 1. Сөздөрдү уңгу, мүчөгө туура ажырата алса;<br>2. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү так айырмалай алса. | 1. Эне тилин сүйүп, туура сүйлөсө, топто бири-бирин угуп, сылык мамиледе болсо. |

**Сабактын тиби:** алган билимди кайталоо сабагы

**Сабактын методу:** интерактивдүү методдор

**Сабактын формасы:** чакан топтор менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** ватман, маркер, таблица ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу**
**2. Өтүлгөн теманы кластер түзүү менен кайталоо**

**1-топ:** - уңгу, анын мүнөздүү белгилери;
- мүчө, анын белгилери боюнча кластер түзөт.
**2-топ:** - сөз жасоочу мүчөлөр;
- сөз өзгөртүүчү мүчөлөр боюнча кластер түзөт.
**3-топ:** - зат атооч, анын грамматикалык белгилери боюнча кластер түзөт.
а) морфология б) синтаксис

Топтор өз алдынча иштеп жатканда мугалим доскада төмөнкүдөй сүйлөмдөр жазат:

1. *Эненин мээрими күндүн жылуу*
2. *Талаага сөздү экпейт, үрөндү эгет*
3. *Улуттун уюткусу, булагы – айылда.*

(3 топ бирден сүйлөм алып, маанисин айтып беришет жана зат атоочторду таап, уңгу, мүчөгө ажыратат.)

Ар бир топко чакан тексттер таратуу.

**1-топ үчүн:** Биздин жаратылыш кооз жана жарашыктуу. Тоолорубуздагы Сары-Челек, Соң-Көл, Чатыр-Көл деген көлдөрдүн суулары тунук. Борбор шаарыбыз – Бишкек. Республикабыз жети областтан турат: Ош, Талас, Ысык-Көл, Жалал-Абад, Чүй, Нарын, Баткен.

**2-топ үчүн:** Саякбай Каралаев өмүрүнүн 60 жылын «Манаска» арнап, «Манас» эпосунун үч бөлүмүн толук жаздырууда тоодой эмгек кылган. Башка манасчылар сыяктуу эле С.Каралаев өзүнүн

манасчылык кесибин түш көрүү менен баштайт. Саякбайдын түшүнө Манас эки жолу кирет. Ал гана эмес, Каныкей, Бакай, Алманбеттер менен сүйлөшкөн.

С.Каралаев Ысык-Көл областындагы Ак-Өлөңдүн Семиз-Белинде туулган. Манасчынын балалык күндөрү ошол айылда өткөн.

**3-топ үчүн:** Тарыхый эстеликтер өткөн замандагы турмушту баяндайт. Таластагы Манастын күмбөзү, Оштогу Бабырдын үйү, Ат-Башыдагы Таш-Рабат, Кошой-Коргон, Ала-Букадагы Шах-Фазилдин күмбөзү, Өзгөндөгү жана Токмок шаарынын жанындагы мунаралар өткөн замандан калган эстелик болуп саналат.

(Ар бир топ, тексттин мазмунун айтып, энчилүү аттарды таап, алардын жазылышын айтып беришет.)

3 топ текст менен иштеп жатканда мугалим доскага төмөнкүдөй сөздөрдү жазат:

*Ачыткы, сабакка, токойчу, энем, кампачы, дарыкана, жоокерчилик, суугa, окуучунун, чоорчу, базарла, тоодон, мектебим, аткана, ырчы, оймок, самында, мугалимге, досуң, иймек, атама, көлгө, балалуу, баскыч, көлчүк ж.б.*

(Мындан 1-топ сөз жасоочу мүчө уланган сөздөрдү, 2-топ сөз өзгөртүүчү мүчө уланган сөздөрдү таап жазышат жана уңгу, мүчөгө ажыратышат.

3-топ үчүн

а) Берилген сөздөрдүн этиштен жасалган зат атоочторду таап, бөлүп жазгыла.

*Ачкыч, сабакка, токойчу, билим, энем, кампачы, басым, дарыкана, мектебим, оймок, баскыч, самында, үймөк, бакчы, басма, арабакеч, сузгу, өнөрпоз, чалгы, үйсүз, манасчы, кызматчы, суучул, жаздык, урчук, өтүкчөн, шыпыргы, укта.*

б) Тандалган сөздөрдү уңгу мүчөгө ажыраткыла.

Бул учурда мугалим доскага төмөнкүдөй ырды жазат (ката жазуу керек):


*Керилген чалкак чалкак кең тянь шань,*
*Жыргаган Алатоо Элиң да шаң.*
*Ысыккөл, Ысык-ата, Жалалабад*
*Ырааттуу туш тушуң Бары арашан.*

(Жалпы класс доскага карап, ар бир сабындагы каталарды оңдоп жазышат жана эмне себептен андай жазыларын түшүндүрүп беришет).

**Туурасы:**

Керилген чалкак-чалкак кең Тянь-Шань,
Жыргаган Ала-Тоо элиң да шаң.
Ысык-Көл, Ысык-Ата, Жалал-Абад,
Ыраттуу туш-тушуң баары арашан.

Андан кийин мугалим доскага мурдатан даярдалган таблицаны илет. Окуучулар менен дебат (талкуу) өткөрөт.



**Сабакты жыйынтыктоо:**

**Үйгө тапшырма берүү, аны аткаруунун жолун түшүндүрүү.**

**Окуучулардын билимдерин анализдеп баалоо.**

**Күндөлүктөрүнө баа коюу.**

**8-класс, 2-чейрек**

**Сабактын темасы**: **Сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору.**

**Сабактын максаты:**

**А) Билим берүүчүлүк**: Окуучулардын сөз айкашы, алардын түрлөрү, багындыруучу жана багыныңкы сөздөр жөнүндөгү түшүнүктөрүн бекемдөө менен, сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн оз ара байланыш жолдорун үйрөнүшөт.

**Б) Өнүктүрүүчүлүк**: Сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн өз ара маани жактан жана грамматикалык жактан байланышарын, багыныңкы байланыштын түрлөрүн түшүнүшөт. Сөз айкашы боюнча талдоо жүргүзө билүүгө машыгышат.

**В) Тарбия берүүчүлүк**: Окуучуларды эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга, топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлоого тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу:**

**А)** сөз айкашы, алардын түрлөрү, багыныңкы жана багындыруучу түгөйлөр жөнүндөгү билимдерин бекемдей алса, сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдорун (ээрчишүү, таандык, ыкташуу, башкаруу) өздөштүрө алса;

**Б)** сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн маанилик жактан жана грамматикалык жактан байланышарын, ошондой эле багыныңкы байланыштын түрлөрүн үйрөнсө, сөз айкашы боюнча толук талдоо жүргүзүүгө жетише алса;

В) эне тилин сүйүп, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөсө, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жаза алса жана топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашса.

**Сабактын тиби:** жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын методу**: проблемалуу метод жана интерактивдүү методдордун айрым стратегиялары.
**Сабактын жабдылышы**: дидактикалык карточкалар, таблица жана схемалар.
**Сабактын жүрүшү**: 1.Уюштуруу
2.Өтүлгөн теманы кайталап, үйгө берилген тапшырманы текшерүү

1. Сөз айкашын тил илиминин кайсы бөлүмү окутат?
2. Сөз айкашы деген эмне? Ага мисалдар келтиргиле.
3. Сөз айкашы менен сүйлөмдүн кандай айырмасы бар деп ойлойсуңар? Алгач сөз айкашын түзүп, анан аны сүйлөмгө айландыргыла. Эмнени байкадыңар?
4. Эмне үчүн толук маанилүү сөз менен кызматчы сөздүн тизмеги сөз айкашы боло албай тургандыгын түшүндүргүлө.
5. Сөз айкашынын тутумундагы багындыруучу жана багыныңкы сөздү кантип аныктоого болот? Мисал менен түшүндүргүлө.

**Мугалимдин сөзү**: Ошентип биз өткөн сабакта сөз айкашы, анын түрлөрү жөнүндө терең үйрөнгөнбүз. Демек, сөз айкашы болуш үчүн толук маанилүү эки же андан көп сөз катыштарын, алардын бири, тагыраак айтканда, ойдун негизин ээлеп турган сөзү багындыруучу, ага көз каранды бөлүгү багыныңкы сөз болорун билдик. Эгерде толук маанилүү сөз менен кызматчы сөздөр айкашса, сөз айкашы боло албай тургандыгын (келечек тууралуу мектепти көздөй, тартип жөнүндө ж.б.), сөз айкашы болуш үчүн дагы бир толук маанилүү сөз талап кылынарын (келечек тууралуу, ойлонуу, мектепти көздөй басуу, тартип жөнүндө сүйлөшүү ж.б.) жакшы билебиз. Бүгүнкү сабакта силер менен «Сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору» деген теманы өтөбүз.

**Жаңы тема**: (сабакка даярдалган таблица доскага илинет) Сөз айкашынын тутумундагы сөздөр өз ара маанилик жактан жана грамматикалык жактан байланышат. Маанилик байланыш болгондо, негизги (багындыруучу) сөз багыныңкы сөздөн кийин келип, экөө өз ара маанилик жактан байланышып турушат. Мисалы: сүйүктүү мугалим, тартиптүү окуучу, кызыктуу китеп ж.б. Сөздөр грамматикалык жактан байланышканда, багыныңкы сөзгө жөндөмө мүчөлөр уланат же кызматчы сөздөрдүн тизмектеле келүүсү менен

айтылат. Мисалы: мектепке келүү, сууну көздөй басуу, сабактан чыгуу ж.б. Багыныңкы байланыштын ээрчишүү, ыкташуу, таандык, башкаруу деген жолдору бар.
Багындыруучу сөз менен багыныңкы сөз жөндөмө мүчөлөрдүн жардамы менен эмес, жөн гана маанилик жактан байланышып турса, ыкташуу байланышы деп аталат. Мисалы: калың токой, кызыктуу сабак, чон бөлмө, тартиптүү окуучу ж.б. Башкаруу байланышында болсо, багындыруучу сөз багыныңкы сөздүн барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдү турушун талап кылып башкарат. Ошондуктан байланыштын бул түрү башкаруу деп аталат. Мисалы: сабакка келүү, китепти алуу, тоодо болуу, шаардан чыгуу ж.б. Таандык байланышта болсо, багындыруучу сөз илик жөндөмөсүндө+, багыныңкы сөзгө 3-жактын таандык мүчөсү уланат. Мисалы: мектептин окуучусу, Ысык-Көлдүн жээги, тоонун абасы ж.б. Башкача айтканда, окуучу мектепке, жээк Ысык-Көлгө, аба тоого таандык дегенди түшүндүрөт. Ээрчишүү байланышында ээни баяндооч сан, жак, түр боюнча ээрчип турат, ошондуктан ээрчишүү байланышы деп аталат. Мисалы: күн чыкты, сабак башталды, күз келди ж.б. Байланыштын мына ушул түрүн өзгөчө катыштагы сөз айкашы дейбиз, себеби алар сүйлөмдүк катышта турушат.

**Окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү иштөө, карточкалар таратуу ж.б.**

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар менен төмөндөгүдөй өз алдынча жумуштар аткарылат:
Берилген схема боюнча сөз айкаштарын түзүп, анын тутумундагы сөздөрдүн кандай жолдор менен байланышкандыгын түшүндүрүп беришет.
**1-топ**: зат атооч + этиш (киного келүү…)
**2-топ**: зат атооч + зат атооч (эненин мээрими…)
**3-топ**: сын атооч + зат атооч (үлгүлүү кыз…)
Топтор өз алдынча схема боюнча иштеп жатканда, мугалим доскада кийинки тапшырманы даярдайт. Берилген мисалдардын кайсынысы сөз кайсынысы сөз айкашы экендигин өз-өзүнчө бөлүп аныкташат (оозеки).
Ысык-Көл, Ысык-Көлдүн жээги, Ала-Тоо, Ала-Тоонун абасы, темир жол, келечек тууралуу, бака жалбырак, кызыктуу китеп, берекелүү күз, тоону көздөй, чоң бөлмө, ак карлуу тоо, апамдын белеги, кол кап ж.б.
Схема боюнча ар бир топтун аткарган тапшырмалары текшерилет жана доскада берилген мисалдардан сөз айкаштарын табышат, эмне

үчүн алар сөз айкашы болорун, же болбой тургандыгын аныктап беришет.
Кийинки тапшырмада окуучулар топ боюнча иштешет
**1-топ**: «Күз» деген сөзгө синквейн түзүү:

- бир сөз менен зат атооч;
- эки сөз менен сын атооч;
- үч сөз менен этиш;
- төрт сөз менен зат атоочко карата фраза же сүйлөм же макал-ылакаптардан табышат.

**2-топ**: «Күз» деген сөздүн каалаган сөз айкаштарын түзүү.
Канчалык көп сөз айкаштары түзүлсө, ошончолук жакшы.
**3-топ**: Күз жөнүндөгү макал-ылакаптардан айтып, маанисин түшүндүрүшөт. Табышмактардан айтып, же болбосо, күз жөнүндөгү ырлардан хор менен аткарып берсе да болот.
**Эскертүү:** Бул тема өтүлүп жаткан учурда кайсы мезгил болсо, синквейн ошол мезгилге түзүлөрүн мугалим эсине алышы керек.
Бул учурда мугалим доскада төмөнкүдөй сүйлөмдөрдүн жазып, кийинки тапшырманы даярдайт:
Чириген тактайга мык кагылбайт. Акылдуунун ары бар. Таздан тарак сурабайт. Ала көөдөндөн акыл сурабайт. Каткан балыкта кан болбойт.
Жогоруда берилген сүйлөмдөрдү сөз айкаштарына бөлүп, багындыруучу жана багыныңкы сөздөрдөн байланышуу жолдорун аныкташат. Ошону менен бирге эмне үчүн ыкташуу, эмне үчүн башкаруу, таандык же ээрчишүү экендиктерин түшүндүрүп, сөз айкашы боюнча жазып, толук талдашат.
Сабакты суроо-жооп менен бышыктоо **кайтарым байланышынын** негизинде ишке ашырылат.
Мында мугалим класска «Биз бүгүн эмнени үйрөндүк?» деген суроо берет. Окуучулар болсо, билгендерин ирети менен, бирин-бири кайталабай айтып чыгышат.
Окуучулар тарабынан кетирилген кемчиликтерди мугалим сабакты жыйынтыктоо учурунда айтып, толуктайт.
Үйгө тапшырма берүү, аны аткаруунун жолун түшүндүрүү.
Окуучулардын билимдерин анализдеп, баалоо менен күндөлүктөрүнө баа коюу.

**Ж.А.Түмөнбаева**
**К.Тыныстанов атындагы**
**ЫМУнун окутуучусу**

# Б-22 тайпасына кыргыз тили боюнча өткөрүлгөн ачык сабактын иштелмеси

**Сабактын кептик темасы – Боз үй**
**Сабактын грамматикалык темасы – Кызматчы сөздөр. Байламта.**

**Сабактын максаттары:**
**А) билим берүүчүлүк максаты**

Студенттердин боз үй тууралуу буга чейин ээ болгон маалыматтарын кеңейтүү, боз үйдүн жасалышы, жыгачтары, өрө кийиздери, боз үйдүн ички жана сырткы жасалгалары, боз үйдүн тигилиши жана чечилиши, боз үйдү сактоо боюнча кеңири маалыматтарды берүү. Боз үй кыргыз элинин турак жайы гана болбостон, улуттук маданиятынын кенчи, көчмөндөр архитектурасынын жана элдик колдонмо өнөрдүн туу чокусу, сыймыгы деген түшүнүктү студенттерде калыптандыруу.

Кызматчы сөздөр, алардын түрлөрү, байламталар боюнча студенттердин буга чейинки алган билимдерин эсине салуу жана тереңдетүү. Байламталардын түрлөрү боюнча маалымат берүү, колдонулушун түшүндүрүү.

**Б) Өнүктүрүүчүлүк максаты**

Студенттердин өз көз карашына ээ болуп, аны эркин бере билүүгө, көз карашын коргой алууга, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу айта билүү жана жаза билүү көндүмдөрүнө ээ болууга көмөктөшүү.

Сүйлөмдүн жана тексттен кызматчы сөздөрдү тура таба билүү, алардын түрлөрүн аныктай алуу, аларды оозеки жана жазуу кебинде тура колдонуу билгичтиктерин өнүктүрүүлөрүнө багыт берүү.

**В) тарбия берүүчүлүк максаты**

Студенттерди улуттук маданиятыбыздын эң сонун үлгүсү болгон боз үйдү баалоого, аны сактоого жана кийинки муундарга өткөрүп берүүгө замандаштарга көмөктөш болууга, боз үйдүн ар бир бөлүгүнө боз үйгө тиешелүү ар бир буюмга уз-усталардын баа жеткис,

түйшүктүү эмгеги катары урмат-сый менен мамиле кылууга тарбия алуусуна жетишүү.

**Сабактын тиби –** Стандарттуу эмес сабак (жуптарда иштөө)
**Сабактын түрү –** Жаңы билимди берүү сабагы.

**Окутууда колдонулуучу усулдар, стратегиялар:**
«ИНСЕРТ» стратегиясы, кайчылаш дискуссия

**Баалоо усулу**: Өз ара баалоо, түздөн-түз байкоо

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, флипчарттар, А4 формасындагы барактар, карточкалар, маркерлер, слайддык материалдар, боз үйдүн макети, буклет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматалиев А.  Боз үй. – Фрунзе: Кыргызстан,1982.
2. Акматалиев А.  Жыгаччылык. – Фрунзе: Кыргызстан,1985.
3. Акматалиев А.  Кыргыз кол өнөрчүлүгү. – Бишкек,
4. Кыргызстан. Улуттук энциклопедия. Бишкек, 1-том 2006, 2-том 2007.
5. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология. – Фрунзе: Мектеп, 1980.
6. Сатышева Г. А., Мусакеева М. О., Кыргыз тили. Окуу куралы. – Каракол, 2001.
7. Юдахин К. К. Кыргызча-орусча сөздүк. – Фрунзе, 1961.


**Илимдер аралык байланыш** – Тарых, этнография, фольклористика илимдери.

**Сабактын жүрүшү**

1) **Уюштуруу**

Студенттер менен саламдашуу, алардын көңүлүн топтоп, сабакка буруу. Саноо жолу менен студенттерди жуптарга бөлүү.

2) **Өтүлгөн теманы кайталоо**

**Үй тапшырмасын текшерүү**

«Боз үй» темасы кайталанат. Үйгө боз үйгө байланыштуу ырлар жана табышмактар, грамматика боюнча жандоочторду

катыштырып, боз үйгө байланыштуу сүйлөмдөрдүн түзүп келүү тапшырмасы берилген. Сүйлөмдөрдү окутуп, доскага жаздыртуу аркылуу үй тапшырмасы текшерилет.

***Үй тапшырмасын кайталоо үчүн суроолор:***

1. Жандоочтор деген кандай сөз түркүмү?
2. Жандоочтордун кандай түрлөрү бар экен?
3. Жандоочторго мисалдар келтиргиле.

**3) Жаңы теманы түшүндүрүү**

Балдар биздин бүгүнкү сабагыбыз - көчмөндөр архитектурасынын жана элдик колдонмо өнөрдүн туу чокусу болуп эсептелген боз үй жөнүндөгү экинчи сабагыбыз. болмокчу.

Ал эми сабагыбыздын грамматикалык темасы – Кызматчы сөздөр, анын ичинен байламта.

Сабагыбыздын жүрүшүндө иштеген иштерибиздин жыйынтыгын, жоопторубузду обьективдүү баалап отуруу үчүн жуптарга «3», «4», «5» деген бааларды тапшырам. Силер жуптардын ар бир тапшырманы кандай аткарып жаткандыгын кунт коюп угуп, андан кийин өз ойлоруңарды кошумчалап, баалап отурушуңар керек. Бирок мында албетте башка пикирлерди да сыйлоону унутпашыңар керек.

Алгач грамматикалык темага көңүлүбүздү буруп, тушүнүп алалы да, андан соң кептик тема боюнча билгендерибизди байыталы.

(Грамматикалык тема слайддын жардамы менен түшүндүрүлөт).

## Кызматчы сөздөр. Байламта

### Кызматчы сөздөр.

Кызматчы сөздөр өз ичинен үч сөз түркүмүнө бөлүнөт:*1) байламталар, 2)жандоочтор, 3) бөлүкчөлөр.*

### Байламталар

Сөздөрдү, соз айкаштарын, татаал сүйлөмдүн составындагы бөлүктөрдү өз ара тутумдаштырып, алардын маанилик катышын жана синтаксистик байланышын билгизген кызматычы сөздөр байламталар деп аталат. Ага төмөндөгүдөй сөздөр жана туруктуу сөз айкаштары кирет: ***жана, да, а, бирок анткени, себеби, же, антсе да, ошентсе да*** ж.б.

### Байламталардын түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.

Байламталар морфологиялык түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт. Бир сөздүн турган байламталар жөнөкөй

байламталар деп аталат: **жана, да, же, а, бирок, анткени, себеби, эгер//эгерде, не, болбосо, ошондуктан, андыктан** ж.б.

Эки же андан көп сөздөрдүн тизмегинен турган байламталар татаал байламталар болот**: анткен (и) менен, ошенткен (и) менен, антсе да, ошентсе да, ошол себептен, ошол себептүү, ошондон улам, ошон үчүн, ошону менен бирге, же болбосо, неге десең** ж.б.

**Байламталардын маанисине карай бөлүнүшү.**

Байламталар маанисине карай алты топко бөлүнөт.

1) **Байланыштыргыч байламталар.** Бул топко кирүүчү байламталар синтаксистик жактан бир өңчөй, бири-бирине багынбаган элементтерди (сөздөрдү, сөз айкаштарын жана сүйлөмдөрдү) өз ара байланыштырат. Мындай байламталар болуп **жана, ары//нары, менен, да** байламталары эсептелет. Мисалы: Биздин шаарыбыз көрктүү **жана** таза. Сүйүнтбек **ары** сөзмөр, **ары** ишмер. Кычыраган кыш келди **да**, жер бети, айлана ак кар жамынды.

2) **Ажыраткыч байламталар: же, же болбосо, болбосо, мейли.** Булар тең байланыштагы сөздөрдү, сүйлөмдөрдү бири-биринен ажыратып, алар аркылуу туюндурулган нерселердин, көрүнүштөрдүн бири, болбосо бир нечеси болорун, же кезектешип турарын, кээде каршы коюларын билдирет. Мисалы: Ал бүгүн **же** эртең келет. Ал адам **мейли** кайгы жүрөгүн жаралап турабы, **мейли** кубанычынан маңдайы жарылып турса да бизге дайыма бирдей мамиледе.

3) **Каршылагыч байламталар: бирок, антсе да, ошентсе да, анткен (и) менен, ошенткен (и) менен, ошондо да, а, деген менен, ошондой болсо да, андай болсо да.** Бул байламталар мурунку сүйлөмдөгү ойдон соңку сүйлөмдөгү ойго маани жактан карама-каршы келе тургандыгын билгизет: Сен аякка барсаң бар, **бирок** андан эмне иштейсиң? Билим алуу бүгүнкү күндү кымбатка турат, **ошондой болсо да** жаштардын билимге умтулгандыгы кубандырат.

4**) Себеп байламталар: анткени, себеби, неге десең, эмне үчүн дегенде.** Булар өздөрүнүн кийинки жөнөкөй сүйлөмгө тиешелүү болуп, анын себеп маанисинде экендигин ачык-айкын билгизип турат: Эгин мол болду, анткени дыйкандар мыкты эмгектенишкен. Көркөм чыгарманы жаратуу укмуштай оор, **неге десең** ал билимди да, шыкты да, талантты да талап кылат.

5) **Натыйжалагыч байламта: ошондуктан, андыктан, ошол себептен, ошол үчүн, ошол себептүү.** Булар өздөрүнүн кийинки жөнөкөй сүйлөмдү ачык айкын натыйжалык мааниге ээ кылат. Мисалы: Турмуштун таразасы – калыстык, **андыктан** калыстыкты урматтай билелик.

6) **Шарттуу байламта: эгер//эгерде.** Булар баш сүйлөмдөгү иш-аракеттин канткенде ошондой болу же болбоо шартын билгизет: **Эгерде** кимде-ким жалындаган күч-кайратын Мекен үчүн арнаса, ал сөзсүз бактылуу болот

**Сабакты бышыктоо**

1. Кана, байламталарга бозүй, кол өнөрчүлүккө байланыштуу мисалдардан келтиреличи. (Студенттер мисалдар келтиришет).

**Боз үй боюнча өтүлгөндөрдү эске түшүрүү үчүн суроолор берилет:**

1. Боз үй жөнүндө эмнелерди билдиңер?
2. Эмне үчүн боз үй конус формасында?
3. Боз үй кандай бөлүктөрдөн турат?
4. Боз үйдүн ичи кандай бөлүктөргө бөлүнөт.

**1-тапшырма**

Биз өткөн сабагыбызда боз үй боюнча жалпы гана үстүртөн маалымат алганбыз. Маалыматтарыбызды тереңдетүү максатында азыр «Инсерт» стратегиясы менен иштейбиз. Бул стратегия менен көп эле иштеп жүрөбүз.

Ошентсе да мен ал эмне деген стратегия экенин, шарттарын кайрадан эсиңерге салып коеюн

Сабакка ынтызарлыкты өстүрө турган жана текстти курулай окубастан, аны ой жүгүртүп окууга тарта турган стратегия катары ИНСЕРТ (Воган ана Эстес – 1986 – стратегиянын англис тилиндеги аталышынын баш тамгалары боюнча кыскартылган) методун айтса болот. Анын кыргызча мааниси «натыйжалуу окуганга жана жазганга жардам бере турган интерактивдүү белгилердин системасы» дегенди билдирет.

ИНСЕРТ стратегиясын «белги коюп окуу» ыкмасы деп да атаса да болот. Анткени текстти окуу негизинен төмөнкү белгилердин жардамы менен ишке ашат:

«V» - окуган маалыматты студент билсе же биллем деп эсептесе, ошол маалыматтын тушуна «V» (ооба) белгисин коет;

«+» - окуган маалымат студентке жаңылык болсо, анда «+» (кошуу) белгиси коюлат;

«-» - бул белги окучу же студент билген же биллем деп эсептеген

нерселерге карама-каршы келсе «-» (алуу) белгиси коюлат;

«?» - окуган маалымат студент үчүн түшүнүксүз болсо же ал жөнөндө кеңири жана жаңы тема боюнча суроолору болсо «?» (суроо) белгиси коюлат.

Текстке көрсөтүлгөн белгилерди (V, +, -, ?) коюп окугандан кийин ар бир студент өзү койгон белгилер боюнча таблица түзөт. Акырында окулган текст боюнча талкуу жүргүзүлөт жана мугалим студенттердин «?» белгисин койгон учурларга токтолуп, суроолоруна жооп берет. Текстке белги коюп окууда окуучулардын жаш өзгөчөлөгүн эске алып, айрым гана белгилерди (мисалы, «V» жана «+» белгилерин) коюп окуса да болот.

Кыргыздардын баа жеткис материалдык мурасы болгон боз үйү тууралуу төмөндөгүдөй жаңы маалыматтарды камтыган төмөндөгүдөй төрт түрдүү тексттер жуптарга таратылат.

.

***1-текст*** **Кыргыз боз үйү**

*Кыргыздардын материалдык маданиятынын эң мыкты көрүнүштөрүнүн бири «боз үй» болуп эсептелет. Ал көчмөндөр архитектурасынын жана элдик колдонмо өнөрдүн туу чокусу. Мындан тышкары ал көчмөн турмушка эң сонун ылайыкташтырылган: түзүлүшүнүн жеңилдиги, жөнөкөйлүгү, көчүп-конууга ыңгайлуулугу, бардык сезондорго жарактуулугу ж.б. – анын айнызгыс мыкты сапаттарына жатат. Боз үй жыгач конструкциядан турган: ал тегерек форманы берген жазылып-жыйылуучу бир нече бөлүктүү «керегеден» турган. «Кереге» айрым «канаттардан» туруп, аларга бекитилген «ууктар» боз үйдүн төбөсүн – «түндүктү» тиреп турган. «Канаттар» кошулган жерге босого орнотулуп, ага эки жактуу «каалга» бекитилген. Керегелерди айланта жип чырмалаган «чий» каланып, ал кийиз туурдуктар менен жабылган. Боз үйдүн көлөмү «канаттардын» санына жараша болгон, салыштыра келгенде «алты канат үй» же ийилген учу – «ууктун алаканы» керегенин ача учтарына беитилип, «ууктун учу» түндүктүн тешиктерине тирелген ууктардын санына жараша – «жүз баштуу», «сексен баштуу», «алтымыш баштуу үй» деп аташкан, мында «баш» деген сөз керегенин учтарын – «керегенин башын» билдирет. Керегенин сапатына жараша боз үйдү «тор көз», «жел көз», «ара көз» деп бөлүшкөн. Эгерде керегенин көзү – «тор көз» болуп майда болсо, боз үй өзгөчө бекем жана сапаттуу болгон. Боз үйдүн жасалгаларына «кереге чалгыч» - керегенин башын айланта карматылган тасма, «уук боосу» - уукту керегеге байлоочу*

*жип, «чырмоок чий» - түстүү жиптер менен чырмалган чий, «жабык баш», «тегирич» - боз үйдүн ичинде уук ийилген жерден ылдыйлата кеткен терме тасма, керегеге жабылган «туурдук», ууктарга жабылган өзөк кирген. «Конок үй» болгон боз үйдүн жасалгасы тышкы жана ички көрүнүшүнүн кооздугу, анын бөлүктөрүнөн сапаттуулугу менен айырмаланган.*

*Боз үйдөгү тиричилик мейкиндиги өтө кызыктуу уюштурулган. Ал төрт бөлүккө бөлүнөт. Боз үйдүн эшигине бет маңдай жак – «төр» эң сыйлуу бөлүк. Бул жерде коноктор, үй-бүлөдөгү улуу эркектер орун алышкан. Ошол эле төрдө сандыктарга, ээрлерге ж.б. шырдак, ала кийиз, жууркан-төшөк, килемдерден «жүк»жыйылган. Кире бериштин сол капшыты «эр жак» деп аталып, анда орто жашар жана жаш эркек бүлө орун алган, түнкүсүн ал жерде жаш жубайлардын жатар орду жайгашкан. Боз үйдүн кире бериштен оң ыптасы «эпчи жак» (б.а. аял бүлө жак) деп аталып, чийдин аркы жагында идиш-аяк, тамак-аш сакталган. Эң акырында кире берište – «улага» орун алган. Бул жерде эшикке чукул сол тарапта «ээр токум», «ат жабдыктар» ж.б. тиричилик шаймандары сакталган. Боз үйдүн ортосунда от жагылып, тамак-аш асылчу «коломто» ээлеген.*

*Боз үйдү тигүүдө жердин түзүлүшүнө, шамалдын багытына жараша анын эшик жагы ар кандай жакка каратылган. Бирок чыгышка, айылдын ортосуна карай багыт алуу басымдуулук кылган. Кыргыздарда боз үйгө байланышкан бир катар үрп-адаттар, каада-салттар болгон. Эң оболу боз үйгө  жана ага тийиштүү оокаттарга аяр мамиле жасалган.. Боз үй жөнүндө жаман сөз айтылган эмес. Боз үйдүн жыгачын кармаган «үйчү», «усталарды», ошондой эле «уздарды» кыргыздар өзгөчө урматташкан. «Үй тою» аталган үй көтөрүү салты болгон. Үй-бүлө жаңы боз үй көтөргөндө да сөзсүз той берилген. Түлөөгө союлган малдын башы түндүктөн сыртка ыргытылган – «түндүктөн ашыра ыргытылган». Кийизге же чийге эски кийиздин өзөгү сактоочу катары байланган. Коломтого карата бир катар үрп-адаттар болгон. Кыргыз түшүнүгүндө от тазалоочу, аруулоочу күчкө ээ болгон. Ага түкүрүшкөн эмес, отту айлана басууга, аттап өтүүгө тыюу салынган. Кеч күүгүмдө коңшуларга чок берилген. Эгерде үй-бүлөдөн кимдир бирөө кайтыш болсо, маркумдун сөөгү боз үйдү үч күн кармалган. Мындай учурда боз үйдүн үй оокаттарынын бардыгы алынып чыгып, кошокчулар отура турган кийиз, шырдак, килем гана калтырылган.*

*Боз үйдүн тышкары көчүп-конууга ыңгайлуу башка турак-жай түрлөрү да болгон: баш учтары бирге байланган, кийиз жабылган*

*шыргыйлардан тургузулган шоңшогой – «сайма алачык» же «өтөө», алачык менен боз үйдүн ортосундагы – крегеси жок – «алачык» пайдаланылган. Мындай үйлөр тез тигилип, аларда жаан-чачында койчу, жылкычылар баш калкалашкан.*

## ***№2-текст. Боз үйдүн жасалышы***

*Боз үй негизинен жыгач, өрө кийиз, чий, боо-чуудан турат.*

*Жыгачына түндүк, уук, кереге, босого-таяк, каалга жана бакан; өрө кийизге үзүк, туурдук, түндүк жабуу, эшик; боо-чууга түндүк жабу босу, жел боо, канат боо, үзүк боо, туурдук боо, кырчоо, эшик боо, уук тизгич жана кереге чалгыч ж.б.; чийге канат чий, чыгдан, эшик ж.б. кирет.*

*Боз үйдүн жыгачы талдан жасалат. Кереге, түндүк чамгарагына эчки тал, кара тал, сары тал, турпан тал, ошондой эле теректен бака терек, көчөт терек, ак терек өңдүү түрлөрү да колдонулат. Уук, кереге, түндүк, босого-таяк, карагай, ичке балаты – алай арчасы жана кайыңдан жасалат. Боз үйдүн жыгачы жазында тал-теректин боюна суу жүрө электе (март, апрель) кыйылып, шамал тийбес көлөкө жерге үстүн чөп менен жаап кургатылат.*

*Боз үйдүн жыгачын матоо – боз үйдүн жыгачын алуудагы негизги процесс. Матоодогу негизги ыкма – кызытуу. Койдун таза сары кыгын кырдап төгүп, ал тегиз кызып чыкканда жаңы кыкты дагы төгөт. Сойлотулган жыгач 15-20 минутада ойдогудай жашыйт. Мындан кийин тал каалагандай ийилет.*

***Түндүк*** *– боз үйдүн төбөсүндөгү жарык кирүүчү жана түтүн чыгуучу тегерек жыгачы. Түндүк алкак, чамгарак жана чегир бастырмадан турат. Уук, кереге жасоого караганда түндүк ийүүнүн түйшүгү арбын. Мыкты түндүкчөлөр түндүктү кара жыгачтан жасашкан. Усталар адегенде аарчып, тегиздеп, кыкка бир жума көмүп жана жыгачтын түрүнө, жоондугуна жараша корго жашырышат, азыр бууга кармап, сууга кайнатышат. Жыгач жашыган соң, аны ийүү үчүн жерге жарым айлана кылып кагылган казыктардын арасына кынаптап орнотуп кургатышат. Бир нече күндүн кийин казыктардан чыгарса, жарым айлана калыбын сактап калат. Түндүк үчүн эки жаа жасалат. Алкак даяр болгондо ага талдан чамгарак салат. Анан алкактын сыртынан ичин көздөй канча баш уук болсо, ошончо көз ысытылган шиш менен көзөлөт.Уук айланма болбос үчүн көздөрүн төрт бурч туу көзөйт. Түндүк көзөнөгүүнүн аралыгы 4 см ден болот. Алкактын диаметри 110-120 см, чамгарактын узундугу 120-150 см, ийилгендеги бийиктиги 70-80 см, жоондугу 7-8 см болт.*

***Уук*** *– түндүк менен керегени бириктирүүчү чабак жыгачтар. Уук көбүнчө тал балаты жана бадалдан жасалат. Уук жасалуучу талды бүрдөй электе кыйып, аарчып, баш-аягын тегиздейт. Керегe байлануучу жоон жагынын 50 см жагын жонуп, тегиздеп, алакан салынат. Анын эни 3,5 см. Ага 3-4 сай (кобул) тартат да, алаканды тезге салып, ичин көздөй бир аз ийип матайт. Ийилген учунан 4-5 см аралыкта көзөп, ага уук боо өткөрүлөт. Түндүккө сайылуучу ичке жагы 4 кыр түрүндө учталат. Негизги ууктан башка 4* ***эшик уук*** *болот. Алар негизги ууктан 15-20 см кыска. Анткени босого керегеден 15-20 см узун келип, эшик уукту ага бекитишет. Ууктун узундугу болжол менен 250-300 см, диаметри – 2,5-3 см. Керегe башынын санына жараша бир боз үйгө 40-100 уук керек.*

***Керегe*** *– боз үйдүн уук бекитүүчү таяныч жыгыч жасалгасы. Диаметри 2,5-3,5 см, узундугу – 230-300 см, баш-аягы бирдей жумуру (56-60 даана) саканактардан (таякчалардан) жасалат. Эчки тал, сары талдын кабыгы аарчылып, көлөкөгө кургатылат. Таякчаларды жашытып, теске салып, 15-20 см баш жагын сыртына, орто жерин ичине каратып ийип, матайт. Саканактардын ар бири 14-18 см аралыкта бири-бири менен кайчылаштыра көзөлөт, ага көк өткөрүлүп, эки жагын түйүп бекитет. Керегe жайылганда саканактардын кайчылашуусунана пайда болгон 4 жагы бирдей көзчөлөрдүн чоңураагы «жел көз», кичирээги «тор көз» деп аталат. Керегенин баштары боз үйдүн чондугуна жараша болот. Боз үйдү керегелер төрттөн он эки канатка  чейин жетет. Керегенин ар бир канаты узуну боюнча 18-20 көздүү, бийиктиги боюнча 6-10 көздүү болот. Жыйылган керегенин бийиктиги 2-2, 75 метрдей болот, жазганда жапыздыгы 2-2,5 метрге жетет. Керегенин уук байлоочу жогорку ачакейлери – керегенин башы, төмөнкү бөлүгү керегенин аягы деп аталат. Керегени мурда жошо менен боесо, азыр сырдайт. Керегенин жайылышынан боз үйдүн көлөмү менен көркөмү аныкталат.*

***Босого*** *– боз үйдүн эшигинин эки жагында жазылыгы 8-15 см, калыңдыгы 4-6 см, бийиктиги керегe бою эки босого таягы болот. Алардын төмөнкү учу аяк босогонун четиндеги төрт чарчы көзөнөгүнө, жогорку учу баш босогонун тешигине ашталат. Аяк босого менен баш босогонун узундугу 1 см чамалуу, калыңдыгы 6-8 см, эни босого таяк менен бирдей. Баш босогонун так ортосунан үстүрөөк жагында эшик боо байлануучу көзөнөгү болот. Боз үйдүн эшиги материалына жараша сыртына кийиз капталган чий эшик, каалга же эргилчек. Булардын ичинен чий эшик кеңири таралган. Эшик ачылып жабылганда, эшиктин этегиндеги чий тез сынып*

*кетпегендей анын беш катарын көк менен өрүп согот. Боз үйгө ичин көздөй эки жакка ачылма эки кичинекей каалга жасаса да болот. Каалгасы жок үйгө эргилчек жасалат. Анын узундугу 110-120 см, жоонураак эки таякчага аралыгын 15-20 см ден коюп, 6-7 таякчаны туурасынан аштайт. Аны оң жактагы босогого үч жеринен байлап бекитет. Сыртынан кийиз эшик жабылат.*

*Бакан, ача бакан, түндүк бакан – үй тиричилигинде, айрыкча, боз үйдү тигүүдө колдонулуучу жоондугу билектей, узундугу 3-5 м, бир учу ачакей, экинчи учу мукур учталган жыгач. Ал боз үйдүн түндүгүн көтөрүүгө, өзөктү, түндүк жабууну, эшик чийди салууга, эшик боону түндүктөн өткөрүүгө, жаанда от жакканда түндүк жабуунун бир бурчун тирөөгө, кийиз жасаганда, чий согууга өрмөк куруучуга жана башка жумуштарга колдонулат.*

### *№3 текст. Боз үйдүн өрө кийиздери.*

***Үзүк*** *– боз үйдүн уuктарынын үстүнөн жабылуучу калың кийиз. Боз үйдү алдыңкы жана арткы үзүк болот. Ал тең капталдуу трапеция формасында жасалат. Үзүк койдун күзгү кылчык жүнүнөн уютулат, мындай кийиз тез кирип, бышык болот. Үзүктөрдүн аягынын узундугу болжол менен 750-850 см, башыныкы 190-210 см, ортосунуку 250-300 см. Суу тийгенде чети түйрүлбөсүн үчүн үзүктүн чети кыл же жүндөн атайы эшилген жээк менен жээктелет. Үзүктүн этегине коОздук үчүн эни 15-20 см ак жана кызыл кийимден оюу түшүрүлүп, чачы тагылат. Үзүктүн төрт жерине «куш тырмак», «оюу таман» ж.б. оюуларды түшүрүшөт. Боз үйгө туурдук каланып бүткөндөн соң, адегенде алдыңкы үзүк, андан кийин арткысы жабылат.*

***Туурдук –*** *боз үйдүн кереге жабуусу. Кийизи үзүктүн жукараак болот. Туурасы 2-2,5 м дей, узундугу 4,5-5,5 м дей үйгө 4-5, жети-тогуз канат үйгө 6-7 туурдук жабылат. Туурдуктун жээги кара менен ак, кээде кызыл менен ак жиптер оң-сол эшилип, жээктелет. Туурдуктун терме боолору кадалган эки башкы бурчу уукка бекитилет. Капталдарына эшилген боо кадалат. Туурдуктун сырткы этегинин эни 30-40 см дей кызыл жана ак кийизден оймолоп коОздолот.*

***Түндүк жабуу*** *– боз үйдүн түндүгүн жабуучу кийиз. Аны калыңыраак кийизден, түндүктүн чоңдугуна жараша төрт бурч болжол менен 2*2 м дей кесип, узун туурдук сыяктуу жээктелет. Анын төрт бурчуна тагылган төрт боонун үчөө кырчоого байланат,*

*эшик жактагы тастар жиби бош коюлат, ал аркылуу түндүк ачылып, жабылып турат. Түндүк жабуу тирелгенде тешилбес үчүн тастар жип кадалган бурчунун ич жагына тумарча кийиз капталып турат.*

### *Чий*

*Сабагы түз, жылмакай, катуусу колдонулат. Чий август айынын экинчи жарымында бышат. Аны өтө катырбай, жумшак кезинде белге салып жулуп, боолап, көлөкөдө кургатышат. Согор алдында анын кабыгын аарчып, баш-аягын тегиздейт, бул акталган чий аталат. Чийди ак бойдон же оюу салып чырмап, эки түрдө согот. Чийден канат чий, чыгдан, эшик, чыны кап, казан капкак, азыр терезе жапкыч, сумка ж.б. көптөгөн кооздук буюмдар жасалат. Боз үйгө калоочу чырмалган чийдин жазылыгы 6-8 м, бийиктиги 135-140 см болот. Чий токулуучу жипти кой, эчкижүнүн аралаштырып ийрип, сол чыйратат. Чырмалган чийди негизинен боз үйдүн керегесине калайт, эшигин жана чыгдан жасайт. Эшик жасалуучу чийди көк менен соксо, бышык болот, көпкө чыдайт.*

### *Боз үйдүн ички жасалгасы.*

*Үйдүн ичинин бөлүнүшү же андагы буюмдардын жайланышы элдин тумушу, сал-санаасы менен аныкталып, анын ар тарабы өзүнчө мааниге ээ болот. Боз үйдүн так ортосу – коломто, ага казан асылат. Калган аян эшик менен коломтого карата төр жана улага, ашкана тарабы – эпчи жана арт жагы ыпча деп бөлүнөт. Төр – үйдүн эшикке карама-каршы тушу. Анда жүк жыйылып, ала кийиз, өрө кийиз, шырдак, көлдөлөң, төшөк салынат. Жүктүн эки жагына текче илинет. Текче кездемеден узундугу 75 см, туурасы 30-40 см тигилип, тегереги чачыланып, бети саймаланат. Төрт бурчуна боо тагылып, экөө керегенин башына, экөө уукка байланат. Ичине майда-барат буюм салынат. Боз үйдүн кооз жасалгаларынын бири – жабык баш. Анын этегине тегирич улай тигилет. Тегирич менен түймөсү бар жабык баш: төркү (арткы), адыңкы (маңдайкы) болуп экиге бөлүнөт. Көркөм көчөт түшкөн эшик чий, канат чий, чыгдан (ашкана) үйдүн жасалгасына кирет. Боз үйдүн ички көркү өрмөкчүлүк аркылуу жүзүгө ашат. «Кажары» (букары), «беш кеште», «сызма» деген түрлөрү бар. Кереге таңгыч, саканак чалгыч, кереге чалгыч, үзүк боо, туурдук боо, жел боо (түндүк боо) өңдүүлөр кирет.*

*Боз үйгө туш кийиз тартуу – эзелтен берки салт. Анын боолору ууктун билегине тагылат. Боз үйдүн кире беришиндеги оң ыптада аяк кап кереге көзүнө илинет. Андан ары чыгдан тартылат. Керегеге, же аш алабаканга көөкөр, көнөчөк, көнөк, чыны кап улай*

*илинсе, жакшы жарашат. Күзгү кап, текченин илиниши үйдү ого бетер көрктөндүрүп жиберет. Азыр коломто болбогондуктан, үйгө шырдак менен ала кийиз салынат. Көрпө, көлдөлөң, курак, сайма төшөктөр төшөлөт.*

*Боз үйдүн жүгү да өзүнчө коздук берет. Жүк жыя билүү кыз-келиндердин чеберчилигин айкындайт. Жүктүн астындагы такта, ага жабылган терме таар, калы килем, сандык, жагдан, күмүш ала бакан, андагы ат жабдыктар, улуттук кийимдер, элдик узчулук менен зергерчиликти таасын көрсөтүп турат.*

### *№ 4- текст. Боз үйдү тигүү.*

*Элибизде үйдү тигүүнүн да өзүнчө жол-жобосу сакталган. Үйдү тигүүдө конуштун шартына карай орун тандалат. Үйдү сууга жакын, жол тарапты беттеп, шамалга каршы келбегендей түз жайга тиккен.*

*Илгери үйдүн эшигин чыгышты каратышкан. Жайдын күнүндө бир нече үй бир короо айыл болуп конуп, көбүнчө үйлөрдү короого тегерете тигишкен.*

*Боз үйдү тигүүдө оболу төр керегеси жайылат. Анын канаттары оңго жана солго керилет. Бири-бирине ашталган кереге саканак ортолору сызма жана эшме жип саканак таңгыч аркылуу арчындалып, бекем тартылат. Канат керегелердин бир жак учу, боз үйдүн босого-таягы да босого таңгычына ушундайча бекитлиет. Тегеректеле канат керегелер жайылгандан кийин кереге чалгыч салынат да, эки жагындагы жел боолорунун башы бакан менен кошо түндүктүн чок ортосундагы чамгарагынан ачасына аштай бир адам кармап, үйдүн чок ортосуна туруп, үйдү көтөрүп берет. Түндүктүн көзчөлөрүнө ууктардын адегенде ар кай жерине туш-туштан сая башташат. Бир нече уук сайылып, уук боолор кереге баштарына байлангандан кийин түндүктү ошол ууктар көтөрүп калат.*

*Ууктун учтары түндүктүн көзчөлөрүнө буралып, имериле сайылса, үй өчөйүп, сынын бузуп, бөйрөктүү болбой калат. Ошондуктан, үй тигүүчүлөр уук баштары менен кереге учтарын кайрадан карап, түздөп чыгат да, түндүгү ортодо турганын байкагандан кийин, уукту ар бир кереге башына аштай байлайт. Эгер бир тарабынан уук көбүрөөк тизилсе, түндүк ошол жагына көтөрүңкү көрүнөт.*

*Боз үйдүн жыгачы турган соң, эшик тыштын чий чырмакталган узун учунун атайын керилген сызмасы түндүктүн илинип, түндүк босогого казык бош чалынат. Андан кийин жабык башты, тегиричти жаап, кереге таңгычты керегенин белинен*

*жүгүртүп, эшик таякка курчай чымырата таңып алат. Канат чий керегеге курчалат. Боз үйдүн канат чийи экөө болот. Анын аралары керege көздөрүнө, учтарындагы эшме чыйрак жиби эшик босогого бекитилет.*

*Үйдүн кош туурдугу да канат чий оңдүү керегеге жабылып, туурдуктун бел кырчоосу курчалат. Туурдуктун сызма, терме, букары боолору ууктарга артылып келип, кереге көздөрүнө байланат.*

*Үзүктү жабууга үч киши керек. Оболу анын боолору ичине келтирилип, үзүк тумарча кылынып, үч бүктөлөт да ортосундагы адам бакан менен орто белинен үйдү шап көтөрөт. Үзүктүн сырткы эшме боолору уук-кереге көздөрүнүн арта салынып келинип, бел кырчоо жипке илме тартылып, кайра керегенин түбүнөн ичкери карай өткөрүлүп, керегенин төртүнчү көзчөсүнө илмектүү байланат.*

*Түндүк жабуу сыртын карай эки бүктөлүп, боз үйдүн артынан бир адам эле так өйдө көтөрүп, бакан менен жабат. Анын төрт боосунун бирөө үйдүн артына, экөө эки капталына бел кырчоого байланат. Алдыңкы жиби түндүк жабууну алга-артка тартууга жана түрүлгөн эшикти байлап коюуга ылайыкталып, беркилерден жоонураак келет.*

*Үйдүн бардык жабуусу жалаң ача бакандын жардамы менен жүргүзүлөт. Жаз жана күз мезгилдеринде үйдү тигер замат сыртынан сол жана оң капшытына казык кагып, аркан менен бастырат. Бул шамалдан сактайт. Төргө казык кагып, ага эки жел боону катуу тартып, байлаган учурлар да болот.*

## *Боз үйдүн чечилиши.*

*Оболу түндүк жабуу сыйрылат. Боолорун кырчоодон чечип, төркү үзүктү, анан алдыңкы үзүктү сыйрат. Үзүк үч бүктөлүп коюлат. Мындан кийин жабык баш тегиричи менен түрүлүп алынат. Бел кырчоо алынып, эки туурдугу сыйрылып, аларды төрт бүктөйт. Канат чийлердин боолорун чечип, өзүнчө түрөт. Түрүлгөн чийлер өз боолору менен арчындалып таңылат. Эшик чий кошо сыйрылып, өзүнчө оролот. Эми уук тизгичти түрүп, ууктарды аттап чечүү керек. Он чакты уук чечиле электе ала бакан (түндүк бакан) аркылуу жел боосун каттай кармап тиреп, түндүктү так көтөрүп алат.*

*Чакан үйдүн уугу керегеси экиден бөлүнүп тагылат. Уук жыйналары менен кереге чалгыч, кереге таңгыч, саканак чалгычтар катар түрүлүп алынып, кереге канаттарын бириктиребиз.*

*Керегенин канаттарын жыйноодо саканактарын кынаптап, бастырып, анны саканак таңгыч же кереге чалгыч менен тыкан байлайт. Ууктар да өзүнүн боолору менен байланып, уук учтар сынбас үчүн ага уук учтук кийгизилет.*

***Боз үйдү сактоо.***

*Таш же кыштан бут коюп, босого-таяк, анын үстүнө керегелер жаткырылат. Ага ууктар кынапталат. Үстүнөн канат чий, чыгдан, эшик чий, арасына боо-чууларын салып, кийиздерин коюп, үстүнө түндүк көмкөрүлөт. Күбөдөн сактоо үчүн кургак жайга кармап, кез-кез жайып, желдетүү зарыл. Азыр оролгон кийиздин араларына нафталин сээп же эрмен шыбак коюп жүрүшөт.*

Текст жуптарга таратылып, ватман берилет. Ватманга стратегия менен иштөөнүн негизинде алынган жыйынтыктар таблица түрүндө толтурулат.

Ал эми башка улуттун өкүлдөрүнө окуу китебинин 143-бетиндеги «Боз үйдүн тарыхы» деген текстти котруу, ал боюнча суроолорду түзүү жана аларга жооп даярдоо тапшырмасы берилет.

Текст түшүнүктүү болуш үчүн кээ бир сөздөрдүн түшүндүрмөлөрү менен тааныштырылып, таратылат.

**Жаңы сөздөр**

**Кол өнөрчүлүк** – кустарное ремесло, рукоделие
**Жасалга** – украшение
**Сайма** – вышивка
**Жип-шуу** – веревка
**Оймо** – орнамент
**Боз үй** – юрта
**Боз үй тигүү** - ставить юрту
**Үй көтөрүү** – ставить юрту со специальной целью

**Уук** – унина (жердь купола юрты)
**Ууктун алаканы** – плоская часть унины
**Ууктун билеги** – наружная сторона низа унины
**Ууктун учу** – верхний конец унины
**Кереге** - деревянная решетка цилиндрической части юрты
**Керегенин көзү** – 1) кожаная сшивка для кереге
2) место скреүения отдельных палок кереге и соединения их посредством кожаной нитки

**Кереге чалгыч** – тесьма, проходяүая по верхней части кереге.
**Түндүк** – верхний деревянный круг остова юрты держаүийся на верхних концах уук (ов)
**Түндүк жабуу** – кусок войлока, служаүий для закрывания түндүк (а)
**Бакан** – шест которым поднимают кошмы и верхнюю часть остова юрты
**Ала бакан  же ача бакан** – сучковатый шест служаүий вешалкой на юрте.
**Бел бакан же жел бакан** – шест для подпирания изнутри во время ветра
**Түндүк бакан** – шест для подпирания түндүк во время сборки, постановки юрты.

**Кийиз** - войлок
**Ала кийиз** – орнаментированный войлок
**Туш кийиз** – богато орнаментированный войлочный или бархатный настенный ковер
**Өрө кийиз** – гладкий войлок без орнамента
**Туурдук** – (часть юрты) кошмы, которыми покрывается кереге.
**Туурдук боо** – веревки которыми прикрепляются туурдук.
**Туурдук калоо** – укрепляет туурдук при постановке юрты
**Үзүк –** (часть юрты) кошмы (их две) идуүие между туурдук (ом) түндүк (ом), передний или задний үзүк.

**Чий** – загородка вокруг решетки юрты из циновки, циновка из чия каждый стебель которого обмотан цветными нитками
**Чыгдан** – зогородка из чия в женской половине юрты, за которой хранятся кухонные принадлежности и продовольственные запасы

**Эр жак** – мужская половина юрты.
**Эпчи жак** – женская половина юрты.
**Төр** – почетное место юрты
**Улага** – место у порога.
**Жүк** – одеяла, подушки и т.п. (сложенная стопкой вюрте против входа)
**Жүк такта** – доска на которой лежит жүк.
**Шырдак** – шитый в два слоя орнаментированный войлок

Жуптар даяр болгондо жуптар чыгып толтурулган таблица боюнча  сүйлөп беришет, «?» белгиси коюлган графадагы маселелер боюнча окутуучуга, жуптарга суроо берилип, чогуу талкууланат.

**2-тапшырма – Тексттен байламталарды табуу.**

Жуптар биргелешип, окулган тексттен байламталар катышкан сүйлөмдөрдү табышат, дептерлерине жазышат жана алардын колдонулушун түшүндүрүп беришет. Бул мезгилде бир-эки студент доскага чыгып да иштешет.

**3- тапшырма – Көнүгүү иштөө.**

Баракчаларда сүйлөмдөр таратылып, кызматчы сөздөрдү коюу, кызматчы сөздөрдүн түрүн аныктоо тапшырмасы берилет.

**Сүйлөмдөргө тиешелүү байламталарды койгула.**

**Аяк кап** – кийизден жасалган ашкана буюму. Бул жыгач идиш-аяктарды сакташат. Ал көчмөндүү турмушта кеңири колдонулуп, боз үйдүн эпчи тарабына керегеге эки кулакчасынан илинген. Мунун жөнөкөй түрү жалаң кийизден турат.

Аяк капка түшкөн шырдак оюмдары ар кыл. Көбүнчө уздар кызыл … көк өңдү, … кара менен сары өңдү, кара … кызыл өңдү айкалыштышат. Буюм боз үйдүн ички жасалгасына өзүнүн жекече коооздугун кошуп турат

**Туш кийиз** – сайма өнөрүнүн жүзүн ачуучу асыл буюм. Ал үйдүн керегесине тартуу үчүн оюм-чийимдерди … көркөм көчөттөрү менен саймаланган асем үлгү. Кийизге оюм-чийим көчөт түшүрүлүп жасалган …, чети кундуз менен бастырылган. Баш жагына шуру, бермет, маржан өңдүү асемдер тизилген. Кийин алар ар кыл тукаба, парча, баркут сыяктуу кездемелерге өткөн.

Капкалдырык – туш кийиздин ортолугунун чок ортосунан орун алган үч бурчтук формасындагы сайма. Айрым аймактарда муну «тумарча» деп аташат.

**Бел кырчоо** – боз үйдүн туурдугунун ортосунан тегерете курчалган узун жип. Ал жүндөн да, кылдан да болот. Кыл … жүн таралып, түйдөк кылынат. Кол менен катталып, аркан менен чылбырдай эшилүүчү жиптер оңго чыйратылат да, толгоосу солго имерилет. Үч адам толгойт, бирөө эшилип жаткан бел кырчоолук аркан-жипти түрөт. Муну жасоо – эшмечиликтин татаал түрү. Булл тогуз-он жиптен турат да, бел кырчоонун узундугу боз үйдүн аянты менен өлчөнөт.

**Сүйлөмдөрдөгү байламталарды таап, түрүн аныктагыла.**

**Жүк** – үй эмеректеринин бир бүтүмү. Түргө үстү-үстүнө бүктөлүп жыйылган ала кийиз, алтыкат, жууркан, төшөк жана жаздык. Анын эң алдына жүк такта орнотулат. Буга чачылуу кара терме таар же килем жабылат, анын үстүнө жагдан, сандык орун алат. Алардын үстүнө ала кийиз, килем, алтыгат, көлдөлөң коюлат. Чекелери саймаланып жана кыюуланып, кертимделген жууркан менен төшөк жыйылат. Үстүнө саймалуу куш жаздыктар кыркаланат. Аны килем, же таар, же сайма жабат.

Жүктүн жакшынакай жыйылышы үйдүн ичине өзүнчө ажайып коолдук тартуулайт. Кыз келиндер жүктү кынаптап жыюусу аркылуу кирип-чыккандарга өзүнүн үйдү таза тутуусун, адептүүлүгүн, чеберчилигин жана табийгый маданиятын көрсөтөт

**Эшик чий** – боз үйгө кирип-чыгууда эшиктин элпек жабылышы үчүн жылкынын жазы көгү менен токулган чий. Боз үйдүн бир бөлүгү. Түшүүчү көркөм көчөттөр анча ала чакмактанбай, буюмдун четки ийреги кийизге беттей тигилет да, мында негизи кызыл-көк, кара-кызыл, кара-сары, кара-ак сыяктуу эки өң гана жупташат. Ачып-жабууда абдан бышык болуусу үчүн анны согууда атайын жылкынын көгү колдонулат да, буга деле чыгдан (ашкана) жана канат чийге таандык көркөм көчөттөр түшүрүлөт.

**Чыгдан** – ичине идиш-аяк, тамак-аш коюлуучу чийден жасалган боз үйдүн эпчи жаккы бөлүгү. Бул 2-2,5 мм кооз чырмак оюм салынып да, жөнөкөй да токулат. Өң жагы уукка байланган чыгдандын эки жагында үчтүн алты кулагы болот да, босого тарабы ашкана оозу чий аркылуу тосулат.

**Мындан соң боз үй тууралуу видеоролик көрсөтүлөт.**

**4-тапшырма – Видеоролик боюнча суроолорго жооп берүү.**

1. Боз үй кандай жерге тигилиш керек?
2. Боз үй канча убакытта тигилип бүтөт?
3. Эмне үчүн боз үйдүн түндүгүн эркек адам көтөрдү?
4. Боз үй тигүүдө кайсы бөлүгүнөн баштайт?
5. Боз үйдүн кайсы кийизи биринчи, кайсы кийизи акыркы болуп жабылат?
6. Боз үй тигүү кайсы куралдын жардамы менен ишке ашат?

**5-тапшырма – Табышмак табуу**

Боз үйгө байланыштуу табышмактар үйгө берилген эле, ошентсе да аларды боз үй жөнүндө көбүрөөк билгенден кийин табу үчүн жыйынтыктоо бөлүгүнө калтырдык эле. Эмесе табышмактарыңарды жуптарга катып, жандырмактарын тапкыла.

Жуптар бири-биринин табышмактарын тапкан соң мугалим да төмөндөгүдөй табышмактарды катат:

**Табышмактар**

**Жерге бекем түптөдүм,**
**Кийиз менен каптадым.**
**(боз үй)**
**Атасы баласын көтөрөт,**
**Баласы калпагын көтөрөт.**
**(боз үй)**
**Дүйнөдө бир ажыдаар бар көрөсүңбү?**
**Жаркырайт жалгыз көзү төбосүндө.**
**Кабырга башка сөөгү толук жатат,**
**Жилик жок, бутсуз турат, кабыргасын жерге матап.**
**(боз үй)**
**Конгондо кооз,**
**көчкөндө бооз.**
**(чырмаган чий)**
**Жайсам көлдөй,**
**Жыйсам жеңдей.**
**(чырмаган чий)**

**Ал этегим беш таш,**
**Бул этегим беш таш,**
**Али төок жеке таш.**
**(чий токуган таштар, аял)**
**Кыркыраган абышка өлөм дейт,**
**Кырк уулу кырк жагынан жөлөйм дейт.**
**(түндүк, уук)**
**Алтымыш кемпир ай карайт,**
**Жетимиш кемпир жер карайт.**
**(уук, керege)**
**Ай кучак, ай кучак,**
**Жыйып келсе бир кучак.**
**(керege)**
**Бир кыз бар жоолукчан,**

**Ичинде балдары бар от жакан.**
**Күндүзү сыйрып ачылат,**
**Түнкүсүн кайра салынат.**
**(боз үй, түндүк)**
**Элебай атам өлөм дейт,**
**Эки уулу эки жагынан жөлөйм дейт.**
**(эки босого)**

**6- тапшырма – Карточка менен иштөө.**

Кептик жана грамматикалык темага байланыштуу карточкалар таратылып, талкууланат.

Студенттер бүгүнкү сабактан алган жыйынтыктары тууралуу ой бөлүшөт.

**Тема жыйынтыкталат** – Мугалимдин жыйынтыктоо сөзү

- Ушуну менен биздин «Боз үй» деген темабыз жыйынтыкталып жатат. Эки сабактын жүрүшүндө силер өзүңөргө боз үйгө байланыштуу керектүү жана кең маалыматтарды ала алдыңар деген ишеничтемин. Боз үй, чындыгында эле, материалдык маданиятыбыздын эң сонун үлгүсү. Аны кол өнөрчүлүктүн багыттары болгон узчулук, устачылыктын кенчи деп тартынбай атай алабыз. Муундан-муунга ата-бабабыздан өткөрүлүп берилген мындай сонун белекти татыктуу колдонуп, жаңы үлгүлөрүн ойлоп таап, улуттук сыймыгыбаз катары баалап-кастарлап сактоо, жана кийинки муундарга өткөрүп берүү – биз менен сиздердин ыйык милдети. Ошондуктан теманы жыйынтыктап жатып, силерди боз үй боюнча билгениңирди ушул сабак менен чектеп койбой, дагы байытып, дагы кеңитип, керегинде суу ичкен башат катары кайрылып турууга, силерден кийинкилерге билгениңер менен бөлүшүп, үйрөтүп отурууга, уз-усталардын жалаң кол менен жасалган кылдат жана түйшүктүү эмгегин урматтоого, ошону менен бирге өз элинин мекенчил жаштарынан болууга чакырат элем.

**Үйгө тапшырма берүү.**

1. «Боз үй - материалдык маданиятыбыздын соолубас кенчи» деген темада реферат даярдоо.
2. «Келечектеги боз үйдүн жаңы үлгүлөрү кандай болушу мүмкүн» деген темада ээсе даярдап, андагы кызматчы сөздөрдү талдоо.

**Студенттердин билимин баалоо** – Чакан топтордун бири-бирине берген баасы, мугалимдин түздөн-түз байкоосу боюнча студенттер бааланат.

**Сабакты жыйынтыктоо.**

**Сабактын темасы:**
**Кептик тема - Кыргыз сүрөт искусствосу жана скульптура**
**Грамматикалык тема - Сүйлөмдүн айкындооч мучолөрү**
**(орус тайпасы үчүн)**

**Сабактын максаттары:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| • студенттердин дүйнөлүк сүрөтчүлөр, алардын белгилүү эмгектери жөнүндө буга чейин алган маалыматтары кеңейет;<br>• Кыргызстандагы сүрөт искусствосунун өнүгүү тарыхы, анын көрүнүктүү өкүлдөрү жана эмгектери жөнүндө маалымат алышат;<br>• Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү, алардын мүнөздүү белгилери жөнүндө студенттердин мектептерде алган билими эске түшүрүлөт жана тереңдетилет. | • студенттер өз көз карашына ээ болуп, аны эркин бере билүүгө, көз карашын коргой алууга, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу айта билүү жана жаза билүү көндүмдөрүнө ээ болот;<br>• сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрдү туура таба билишет, алардын түрлөрүн аныктай алышат, аларды оозеки жана жазуу кебинде туура колдонуу билгичтиктери өнүктүрүлөт. | • Студенттерди дүйнөлүк сүрөт искусствосунун өкүлдөрүн жана алар жараткан эмгектерди баалоого, аларды сактоого жана кийинки муундарга өткөрүп берүүгө замандаштарга көмөктөш болууга тарбияланышат;<br>• Өз ара бири-биринин пикирин угууга жана аларды сыйлоого, ынтымакта болуууга, патриоттукка тарбияланышат |

**Көрсөткүчтөр:** Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде студенттер…

| | | |
|---|---|---|
| • дүйнөлүк жана кыргыз сүрөтчүлөрү, алардын белгилүү эмгектери жөнүндө айтып бере алса;<br>• сүйлөмдүн айкындооч | • Өз көз карашына ээ болуп, аны эркин бере билишсе жана аны коргой алышса;<br>• Өз оюн сабаттуу айта жана жаза билишсе; | • дүйнөлүк сүрөт искусствосунун өкүлдөрүн жана алар жараткан эмгектерди баалай билишсе; |

| | | |
|---|---|---|
| мүчөлөрү, алардын мүнөздүү белгилери жөнүндө айтып бере алса жана аларды сүйлөм ичинен айырмалап бере алса. | • сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүн оозеки жана жазуу кебинде туура колдонуу билгичтиктери калыптанса. | • Өз ара бири-биринин пикирин угуп, жана аларды сыйлай билишсе;<br>• топтордо ынтымакта, биримдикте аракеттенишсе. |

**Сабактын тиби**: Алган билимдерин кайталоо, жаңы билимди берүү сабагы.
**Сабактын түрү:** Стандарттуу эмес сабак
**Окутууда колдонулуучу усулдар, стратегиялар:**
«БББК», «Эки бөлүктүү күндөлүк» стратегиялары

**Баалоо усулу**: Өз ара баалоо, түздөн-түз байкоо
**Сабактын формасы**: жуптарда жана чакан топтордо иштөө.
**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, флипчарттар, А4 формасындагы барактар, карточкалар, маркерлер, слайддык материалдар, сүрөттөр, дүйнөлүк жана кыргыз сүрөтчүлөрү, алардын эмгектери жөнүндөгү адабияттар, таркатылып берилүүчү материалдар.

**Колдонулган адабияттар:**

8. Батыркулова А.Б., Койлубаева А.К. Мыкты сабак - ийгиликтин ачкычы. - Бишкек, 2011.
9. Биялиев К.А. Кыргыз тили. - Бишкек, 2002.
10. Большакова Ю.Б. Альбом. Чуйков. - М.: Изобразительное искусство, 1972.
11. Иманов А., Кайбылдаев А., Сапарбаев А., Усубалиев Б. Кыргыз тили. Синтаксис, 2-бөлүк. 8-9-класс үчүн окуу китеби. - Бишкек: Мектеп, 2002.
12. Иманов А. Кыргыз тилинин синтаксиси. - Бишкек, 2009.
13. Көрсөтмөлүү сабактардын, тарбиялык сааттардын жыйнагы. Иштеп чыккан М.Кыдырбекова. - Каракол, 2007.
14. Кыргызстан. Улуттук энциклопедия. Бишкек, 1-том 2006, 2-том 2007.
15. Поликарпов В. Мастера советского искусства. А.Игнатьев. Родные края. - М.: Советский художник, 1988.

16. Сатышева Г. А., Мусакеева М. О., Кыргыз тили. Окуу куралы. – Каракол, 2001.
17. Тарасов В. Мастера советского искусства. Гапар Айтиев. - М.: Советский художник, 1981.
18. Художники Советской Киргизии. Редкол.: Т.С.Садыков, С.А.Асанбеков, Л.А.Ильина и др. - Фрунзе: Кыргызстан, 1982.
19. Юдахин К. К. Кыргызча-орусча сөздүк. – Фрунзе, 1961.

**Илимдер аралык байланыш** – Тарых, сүрөт искусствосу

**Сабактын жүрүшү**

**4) Уюштуруу**

Студенттер менен саламдашуу, алардын көңүлүн топтоп, сабакка буруу. Саноо жолу менен студенттерди үч топко бөлүү **(2 минута).**

**5) Өтүлгөн теманы кайталоо**

**Үй тапшырмасын текшерүү (12 минута).**

«Кыргыз кино искусствосу» темасы кайталанат. Үйгө «Мен жакшы коргон кинофильм» деген темада эссе жазып келүү жана ал тексттен баш мүчөлөрдү таап, түрүн аныктоо тапшырмасы берилген. (Үй тапшырмасы эсселерди окутуу менен текшерилет. Ар бир эсседен бирден-экиден сүйлөмдөр оозеки талданат).

***Грамматикалык теманы кайталоо үчүн суроолор:***

4. Баш мүчөлөр сүйлөмдү кандай роль ойнойт?
5. Баш мүчөлөргө кайсылар кирет?
6. Ээни мүнөздөп бергиле.
7. Жөнөкөй жана татаал ээге мисалдар келтиргиле.
8. Баяндоочтун сүйлөмдөгү милдети кандай?
9. Жөнөкөй бяндоочторго мисал келтиргиле.
10. Татаал баяндоочторго мисалдар келтиргиле.

**6) Жаңы теманы түшүндүрүү (20 минута).**

Балдар биздин бүгүнкү темабыз **«Кыргыз сүрөт искусствосу»** деп аталат жана биз мындан кыргыз сүрөтчүлөрү жана алардын белгилүү чыгармалары, ошондой эле дүйнөгө белгилүү сүрөтчүлөр, эмгектери жөнүндө да жалпы маалымат алабыз.

Ал эми сабагыбыздын грамматикалык темасы – **Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү.**

Элибиздин сыйлуу суусундугу куюла турган эң сонун идиши

бар, ал - көөкөр. Кыргыздын көөкөрүнүн кымызы бөксөрбөсүн, ал эми мен силерге бере турган «билим көөкөрүнө» жана «билим кесесине билим кошулуп артыла берсин деген ниетте ар бириңерге билим көөкөрүн жана билим кесесин берейин

Сабагыбыздын жүрүшүндө иштеген иштерибиздин жыйынтыгын, жоопторубузду обьективдүү баалаш үчүн силерге «3», «4», «5» деген бааларды тапшырам. Силер топтордун ар бир тапшырманы кандай аткарып жаткандыгын кунт коюп угуп, андан кийин өз ойлоруңарды кошумчалап, баалап отурушуңар керек. Бирок мында албетте башка пикирлерди да сыйлоону унутпашыңар керек. Ал эми алган бааларыңарды «билим көөкөрүнө» чогулта бересиңер.

Алгач грамматикалык темага көңүлүбүздү буруп, түшүнүп алалы да, андан соң кептик тема боюнча билгендерибизди байыталы.

Биз буга чейин, албетте, айкындооч мүчөлөр боюнча түшүнүгүбүз бар, эсибизге түшүрөлү.

**Алган билимдерди эске түшүрүү максатында төмөндөгүдөй суроолор берилет:**

1. Кандай айкындооч мүчөлөр бар?
2. Кандай зарылдыктан улам айкындооч мүчөлөрү жаралган деп ойлойсуңар?
3. Айкындоочторду аныктооч, толуктооч жана бышыктооч деп бөлүүнүн себеби эмнеде?

(Студенттердин жооптору толукталат, такталат. Андан соң грамматикалык тема слайддын жардамы менен түшүндүрүлөт).

### Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү

Сүйлөмдү айтылып жаткан ойду толук, так жана жеткиликтүү даражада түшүнүктүү кылып берүүдө айкындооч мүчөлөр колдонулат.

Грамматикалык жактан баш мүчөлөрдүн бирине багынычтуу болуп айтылган жана алардын түрдүү белгилерин, маанисин толуктаган сүйлөм мүчөлөрү айкындооч мүчө деп аталат.

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн түрдүү белгилерин - сынын, сыпатын, мүнөзүн, мезгилин, ордун, себебин ж.б., же маанилерин толуктап туруу сыяктуу синтаксистик ички катыштарына жараша айкындооч мүчөлөр **аныктооч, толуктооч** жана **бышыктооч** мүчөлөр болуп бөлүнөт.

#### Аныктооч

Сүйлөмдө заттын, окуянын, зат ордуна колдонулган сөздөрдүн сынын, сыпатын, мүнөзүн, санын, иретин, же ал заттын башка бир

затка таандык экендигин билдирүүчү мүчө **аныктооч** деп аталат. Кандай? кайсы? канча?//чече? канчанчы?//неченчи? деген суроолорго жооп берет.

Аныктоочтор да түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал болушат.

Жөнөкөй аныктоочтор бир сөздөн турат: ***Кыргыз*** *сүрөт искусствосунда* ***пейзаждык (кайсы?)*** *жанр өзгөчө өнүккөн (В Кыргызском изобразительном искусстве особенно развивался жанр пейзажа).*

Татаал аныктоочтор эки же андан ашык сөздөрдөн турат: *Тургунбай Садыков -* ***экинчи дүйнөлүк*** *(кайсы?)* ***согуштун*** *(эмненин) катышуучуларына арналып тургузулган комплекстин автору (Тургунбай Садыков автор комплекса посвяүенный к памяти участиникам второй мировой войны). О.Мануйлованын* ***эң мыкты*** *(кандай?)* ***портреттик*** *(кайсы?) эмгеги - «СССРдин Эл артисти С.Кийизбаеванын портрети» (1952-ж) жана «Жаш кыргыз» (1955-ж) портрети болуп саналат. Самые замечательные портретные произведения О.Мануйловой – «Портрет Народной артистки С.Кийизбаевой» (1952-г.) и портрет «Молодой киргиз» (1955-г).*

### Толуктооч

Толуктооч кыймыл-аркет багытталган заттын, окуянын атын билдирүү менен кыймыл-аракеттин маанисин толуктап турат. Толуктооч кыйыр жөндөмөлөрдөн суроолоруна жооп берет ***(кимге? эмнеге? кимди? эмнени? кимде? эмнеде? кимден? эмнеден?).*** Ошондой эле атооч жөндөмөсүндөгү сөздөр **тууралуу, жөнүндө** жандоочтору менен берилиши мүмкүн. **Мисалы:** *Биз* ***сүрөт көргөзмөсүн уюштуруу жөнүндө*** *сүйлөштүк (Мы поговорили* ***об организации выставки изобразительного искусства****).*

Толуктоочтор түзүлүшү боюнча жөнөкөй жана татаал болот. Жогорудагы толуктооч татаал толуктоочко мисал болду. Ал эми жөнөкөй толуктоочко *«С.Чокморовдун* ***эмгектеринде*** *чыгармачыл адамдар чагылдырылган (На картинах С.Чокморова изображены творческие люди)»* деген мисалдагы белгиленген сөздү алсак болот. Ал жатыш жөндөмөнүн суроосуна жооп берди.

### Бышыктооч

Кыймыл-аркеттин ар түрдүү белгилерин - ордун, мезгилин, себебин, максатын, сапатын, сан-өлчөмүн билдирген айкындооч мүчө бышыктооч деп аталат. Ал **кайда? кайдан? качан? качантан бери?**

**эмне максат менен? эмнеге? эмне үчүн? эмне себептен? канча? нече? канча жолу?** деген ж.б. суроолорго жооп берет.

Түзүлүшүнө карата бышыктоочтор да жөнөкөй жана татаал болот. Мисалы: ***Кыргызстанда (кайда? - орун бышыктооч, жөнөкөй)*** *сүрөтчүлөр союзу 1934-жылы уюшулган. (Союз художников* ***в Кыргызстане (где? – в Кыргызстане, обстоятельство места)*** *организовался 1934-году).* ***Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (качан? - мезгил бышыктооч, татаал бышыктооч)*** *агитациялык графика - плакаттар, карикатура өнүккөн* ***(В годы Великой Отечественной Войны*** *(когда? – обстоятельство времени) развивалась агитационная графика – плакаты, карикатуры)*

**Второстепенные члены предложения**

Второстепенными называются члены предложения, которые поясняют, дополняют главные, а иногда и другие второстепенные члены предложения. В кыргызском языке суүествуют следуюүие второстепенные члены предложения: **определение (аныктооч), дополнение (толуктооч), обстоятельство (бышыктооч)**.

**Определение**

Определением назывется второстепенный член предложения, относяүийся к членам предложения, имеюүим предметное значение и указываюүий на различные признаки этих членов предложения: качественную характеристику, свойства, количества, отношение к другим предметам. С определямым словом определение связано притяжательной связью или по способу примыкания и отвечает на вопросы **кандай? - какой? кайсы - который? канча?//нече? - сколько? канчанчы?//неченчи? - который по счету? кимдин? эмненин? - чей?** Определение бывают простые и составные.

**Простое пределение** состоит из одного слова: ***Кыргыз*** *сүрөт искусствосунда* ***пейзаждык (кайсы?)*** *жанр өзгөчө өнүккөн (В Кыргызском изобразительном искусстве особенно развивался жанр пейзажа).*

**Составным определением** называется синтаксически неразрывное между собой сочетание слов, выполняюүих функцию определения в предложении *Тургунбай Садыков -* ***экинчи дүйнөлүк*** *(кайсы?)* ***согуштун*** *(эмненин) катышуучуларына арналып тургузулган*

*комплекстин автору (Тургунбай Садыков автор комплекса посвяүенный к памяти участиникам второй мировой войны). О.Мануйлованын* ***эң мыкты*** *(кандай?)* ***портреттик*** *(кайсы?) эмгеги - «СССРдин Эл артисти С.Кийизбаеванын портрети» (1952-ж) жана «Жаш кыргыз» (1955-ж) портрети болуп саналат. Самый замечательное портретное произведение О.Мануйловой – «Портрет Народной артистки С.Кийизбаевой» (1952-г.) и портрет «Молодой киргиз» (1955-г).*

.

**Дополнение**

Дополнением называется вторестепенный член предложения, выражаюүий объект действия и связанный в предложении со сказуемым по типу управления. Дополнение отвечает на вопросы косвенных падежей, кроме родительного (илик жөндөмө). Дополнения могут быть выражены формой именительного падежа с послеслогами тууралуу жөнүндө. Дополнение бывают простые, состояүие из одного слова, и составные из нескольких слов. **Например:** *С.Чокморовдун* ***эмгектеринде*** *чыгармачыл адамдар чагылдырылган (На картинах С.Чокморова изображены творческие люди). Биз* ***сүрөт көргөзмөсүн уюштуруу*** *жөнүндө сүйлөштүк (Мы поговорили* ***об организации выставки изобразительного искусства****).*

**Обстоятельство**

Обстоятельством называется второстепенной член предложения, обозначаюүий такие признаки действия как место, время, причину, цель, качество и т.д. Обстоятельство может выражаться наречием, сууествительным, в косвенных падежах, именем действия с послеслогами, деепричастием.

Обстоятельство отвечает на вопросы **кайда? - где? кайдан? - откуда? качан?- когда? качантан бери? - с каких пор? эмне максат менен? - с какой целью? эмне үчүн? - почему?** и т.д.

Обстоятельства бывают простыми и сложными. Например: ***Кыргызстанда (кайда? - орун бышыктооч, жөнөкөй)*** *сүрөтчүлөр союзу 1934-жылы уюшулган. (Союз художников* ***в Кыргызстане (где? – в Кыргызстане, обстоятельство места)*** *организовался 1934-году).* ***Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында (качан? - мезгил бышыктооч, татаал бышыктооч)*** *агитациялык графика - плакаттар, карикатура өнүккөн (****В годы Великой Отечественной Войны*** *(когда? –*

*обстоятельство времени) развивалась агитационная графика – плакаты, карикатуры)*

**Грамматикалык теманы бышыктоо**

2. Кана, эми айкындооч мүчөлөргө өзүбүз сүйлөм түзүп, мисал келтирип көрөлүчү (Студенттер аныктооч, толуктооч, бышыктоочторго сүйлөм түзүшөт).

**Кептик тема - Кыргыз сүрөт искусствосу.**

**1-тапшырма** - БББК стратегиясынын негизинде **«Билем» пункту** гүл желекчелерин бириктирүү аркылуу аткарылат (3 минута).

Балдар, буга чейин силерде сүрөт, сүрөт искусствосу, дүйнөгө белгилүү сүрөтчүлөр жана кыргыз сүрөтчүлөрү жана алардын эмгектери боюнча бир аз маалыматтарыңар болушу керек. Темага киришерден мурда силерге тапшырма берилет. Доскада ар бир топко тегерекчелер чапталган. Силердин милдет аларга гүл желекчелерин бириктирүү, алар жөн эле желекчелер болбостон, буга чейинки билгендериңер жазылган желекчелер болушу керек.

Тапшырмадан кийин слайддардын жардамы аркылуу «Сүрөт искусствосу» жөнүндө маалымат берилет.

**Кыргызстандагы сүрөт өнөрүнүн жана скульптуранын өнүгүшү**

*Кыргызстандын профессионалдык сүрөт өнөрү Совет доорунда өнүктү. Анын калыптанышында орус сүрөтчүлөрү В.В.Образцов, С.А.Чуйков, А.А.Иванов, Р.Фальку ж.б. зор роль ойношкон. В.Образцовдун демилгеси менен 20-жылдарда сүрөт ийримдери, сүрөт өнөрканасы, сүрөт өнөр студиясы түзүлгөн. 1933-жылы С.Чуйковдун демилгеси менен Уюштуруу комитети түзүлүп, 1934-жылы Кыргыз ССР Сүрөтчүлөр союзу негизделген. Бул жылдары сүрөт өнөрүнүн көбүрөөк өнүккөн түрү живопись болгон. 1935-жылы Бишкекте Сүрөт галереясы (1944-жылдан тартып Кыргыз мамлекеттик сүрөт өнөр музейи) жана Сүрөтчүлөр союзунун карамагында сүрөт студиясы (1939-жылдан тартып Сүрөтчүлөр окуу жайы) ачылган.*

*30-жылдарда Кыргызстандын сүрөт өнөрүндө социалисттик реализм методу калыптанган. Социалисттик кайра куруулар Г.Айтиевдин («Физкультурниктер», 1938), С.Акылбековдун («Колхоздо эгин бастыруу», 1936) картиналарында чагылдырылган. Ошондой эле портрет жанры өнүккөн (А.Игнатьев, «Стахановчу*

*Васильевдин портрррети», 1938; Л.Деймант, «Колхозчунун портрети», 1938; И.Гальченко, «Жумабаевдин портрети», 1940). Күндөлүк турмуштан кабар берген жана ата мекенинин кайталанбас кооздугун даңазалоо кыргыз сүрөтчүлөрүнүн жанрдык жана пейзаждык живописинин башкы темасы болгон С.Чуйковдун «Эне бактысы» (1938), «Мүнүшкөр» (1938), А.Евдаковдун «Тоо суусу» (1936), Г.Айтиевдин «Боз үйлөр» (1940), «Колхоздун короосунда» (1946), «Айыл четинде» (1949), «Ысык-Көлдөгү кайык» (1940), пейзаждык картинасында адам эмгеги жана жашоо-турмушу менен тыгыз байланышкан жаратылыштын образын түзүүгө умтулуу байкалат.*

*С.Чуйковдун «Кыргызстандын колхоз сюитасы» живопистик сериясынын жаралышы республиканын көркөм өнөр турмушундагы ири окуялардан болгон. Бул чыгармасы үчүн ал 1948-жылы СССР Мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон. Сюитага «Ыр», «Эртең менен», «Чак түш», «Кечинде» жана «Советтик Кыргызстандын кызы» аттуу атактуу полотполору кирген. 1950-жылы С.Чуйковдун «Мекенимдин бейкут талааларында», «Тянь-Шань тоо этегинде», «Совхоз таңы» пейзаждык циклы да СССР Мамлекеттик сыйлыгына арзыган.*

*Кыргыз графикасынын алгачкы чыгармалары 20-жылдардагы газета, журналдардын иллюстрациялары (В.Образцов, П.Голубев) болгон. Бишкекке сүрөтчүлөр Л.Ильина, А.Михалев, А.Сгибневдин келиши менен Кыргызстанда станковый графика пайда болгон. Л.Ильинанын «Дүйнө аялдары» линогравюралар сериясы (1966), А.Михалевдун «Лениндин идеяларынын нуру» литографиялар сериясы (1969), Е. Кузовкин, А.Мисюрев, А.Осташев, М.Өмүркуловдун «Менин мекеним» акварель сериясы (1969) мыкты чыгармалардын катарына кирет. Ошондой эле Л.Ильинанын Ч.Айтматовдун «Ак кеме» повестине (1963), Т.Герцендин «Манас»эпосуна (1981) иллюстрациялары ж.б. кыргыз китеп графикасынын жетишкендиги болуп калды. Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында агитациялык графика - плакаттар, карикатура өнүккөн. 50-жылдардын аягында Москва, Ленинград, Ташкент көркөм институттарында билим алган кыргыздын жаш сүрөтчүлөрү А.Усубалиев, К.Керимбеков, Ж.Кожахматов, М.Өмүркөлов, А.Молдахматов иштей башташкан.*

*Скульптура республикада жай өнүккөн. 30-жылдардын экинчи жарымында монументалдык живопистин туңгуч чыгармалары - эл аралык пролетариаттын жетекчилеринин фреск портреттери тургузулуп, республиканын борборунун коомдук имараттарын*

*коздоп жасалгалоо башталган (Б.Уитц, О.Павленко, Л.Месарош). 1942-жылы скульпторлор А.Мануйлов жана О.Мануйлова Фрунзеде Советтер Союзунун Баатыры И.Панфиловдун эстелигин тургузушкан. О.Мануйлованын колунан жаралган акын Ж.Бөкөнбаевдин (1947) жана музыкант М.Күрөңкеевдин (1959), Н.Лодягин жасаган эки жолку Социалисттик Эмгектин Баатыры Х.Таштровдун бюсттары портрет жанрындагы мыкты чыгармалардан болуп калды.*

*1960--1980-жылдары улуттук сүрөт өнөрүнүн гүлдөгөн мезгили болду. Кыргызстандын Сүрөтчүлөр союзунун мүчөлөрүнүн саны жаңы сүрөтчүлөр менен толукталган. Живопось жанрында өткөн чак менен учур чакты терең изилдөө, жаңы доордун адам турмушуна таасирин тийгизген таасирин аңдап түшүнүүгө аракет Т.Койчиевдин «Кыргыз аялдары. 20-жылдар» (1968), С.Ишеновдун «Кызыл өгүз, көк жайык» (1969), Г.Айтиевдин «Акындар. Арноо» (1973), Ж.Жумабаевдин «Кабар» чыгармаларынан байкалат.*

*Замандаштын кайталангыс, өзүнө гана таандык сапаттарын чагылдыруу портрет жанрына тиешелүү. Г.Айтиевдин «Чыңгыз Айтматовдун портрети» (1967), «Академик К.Каракеевдин портрети» (1969), «К.Баялиновдун портрети» (1970), А.Усубалиевдин «Акын Аалы Токомбаевдин портрети» (1972), С.Чокморовдун «С.Каралаевдин портрети» (1971) ж.б. буга мисал. Жасалга-колдонмо өнөрүндө таланттуу сүрөтчү Ж.Үмөтовдун чыгармалары өзгөчө орунду ээлесе, 1960-80-жылдарда монумент өнөрүндөгү жетишкендиктер Т.Сыдыковдун ысымы менен тыгыз байланыштуу. Анын «Кичинекей койчу», «Дирижер», «Жылкычы» станковый композициялары, С.Каралаевдин, М.Рыскуловдун, Г.Айтиевдин. Ч.Айтматовдун, А.Токомбаевдин, М.Адышевдин, С.Данияровдун портреттери бай жана түрдүү образдар дүйнөсүн ачкан. Театр сүрөтчүлөрү катары ар кайсы мезгилде И.Гальченко, Я.Штоффер, И.Белевич, А.Арефьев, А.Торопов, М.Сыдыкбаев эмгектенишкен.*

*1960-80-жылдары ошондой эле монумент өнөрү өнүккөн. Республиканын борборунда жаңы эстеликтер пайда болду: «Эл достугу» монументи (1973, Т.Садыков, С.Бакашов, З.Хабибулин), «Революциянын каармандарына», «Манас» - баатырдык эпос» скульптуралык ансамблдери (1978, 1981, Т.Садыков), Токтогулдун (1974, Г.Айтиев), Б.Бейшеналиеванын (1996), А.Осмоновдун эстеликтери , «Жеңиш», «Эркиндик» скульптуралык ансамблдери (Т.Садыков, М.Аникушин) ж.б. Кыргыз элинин көрүнүктүү мамлекеттик ишмерлери Т.Кулатовдун, Б.Исакеевдин,*

*И.Раззаковдун, Ю.Абдрахмановдун, А.Сыдыковдун, А.Сыдыковдун, А.Орозбековдун, Б.Мамбетовдун, С.Ибраимовдун эстелик-бюсттарынын коюлушу (1998-2000 Т.садыков, С.Ажиев, А.Усукеев, У.Садыков, В.Шестопал, Т.Медеров, Е.Писарской) республиканын турмушундагы маанилүү окуялардан болду. Ушул эле жылдарда таланттуу жаш сүрөтчүлөр Д.Адашканова, С.Ажиев, М.Акматкулов, А.Байтереков, К.Беков, А.Биймырзаев, Р.Бухарметов, К.Давлетов, Р.Жангаречева, Д.Жолчуев, Н.Иманалиев, Ж.Матураимов, Г.Мусабай, Т.Курманов, Д.Лысогоров, Ю.Шыгаев, Ж.Кадыралиев, У.Өмүров, У.Жалиев, Т.Забидинов, О.Идрисов ж.б. өсүп чыкты.*

*Көркөм өнөрдүн өнүгүшүнө Сүрөтчүлөр союзу менен катар өкмөттүк эмес коомдук уюмдар жана кыймылдар, анын ичинен «Кыргызстандын чыгармачыл демилгесинин аялдар лигасы» (1995), «Кыргыз стили» салттык жана азыркы маданиятты өнүктүрүү борбору (1996), «Табият» экологиялык кыймылы (1997), «Кыргызстандын сүрөтчү аялдарын жана искусство изилдөөчүлөрүн колдоо ассоциация» (1958) мамлекеттик структуралардын жана «Сорос-Кыргызстан», «Каунтерпарт-Консорциум», «ПРООНДун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү» фонддорунун, Швейцариянын финансылык жана техникалык кызматташтык боюнча координациялык бюросунун колдоосу астында Борбордук Азия регионунун, КМШ өлкөлөрүнүн жана дүйнөлүк коомчулуктун (АКШ, Англия, Франция, Германия, Нидерланд) чыгармачылык союздары менен искусство жагындагы эл аралык программалар боюнча маалыматтар банкын, маалымат чогултууда жана алмашууда байланыштарды өнүктүрүү жана чыңдоо иштерин жүргүзүүдө.*

**2-тапшырма – Көнүгүү иштөө (даярдык -3 минута, жооп берүү -7 минута).**

Ар бир топко баракчаларда сүйлөмдөр таратылып, тиешелүү айкындооч мүчөлөрдү табуу тапшырмасы берилет.

**1-баракча. Аныктоочторду тапкыла**

*Орус элинин белгилүү живописчи пейзажчысы жана графика чебери И.И.Репин Камадагы Елабука шаарында 1832-жылы 25-январда туулган. Москвадагы живопистик окуу жайын бүтүрүп, 1857-жылы Петербургадагы сүрөтчүлөр Академиясында окуган. 1858-жылы бир нече сүрөт, этюддары үчүн чоң күмүш медаль, 1860-жылы «Валандагы көрүнүш» деген пейзажы үчүн академиянын чоң*

*алтын медалын алган. 1865-жылы «Дюссельдорф айланасынын көрүнүшү» аттуу пейзажы үчүн академик (1865), «Түнт токой» картинасы үчүн прфессор (1873) наамдарына ээ болгон.*

*Чыгармалары: «Тегиз өрөөндүн койнунда», «Кара буудай», «Эмен токоюндагы жамгыр», «Карагай токою», «Карагайлуу токойдо», «Токой мейкиндиги» ж.б.*

**2-баракча. Толуктоочторду тапкыла**

***Иван Константинович Айвазовский***

*Деңиз пейзажынын эң сонун чебери И.К.Айвазовский 1817-жылы 29-июлда армяндын үй-бүлөсүндө туулган. 16 жашында Петербургдагы сүрөтчүлөр Академиясына кабыл алынган. Сүрөтчү 24 жашында дүйнөгө таанылат. Көбүнчө жаратылышка, айрыкча деңиз пейзажына кызыккан. «Тогузунчу толкун», «Чесмен согушу», «Навариндеги салгылашуу» аттуу шедеврлери, «Кара деңиз», «Толкундар арасында», «Мемиреген деңиз», «Күндүн кулагы», Репин менен биргелешип таркан «Пушкин кара деңиз жээгинде» картиналары бүт дүйнөгө белгилүү.*

*1845-жылы академик, 1847-жылы профессор наамын алган.*

**3-баракча. Бышыктоочторду тапкыла**

***Сүймөнкул Чокморов***

*Живописчи, СССРдин эл артисти, Бүткүл Союздук Ленин Комсомолу жана Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты (актерлук иши үчүн).*

*1939-жылы 9-ноябрда Кант районундагы Чоң-Таш айылында туулган.*

*Живописчи катары портрет жанрына кызыгат. Анын эмгектеринде чыгармачыл адамдар чагылдырылган: «С.Каралаевдин портрети» (1971), «Актер Жумадылов» (1971), «Кыргыз ССРинин Эл артисти А.Жангорозованын портрети» (1973), «Арноо. Саякбай Каралаев» (1974). Анын портрет жанрындагы эң жакшы чыгармасы «Революционер Сарыкулаковдун портрети» (1972) болгон. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин «Ардак Грамотасы» менен сыйланган.*

**3-тапшырма – Топтор жуптарга ажырайт да, чакан тексттер таратылат, аларды кайра айтып берүү жана алардан бир-экиден сүйлөм алып талдоо тапшырмасы берилет (10 минута).**

Топтордон студенттер чынжырча түрүндө текстти айтып беришет, ошол эле учурда бирден студент доскага сүйлөмдөрдү талдашат.

***1-жупка 1-текст***

***Тургунбай Садыков***

*Садыков Тургунбай - Кыргыз Эл Баатыры, бедизчи, сүрөтчү, Лениндик сыйлыктын лауреаты, Социалисттик эмгектин Баатыры.*

*1935-жылы азыркы азыркы Баткен облусунун Говсувар деген жеринде туулган. Говсуварда он жылдык мектеп болбогондуктан, 1947-жылдан тартып Ош шаарындагы жатак мектебинде окуп, аны 1954-жылы бүтөт. Жаратман алгачкы эмгеги «Баланын башы» айкели 1957-жылы Республикалык көргөзмөдө скульпторлор арасында баш байгени алат.*

*1961-жылы «Койчу» жана «Телегей Сагынбаева» деген эки иши Москвада Бүткүл бирликтик көргөзмөдө ачылып, бедизчинин көп улуттуу өлкөдө таанылышына чыйыр ачат.*

*Тургунбай Садыков 1962-64-жылдары Москванын Жогорку көркөм өнөр окуу жайынын алдындагы эки жылдык жогорку курста окуйт. Бул жылдары СССРдин эл сүрөтчүсү, Лениндик сыйлыктын лауреаты Сергей Коненьков менен өтө жакындашып, анын таалим-тарбиясын көрөт жана ак батасын алат. Бедизчинин «Жылкычы» деген иши 1967-жылы Кыргызстан Ленин комсомолу атындагы республикалык сыйлыкка татыктуу болот.*

*Тургунбай Садыков Бишкектеги Улуттук филармониянын алдындагы манасчылардын айкелинин, «Ала-Тоо» кинотеатрынын каптал жагындагы «Революциянын каармандары» жана С.Ибрагимов көчөсүндөгү 1941-45-жылдардагы Экинчи дүйнөлүк согуштун катышуучуларына арналып тургузулган комплекстин, ошондой эле «Ала-Тоо» аянтындагы Эркиндик айкелинин автору.*

**2-жупка - 2-текст**

***Мануйлова Ольга Максимилиановна***

*Кыргыз ССРинин Эл сүрөтчүсү О.М.Мануйлова (Тихомирова) 1893-жылы 30-октябрда Нижний Новгороддо аскер врачынын үй-бүлөсүндө туулган. 1912-жылы 19 жаштагы Ольга скульпторлор Хофштедер менен Швереглени жеке мектептеринен окуу үчүн Мюнхенге барат. Бир жылдан кийин Москвага келип, билимин андан ары улантат.*

*Кыргыз өкмөтүнүн чакыруусу менен 1939-жылы О.М.Мануйлова Т.Сатылгановдун эстелигинин долбоорун иштеп чыгуу үчүн республикага келет. Кыргызстандын адамдары,*

*жаратылышы сүрөтчүгө абдан жаккандыктан, О.М.Мануйлова бул жерде түбөлүккө калууну чечет. Ушул учурда Фрунзеде (азыркы Бишкек) С.А.Чуйков, Г.А.Айтиев, С.Акылбеков өңдүү таланттуу сүрөтчүлөрдүн тобу түзүлүп калган эле. Анын колунан «БЧКнын куруучулары», «Фронтко жардам» (1942-ж) портреттери жана генерал И.В.Панфиловдун эстелиги жаралган. Кийинчерээк анын долбоорлору боюнча Ж.Бөкөнбаевдин, Т.Молдонун, М.Куренкеевдин эстеликтери Фрунзе шаарына тургузулган. Анын портреттик галереясынан согуштун жана эмгектин ардагерлеринин, коомдук ишмерлердин, карапайым адамдардын образдарын көрө алабыз. Анын колунан 600дөн ашуун скульптуралык чыгармалар жаралган. Алар азыр да Бишкектин көчөлөрүн көркkө бөлөп турат. О.Мануйлованын эң мыкты портреттик эмгеги «СССРдин Эл артисти С.Кийизбаеванын портрети» (1952-ж) жана «Жаш кыргыз» (1955-ж) портрети болуп саналат.*

*Өкмөт анын эмгектерин эске алып, Кыргыз ССРинин Эл сүрөтчүсү» деген наам ыйгарат. «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак Белгиси» ордендери жана бир канча медалдар менен сыйлайт.*

**3-жупка - 3-текст**

## *Акылбеков Сабырбек Мамбетсадыкович*

*Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер, живописчи.*

*1914-жылдын 15-февралында Калинин районундагы Кум-Арык айылында туулган. 1932-жылы Жадал-Абад педагогикалык техникумун бүтүргөн. 19341-35-жылдары Фрунзедеги №5 кыргыз мектебинде мугалим болуп иштеген. Ушул жылдарда ал сүрөтчүлөр С.Чуйков, Л.Касаткин, А.Игнатьев, Г.Айтиев менен жакындашып кеткен. 1936-1938-жылдарда Москвадагы «1905-жылдын эстелигине» атындагы көркөм окуу жайда окуп, белгилүү пейзажисттер П.П.Петрович жана Н.П.Крымовдон сабак алган. Улуу Ата мекендик согуш жылдарында Советтик Армиянын катарында болгон. 1934-жылдагы республикалык көркөм көргөзмөнүн катышуучусу, ошол эле жылдан баштап СССРдин сүрөтчүлөр Союзунун мүчөсү.*

*Акылбеков - Кыргызстандын сүрөтчүлөрүнүн биринчи муунунун белгилүү өкүлү. Кыргыз сүрөт искусствосунун тарыхында лирикалык пейзаждын чебери катары калды. Чыгармачылык, педагогикалык жана коомдук ишмердүүлүгү менен кыргыз сүрөт искусствосунун калыптанышына зор салым кошкон.*

*1953-жылы С.Акылбеков Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрынын, кийинчерээк Кыргыз Мамлекеттик университетинин имараттарын көркөм жасалгалоого катышкан.*

*Фрунзе көркөм окуу жайынын окутуучусу жана директору катары (1953-1968) республиканын көркөм кадраларын даярдоо көп эмгек кылып кеткен.*

*Кыргызстандагы сүрөтчүлөр Союзунун башкармалыгынын мүчөсү катары коомдук иштерди алып барган.*

*«Ардак белгиси» ордени менен, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 5 Ардак грамотасы менен, ошондой эле Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы менен сыйланган.*

*Негизги эмгектери: «Кызыл чайханада» (1936), «Талаада» (1938), «Кыштак» (1938) «Токтогулдун шаккирти Коргоолдун портрети» (1940), «Кыргыз талааларында» (1953), «Кыргызстандын түштүгүндөгү күз» (1963-64), «Кечки этюд» (1956) ж.б.*

**4-жупка - 4-текст**

## *Гапар Айтиев*

*Кыргызстандын улуттук профессионал сүрөт өнөрүнө негиз салган таланттуу сүрөтчү, Сүрөт Академиясынын корреспондент-мүчөсү, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, Социалисттик эмгектин Баатыры, коомдук жана мамлекеттик ишмер Гапар Айтиев 1912-жылы 15-сентябрда Ош областына караштуу Төлөйкөн айылында туулган.*

*Ал 1952-жылы Фрунзедеги агартуу институтун бүтүрүп, эмгек жолун Жалал-Абад техникумунда мугалимдик кесиптен баштаган.*

*1935-38-жылдарда Москвадагы «1905-жылдын эстелиги» сүрөт окуу жайында окуу жайында окуп, Н.П.Крымов менен П.Петровичтерден таалим алган. 1939-жылы «Алтын кыз» музыкалуу драмасын жасалгалап, «Ардак белгиси» орденине татыктуу болгон.*

*1960-жылы «Чабандар», «Ысык-Көл - кыргыз деңизи» чыгармалары үчүн Токтогул сыйлыгынын лауреаты болгон.*

*1951-54-жылдарда Кыргыз опера жана балет театрынын имаратын жасалгалоо ишине көркөм жетекчи болгон. Т.Сатылганов менен Нарындагы Жукеев-Пудовкиндин эстеликтери да Г.Айтиевдин колунан жаралган. Көп жылдар бою сүрөтчүлөр Союзун жетектеп келген. Ленин, Октябрь революциясы ордени, эки ирет «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери, бир нече*

*медалдар менен сыйланган. 1984-жылы дүйнөдөн кайткан. Белгилүү эмгектери: «Атанын портрети», «Колхоз катчысы Имангазы» (1934), «Жайлоодогу чак түш», «Фронттон кат» (1943), «Тоодогу кеч» (1958), «Кыштак четинде» (1959), «Тоодогу таң» (1968), «Көгүлтүр Ысык-Көл» (1977) ж.б.*

**5-жупка-5-текст**

### *Сабитжан Бакашев*

*Монументалист, живописчи. 1941-жылы Тоң районундагы Ай-Терек айылында туулган. 1966-жылы Ленинграддагы В.И.Мухин атындагы жогорку көркөм-өнөр жай окуу жайынын монументалдык-декоративдик живопись бөлүмүн бүтүргөн. Жогорку профессионалдык даярдыктан өткөн алгачкы сүрөтчү-мнументалист катары Кыргызстандын монументалдык искусствосунун өнүгүшүнө жигердүү катышкан. 60-70-жылдарда өлкөнүн борборундагы М.В.Фрунзенин мемориалдык музейинин, Кыргыз мамлекеттик драма театрынын, Кыргыз циркинин, «Манас» аэропортунун имараттарын жасалгалоого катышкан.*

*Сүрөтчүлөрдүн арасынан биринчилерден болуп керамикага кыргыздын оюм-чийимдерин колдонуп иштей баштаган («Аркардын башы», «Бүркүттүн башы», «Аңгемелешүү» ж.б.*

*Бакашев Фрунзенин башкы сүрөтчүсү, Кыргыз сүрөтчүлөр Союзунун башкармасында мүчө, Кыргыз ССРинин Көркөм фондусунун кеңешинин төрагасы болуп иштеген. Кийинчерээк Кыргыз сүрөтчүлөр Союзунун монументалдык секциясынын төрагасы болуп шайланган.*

**6-жупка 6-текст**

### *Чуйков Семен Афанасьевич*

*Живописчи. ССРдин Эл сүрөтчүсү, СССРдин сүрөт Академиясынын анык мүчөсү. ССРдин Мамлекеттик сыйлыктарынын ээси, Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Джавахарлал Неру атындагы индиялык сыйлыктын ээси.*

*Кыргызстандагы сүрөт искусствосунун жаралышы, өнүгүшү жана жогорку жетишкендиктери С.Чуйковдун ысымы менен байланыштуу.*

*С.А.Чуйков 1902-жылдын 30-октябрында Пишпекте аскер катчысынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1920-1921-жылдарда С.Чуйков Ташкент көркөм мектебинде, 1921-1929-жылдарда Р.Фальктан таалим алган. 1929-32-жылдарда Москвада*

*кийинчерээкЛенинграддагы көркөм институтта окутуучу болгон. Бул жылдарда ал жалаң кыргыз темасында иштеген. Ал 1933-жылы уюшулган Кыргызстандагы сүрөтчүлөрдүн Уюштуруу комитетинин төрагасы, сүрөтчүлөр В.Образцов, А.Игнатьевдер менен биринчи республикалык көргөзмөнүн уюштуруучуларынан болгон. Анын демилгеси жана жигердүү катышуусу менен кыргыз сүрөт галереясы (азыркы кыргыз мамлекеттик сүрөт искусствосунун музейи) уюштурулган. Өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин сүрөтчүлөр Союзу башкармалыгынын ардактуу мүчөсү болгон. Белгилүү чыгармалары: «1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшү» (1936), «Мүнүшкөр» (1938), «Калык Акиевдин портрети» (1939), «Токтогул эл арасында» (1939-1941), «Күзгү жайлоо» (1945), «Советтик Кыргызстандын кызы» (1948) ж.б. Чыгармалары Кыргызстандын жана дүйнөнүн көптөгөн шаарлары - Делиде, Мадраста, Калькуттада, Парижде, Амстердамда, Берлинде, Иогоанессбургда, Лондондо, Венецияда, Софияда, Будапештте, Токиодо, Киотодо, Парагада, Хельсинкиде, Цюрихте көргөзмөлөрдү коюлган.*

*Ленин, эки жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, эки жолу «Ардак Белгиси», болгардык «Кирилл жана Мефодий» ордендери менен жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган.*

**4-тапшырма – Эки бөлүктүү күндөлүк толтуруу (даярдык - 5 минута, презентация – 5 минута, ар бир топ ватманга күндөлүктү чийип, толтурушат жана презентациялашат).**

Стратегиянын негизинде комментария берүү жатат. Текстти же башка маалыматты интерпретациялоо (түшүндүрүү) билгичтиктерин калыптандырат жана ага реакцияны пайда кылат.

Комментарий – бул кайсы бир нерсе жөнүндө талкуулар, түшүнүктөр жана сын-пикирлер айтылган эскертүүлөр.

Топторго дүйнөгө белгилүү сүрөтчүлөр жана алардын бирден эмгектери таратылат жана анын негизинде төмөндөгүдөй эки бөлүктүү күндөлүк толутурушат

**Үлгү:**

| **Белгилүү сүрөтчү жана анын эмгеги** | **Комментария (чыгарманы сүрөттөп берүү жана сүрөтчү кандай ойду берейин дегендигин айтып берүү)** |
|---|---|
| Леонардо да Винчи «Мона Лиза» | 1) …<br>2) … |

| | |
|---|---|
| | 3) … |

**5- тапшырма – Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү жөнүндө жомок жазуу тапшырмасы берилет. Бул тапшырма аркылуу грамматикалык тема бышыкталат,бекемделет жана жыйынтыкталат.**

**Ал эми орус тилдүү студенттерге белгилүү сүрөтчүлөр, сүрөт өнөрүнүн жанрлары катылган баш катырма табуу тапшырмасы берилет (5 минута).**

**6-тапшырма – БББК старатегиясынын «Билдим» пункту үчүн жаңы алган маалыматтарын гүл желекчелерине жазып бириктиришет.**

**Ал эми «Билгим келет» бөлүмчөсү боюнча студенттер сүрөт искусствосу боюнча дагы эмнени билгиси келерин үчүнчү түстөгү кагазга жазышатат да окутуучуга беришет (5 минута).**

**Тема жыйынтыкталат – Мугалимдин жыйынтыктоо сөзү (1 минута).**

Ушуну менен биздин «Кыргыз сүрөт искусствосу» деген темабыз жыйынтыкталып жатат. Сабактын жүрүшүндө силер өзүңөргө сүрөт искусствосу боюнча маалыматтарды ала алдыңар деген ишеничтемин.

Өзүңөр байкагандай сүрөт искусствосу искусствонун башка түрлөрүнө караганда өзүнүн көркөмдүгү, эстетикалуулугу, ошону менен бирге эле татаалдыгы менен айырмаланып турат. Ошондуктан сүрөтчүлөрдүн эмгектерин жогору баалап, көздүн карегиндей сактап, кийинки муундарга маданий мурас катары өткөрүп берүү ишине бардыгыңыздарды чакырып кетет элем.

**Үйгө тапшырма берүү (1 минута).**

3. Азыркы мезгилдеги белгилүү дүйнөлүк жана кыргыз сүрөтчүлөрү тууралуу маалымат жазып келүү.
4. Тексттен беш сүйлөмгө талдоо жүргүзүү.

**Студенттердин билимин баалоо (1 минута)** – Чакан топтордун бири-бирине берген баасы, мугалимдин түздөн-түз байкоосу боюнча студенттер бааланат.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Сабактын кептик темасы – Касым Тыныстанов**
**Сабактын грамматикалык темасы – Барыш жөндөмөсү**
**(орус тайпасы үчүн)**

**Сабактын максаттары:**
**А) билим берүүчүлүк максаты**

Студенттерге агартуучу, окумуштуу, коомдук ишмер, акын жана жазуучу, белгилүү драматург жана журналист, түрколог, туңгуч профессор Касым Тыныстановдун өмүр жолу, чыгармачылыгы, сиңирген эмгеги боюнча студенттердин билимдерин тереңдетүү. Анын көп кырдуу талант, уникалдуу адам болгондугу тууралуу маалыматтарын кеңейтилет.

Жөндөмөлөр категориясын студенттердин эсине салуу менен барыш жөндөмөсү боюнча мектепте жана биринчи курста алган билимдерин тереңдетилет, барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн варианттары, варианттарга ээ болуу себептерин, барыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн берген маанилерин түшүндүрүлөт, билимдерин бекемделет жана бышыкталат.

**Б) Өнүктүрүүчүлүк максаты**

Студенттердин өз көз карашына ээ болуп, аны эркин бере билүүгө, көз карашын коргой алууга, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу айта билүүгө көнүгүшөт.

Сүйлөмдүн жана тексттен барыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү туура таба билүү, барыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү башка жөндөмөлөрдөн айырмалоо, аларды оозеки жана жазуу кебинде туура колдонуу көндүмдөрү өнүктүрүлөт.

**В) тарбия берүүчүлүк максаты**

К. Тыныстановдун өмүр жолу, эмгеги аркылуу студенттерди эмгекчилдикке патриоттукка, чынчылдыкка, эли-жерине кызмат кылуудан, ак жолдон тайбоого тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде студент…**
**А)** Агартуучу, окумуштуу, коомдук ишмер, акын жана жазуучу, белгилүү драматург жана журналист, түрколог, туңгуч профессор Касым Тыныстановдун өмүр жолу, чыгармачылыгы, сиңирген эмгеги боюнча студенттердин билимдерин тереңдетилет.

Жөндөмөлөр категориясын студенттердин эсине салуу менен барыш жөндөмөсү боюнча мектепте жана биринчи курста алган билимдерин тереңдесе;

**Б)** Студенттердин өз көз карашына ээ болуп, аны эркин бере билүүгө, көз карашын коргой алышса, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу айта билишсе;

Сүйлөмдүн жана тексттен барыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү туура таба билишсе, барыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү башка жөндөмөлөрдүн айырмалашса, аларды оозеки жана жазуу кебинде туура колдонушса;

**В)** К.Тыныстановдун өмүр жолу, эмгеги аркылуу студенттерди эмгекчилдикке патриоттукка, чынчылдыкка, эли-жерине кызмат кылуудан, ак жолдон тайбоого тарбияланышса.

**Сабактын тиби –** Стандарттуу эмес сабак
**Сабактын түрү –** Жаңы билимди берүү сабагы.
Чыгармачыл чакан топтордо иштөө.

**Окутууда колдонулуучу усулдар:**
интерактивдүү ыкмалар, эки бөлүктүү күндөлүк түзүү, классетер, синквейн түзүү
**Баалоо усулу**: Өз ара баалоо, түздөн-түз байкоо

**Сабактын жабдылышы:** окуу китеби, флипчарттар, А4 формасындагы барактар, карточкалар, маркерлер, слайддык материалдар, скотч.

**Колдонулган адабияттар:**

20. Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүү: Адабий эскерүүлөр. – Бишкек,1996.
21. Буйских Т. М., Задорожная Н. П. Критическое мышление в преподавании общественных дисциплин: Методическое пособие для преподавателей вузов. – Бишкек: ОФЦИД, 2003.
22. Касым Тыныстан уулу: Адабий чыгармалар. – Б.: Адабият, 1991.
23. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. – Фрунзе, 1980.
24. Сатышева Г. А., Мусакеева М. О., Кыргыз тили. Окуу куралы. – Каракол, 2001.


**Илимдер аралык байланыш** – Тарых, адабият илимдери.

**Сабактын жүрүшү**

**7) Уюштуруу**

Студенттер менен саламдашуу, алардын көңүлүн топтоп, сабакка буруу.

**8) Өтүлгөн теманы кайталоо**

**Үй тапшырмасын текшерүү**

«Манас» эпосу, манасчылар: Сагынбай Орозбаков, Саякбай Каралаев боюнча кайталоо.

Кайталоодон мурун биз «Манас» эпосу канча бөлүмдөн турарын эстеп, ошол топторго бөлүнүп алалы. (Студенттер «Манастын» бөлүмдөрүн аташат. «Манас», «Семетей», «Сейтек» топторуна чогулуп, отурушат.

***Үй тапшырмасын кайталоо үчүн суроолор:***

1. «Манас» эпосунун биз үчүн мааниси канчалык?
2. «Манас» эпосунун көлөмү канча? Дүйнөнүн башка эпосторуна салыштырмалуу көлөмүн айтып бергиле.
3. Манас айтуучулар жөнүндө эмнелерди билесиңер?

(Студенттер суроолорго жооп бергенден кийин жоопторундагы эсептик жана иреттик сандарды байкап аныктайбыз жана сан атоочтун түрлөрүн эсибизге түшүрөбүз).

Эми Үйгө берилген тапшырма канчалык деңгээлде аткарылгандыгын текшерели. Силерге «Манастагы ыйыктар», Манастын осуяттары, сан атоочторду окуп келүү берилген.

1-топко – Манастагы ыйыктар (кластер түзүү).

2-топко – Манастын осуяттары («Осуят» сөзүнө синквейн)

3-топко – Сан атооч, эсептик жана иреттик сан атоочтор («Венндин диаграммасын» түзүү.

**9) Жаңы теманы түшүндүрүү**

Балдар биздин бүгүнкү сабагыбыздын кептик темасы улуу инсан, биздин окуу жайыбыз атын сыймык менен алып жүргүн окумуштуу-агартуучу, коомдук ишмер, жазуучу, котормочу Касым Тыныстановго арналат.

Ал эми сабагыбыздын грамматикалык темасы - Барыш жөндөмөсү.

**Чакыруу этабы** – Суроолор берилет:

5. Касым Тыныстанов дегенде эле оюңарга кандай адамдын элеси тартылат? Ал жөнүндө эмнени билесиңер?
6. Эмне үчүн Касым Тыныстановдун ысымы биздин окуу жайыбызга берилген? (Студенттер Касым Тыныстановду

окумуштуу, коомдук ишмер, жазуучу катары белгилешкенден «Манас» тобу – «Окумуштуу», «Семетей» - «Коомдук ишмер», «Сейтек» - «Жазуучу» топтору болуп кайрадан аталышат.)

Кана балдар, бүгүн сабактан кандай маалымат алабыз деп ойлойсуңар, алдыңардагы барактарга тизмелеп жазып жибергилечи. (Студенттер сабакта кандай маалыматтарды алып, эмнеге ээ болгусу келерин максат кылып, айтып беришет. Студенттер өз максаттарын айтышкандан кийин К. Тыныстановдун

Ай, жылдыздай тизилген,
Алыс, чоңго кол созсок.
Азап чеккен, эзилген,
Элибизге кул болсок, - деген саптары слайд менен

көргөзүлөт. Ыр саптарына комментария берилүү менен
К. Тыныстановдун өмүр жолу боюнча кыскача маалымат берилет.

***Касым Тыныстанов – маданият жана агартуу ишмери, педагог жана журналист, белгилүү драматург жана акын, котормочу жана көрүнүктүү түркolog, кыргыз профессионалдуу адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири, туңгуч профессор.***

***1901-жылы 10-сентябрда Ысык-Көлдүн Чырпыкты айылында туулган. Атасы кат тааныган адам болгондуктан, анын кат-сабаты атасынын колунан ачылган. 1912-жылы атасы аны мусулман мектебине берет. 1913-жылы Байсорун кыштагындагы өзбек мектебин бүтүрүп, Каракол шаарындагы орус-тузем мектебинде 1916-жылга чейин окуйт. 1916-жылы ата-энеси менен Кытайга качууга аргасыз болот. 1919-жылы Ташкенттеги Агартуу институтуна өтүп, 1924-жылы бүтүрүп чыгат. Ушул эле жылы Караколго келип, мугалимдерди даярдоочу курска сабак бере баштайт. 1925-жылдын август, сентябрь айларында «Эркин-Тоо» газетасына редактор, 1927-30-жылдары Кыргыз АССР Эл агартуу комиссары. 1928-жылы «Жаңы маданият жолунда» журналын уюштуруп, 1931-жылы чейин анын жооптуу редактору. 1930-37-жылдарда Кыргыз маданият курулуш институтуна илимий кызматкер жана директор. Ошол эле мезгилде 1932-37-жылдары Кыргыз пединститутунун мугалими, 1932-жылы доцент, 1936-жылы профессор.***

***Илимий эмгектери: «Кыргыз адабий тилинин орфографиясынын долбоору» (1934), «Окуу китеби» (1924),***

***«Чоңдор үчүн алиппе»(1926), «Биздин тил» (1927), «Кыргыз тилинин морфологиясы» (1934), «Кыргыз тилинин синтаксиси» (1936), «Кыргыз тилинин терминологиялык сөздүгү» (1933).***

Мындан соң барыш жөндөмөсү жөнүндө маалымат слайд аркылуу берилет:

Барыш жөндөмөсү кыймыл-аракет багытталган затты билдирет да, кимге? эмнеге?деген суроолого жооп берет. Мүчөсү 8 варианттуу: -га, -ге, -го, -гө; -ка, -ке, -ко, -кө.

Эгерде сөз үндүү же жумшак үнсүз менен аяктаса -га варианты уланат. Каткалаң үнсүздөр менен аяктаган сөздөргө -ка варианты жалганат. Мисалы: балага, кишиге, паркка, университетке.

Жак таандык жана жалпы таандык (-ныкы) мүчөлөрүнүн кийин -а, -е, -о, -ө; -на, -не, -но, -нө варианттары уланат. Мисалы: атама, энесине, сабагына, эжемдикине ж.б.

**Барыш жөндөмөсү**

| Суроосу | Мүчөлөрү | | |
|---|---|---|---|
| | Сөз үндүүлөр жана жумшак үнсүздөр менен бүтсө | Каткалаң үнсүздөр менен бүтсө. | Жак таандык Жана жалпы таандык мүчөлөрүнүн кийин |
| Кимге? Эмнеге? Каякка? | -га, -ге, -го, -гө | -ка, -ке, -ко, -кө | -а, -е, -о, -ө, -на, -не, -но, -нө |
| Мисалдар | Балага, тоого, көлмөгө, короого | Мектепке, төрткө, ишке | Энеме, инимдикине, китебиме, сүрөтүмө, үйүнө |

Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр төмөндөгүдөй маанилерди билдирет:

1) Кыймыл-аракеттин кимдин, эмненин пайдасына аткарылгандыгын билдирет: *Мен ушул кепти **Алиманга** айттым.*
*2)* Кыймыл-аракеттин кимдин, эмненин пайдасына аткарылгандыгын, кимге арналгандыгын билдирет: ***Мектепке** окуу куралдарын алдык. **Студенттерге** билимибизди берип, билгендерибизди үйрөтүүдөбүз.*
*3)* Бирөөнүн кандай ишке, уюмга, кызматка тартылганын, дайындалгандыгын билдирет: *Салтанатты группанын **старосталыгына** шайладык.*
*4)* Кандайдыр бир нерсе куюлган, салынган затты көрсөтөт: *Эже мага кичирээк **чыныга** чай куюп берди.*
*5)* Барыш жөндөмөсүндөгү сөз мейкиндик мааниде болсо, аны башкарып турган этиштин маанисине ылайык кыймыл-аракеттин багытталган, жеткен, же болгон ордун билдирет: *Жаштар **шаарга** келишти.*
6) Кыймыл-аракеттин канчага чейин созулар мезгилин билдирет: *Ал **Москвага** бир **айга** кетти.*
*7)* Заттын өсүп жеткен чегин, өлчөмүн, бааны билдирет: *Бул китепти 150 **сомго** алдым.*
*8)* Максаттык маанини билдирет: ***Студенттерге** сабак **өтүүгө** келдим. Алар менен **учурашууга** сыртка чыкты.*

Барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр сүйлөмдү толуктоочтук, орун мезгил, максат бышыктоочтук милдеттерди аткарат.

Мисалы: *Болгон ишти мен **жетекчиге** айтармын.* (тол.) *Биз **Чолпон-Атага** келдик.* (орун быш.) *Эмилбектин эркелиги **узакка** созулду.* (мезгил быш.) *Ушул иштерди **акылдашууга** кетти.* (максат быш.)

Кээде барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү түшүп калган учурлары болот:

*Көкөтөйдүн Бокмурун,*
*Үч **Каркыра** конду де.*

*Азыр **Манас** баралы,*
*Айдап жылкы алалы.*

(«Манастан»)

**Сабакты бышыктоо**

3. Кана, барыш жөндөмөсүнүн мүчөлөрүнө мисал ойлоп жибергилчи. (Студенттер мисалдар келтиришет).
4. Грамматикалык тема боюнча суроолоруңар барбы? Жок болсо окуу китебинин 196-бетиндеги сүйлөмдөрдү окуп

чыгып, барыш жөндөмөсүндөгү сөздоргө суроолорду бергиле, кайсы варианттагы мүчөлөр уланды?

5. Көнүүүдөгү ойлорду улап, К. Тыныстановдун өмүр баяны менен кененирээк таанышуу максатында анын өмүрүнүн урунттуу учурларын слайддан көрсөтөбүз.

**2-тапшырма**

Касым Тыныстановдун ишмердүүлүгүнүн үч багыты боюнча топторго сүрөт аркылуу көрсөтүү тапшырмасы берилет. Презентациялоодо сүйлөп түшүндүрүп беришет.

**1-топко** – коомдук ишмердиги

**2-топко** – окумуштуулугу

**3-топко** – жазуучулугу, котормочулугу.

Тапшырманы аткарып бүтүшкөндөн кийин окутуучу тарабынан маалыматтар толукталат, жаңы маалыматтар берилет. Окумуштуунун кыргыз тилинин грамматикасын негиздөөчү катары барыш жөндөмөсү тууралуу аныктамалары окулуп берилет.

**3- тапшырма – Көнүгүү иштөө.**

Баракчаларда сүйлөмдөр таратылып, барыш жөндөмөлөрүнүн мүчөлөрү уланат, мүчөсүнүн варианттары түшүндүрүлөт.

**4-тапшырма – Текст менен иштөө**

Касым Тыныстановдун түзгөн окуу китептериндеги тексттер жазылган барактар топторго таратылып, текстти окуп, айтып беришет. Барыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдү табышат.

**5- тапшырма – Эки бөлүктүү күндөлүк түзүү**

К. Тыныстановдун «Дениз – акын, жүрөк – толкун, шамал - шык» деген ыры көркөм окулат. Андан соң куплеттерге бөлүнүп, студенттер окушат.

**Деңиз – акын, жүрөк – толкун,**
**шамал - шык**

Күн боорунда сулуулукту кучактап,
Жаш баладай деңиз күлөт, тынч жатат.
Жан болжогус тереңинде деңиздин,
Эмне сыр бар термелсе да билбес жан.

Жел терметсе, жаткан деңиз солкулдап,
Көтөрүлүп, көөкөрдөнөт толкундап.
Байлоодогу эрк сагынган арстандай,
Чымырканат, улуп-уңшуп күч жыйнап.

Катар-катар өркөч толкун чымылдап,
Жарды уратат эпкин менен койгулап.
Кайтышында сырын айтат ааламга,
Ыр аралаш өксүп-өксүп ый ыйлап.

Ырчы толкун, ыйчы толкун сырын ук,
Эрк, махабат табуу үчүн чыдамдык.
Теше тиктеп, терең тыншап карасаң,
Деңиз – акын, жүрөк – толкун, шамал –шык.

Ыр эки бөлүктүү күндөлүк түзүү стратегиясы аркылуу чечмеленет. Студенттер өзүнө жаккан саптарды тандап алышат да, топтордо талкуулашып, комментария беришет, эмне үчүн ушул саптарга көңүл бурушкандыктарын түшүндүрүшөт.

| **Тексттен (ырдан) жаккан фраза, ыр саптары** | **Комментария** |
|---|---|
| | |

**6-тапшырма**

Окуу китебинин 197-бетиндеги макалдарды тандашып, сабактын темасына байланыштырылып, чечмелешет.

1) Чындык жалтырайт, калп калтырайт.
2) Кеп чынынан бузулбайт.
3) Жакшынын өзү өлсо да сөзү өлбөйт.
4) Эмгек – дайра, билим – кеме.
5) Бир киши арык казса, миң киши суу ичет.
6) Адам өлсө даңкы калат,
   Ат өлсө – териси калат.
7) Эки жүздүү – эл бузат.
8) Жакшы киши калааны курат,
   Жаман киши калааны бузат.

**Тема жыйынтыкталат** – Мугалимдин жыйынтыктоо сөзү
Үйгө тапшырма берүү.

1. Жогорудагы макалдардын бирин тандап, дилбаян жазуу.
7. К. Тыныстановдун «Деңиз – акын, жүрөк – толкун, шамал – шык» деген ырын жаттап келүү.
8. Адилеттик, акыйкаттык жөнүндөгү кыргыз макал-лакаптарынан жазып келүү.

**Студенттердин билимин баалоо** – Чакан топтордун бири-бирине берген баасы, таратылган фигуралардын баасы боюнча мугалим студенттерди баалайт.

**Сабакты жыйынтыктоо.**

**ЫМУнун кыргыз тили**
**кафедрасынын окутуучусу**
**Түргөнбаева Айзада**

Кыргыз тили предмети боюнча өткөн ачык сабагынын иштелмеси
(орус тайпалары үчүн кыргыз тили сабагы)

I Сабактын грамматикалык темасы: Татаал сүйлөм

Сабактын кептик темасы: Касым Тыныстанов

II Сабактын максаттары:

| Сабактын билим берүүчүлүк максаты | Сабактын тарбиялоочулук максаты | Сабактын өнүктүрүүчүлүк максаты |
|---|---|---|
| Студенттерге татаал сүйлөмдү кеңири түшүндүрүү; сүйлөм боюнча алган билимдерин жалпылоо, системалаштыруу, тереңдетүү.<br>Касым Тыныстанов тууралуу кеңири маалымат берүү, агартуучу, окумуштуу, коомдук ишмер, акын жана жазуучу, белгилүү драматург жана журналист, түркolog, туңгуч профессор Касым Тыныстановдун өмүр жолун, чыгармачылыгы, кыргыз элине сиңирген эмгеги боюнча студенттердин мурда алган билимдерин тереңдетүү; анын көп кырдуу талант, уникалдуу адам болгондугу тууралуу маалымат берүү теманын баалуулугуна ынандыруу. | Студенттерди патриоттуулукка, эл жерди сүйүүгө, кыргыз элинин белгилүү инсандарынын тарых-таржымалын ар дайым билүүгө тарбиялоо;<br>сабакта алган билимдерин турмушта колдоно алуунун жолдоруна үйрөтүү. | Студенттердин өз көз караштарына ээ болуп, аны эркин айта билүүгө, көз карашын коргой алууга, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу айта билүүгө көнүктүрүү;<br>сүйлөмдүн түрлөрүн жазуу жана оозеки речтеринде туура колдоно алууга үйрөтүү;<br>көрүү жана угуу аркылуу эске тутууларын өстүрүү;<br>топ ичинде иштөө жөндөмүүлүктөрүн өнүктүрүү,<br>жоопкерчиликтүү студенттерди уюштуруу, билим алууда атаандаштыкка көнүктүрүү. |

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде студент:

| | | |
|---|---|---|
| Касым Тыныыстановдун өмүрү жана чыгармачылык жолун толук билишсе;<br>маалматтардын баалуулугуна ынанышса;<br>мурда алган билимдерин жаңы маалыматтар менен толуктай алышса. | Маалыматтардын негизинде Касым Тыныстановдун коомдогу, илимдеги, маданияттагы, адабияттагы ээлеген ролун аныктай алышса; | Көз караштарын коргой алышса;<br>топ ичинде бири-бирин сыйлап, уга билип, сылык мамиледе болушса;<br>окуучуларда жоопкечилик сезими пайда болсо;<br>ийгиликке жетиш үчүн атаандашып иштешсе;<br>убакытка туура мамиле жасашса. |

**III Сабактын тиби:** бышыктоо сабагы.
**IV Окутуу методу:** интерактивдүү ыкма: кичи топ менен, жуп менен иштөө.
**V Сабактын жабдылышы:** К. Тыныстановдун өмүр жолу боюнча жасалган стенд, видео, аудио роликтер, слайддар, баалоо критерийлери, карточкалар, Касым Тыныстановдун жана анын ишмерүүлүгүнө арналган китептер.
**VI Сабактын милдети:**
- студенттерди өтүлгөн тема боюнча билимдери, түшүнүктөрү тереңдейт;
- маалыматтардагы негизги ойду аныктай алышат;
- тема боюнча маалыматты видео жана аудио роликтерден, слайддардан көрүп, угуп, анны кайра өз ойлору менен толуктап, грамматикалык теманы кептик тема менен байланыштыру мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат;
- жекече, жуп менен, кичи топтордо иштей билүү, бирин-бирин уга билүү, башканын оюн сыйлай билүү, бир чечимге келүү, өзүнүн иш-аракетин баалай билүү сыяктуу көндүмдөргө ээ болушат;
- ар бир ойдун баалуулугуна ынануу менен бири-бирин баалоо ыкмасына ээ болушат;
- текстти активдүү окуунун маанилүүлүгүн белгилейт;
- тексттин үстүндө иштөөдө студенттин өз тажрыйбасын алып чыгат;
- ар түрдүү интерпритацияларга күбө болууга мүмкүндүк берет;
- социалдык билгичтиктерди калыптандырат б. а. проблемаларды жалпы чечүүгө үйрөтөт.

**VII Идимдер аралык байланыш:** адабият, тарых, искусство, этнография.

**Сабактын жүрүшү:**

1. Сабакты уюштуруу: Сабак КРнын мамлекттик тилинин гимнин ырдоо менен башталат (гимн Кыргызстан тууралуу сүрөттүү слайддар менен коштолот) (3 мин.).

Тил жаралып Көкө-Теңир таңынан,
Адамзаттын дөөлөтүнө буюрган.
Адам деген төп сөзүнөн элимдин,
Кыргыз тили ай-алаамга жаңырган.
Кыргыз тили – жүрөгүм,
Манас ата туу туткан.
Кыргыз тили – мекеним,
Менин өлкөм Кыргызстан.
Мекен тили Ата – Журттун кареги,
Биримдиги, күч кубаты тиреги.
Мекен тили куттуу кыргыз элимдин,
Көкүрөктү согуп турган жүрөгү.
Мекен тилин ыйык тутуп сактайлы,
Мекен тили бак таалайдын кутманы.
Мекен тили кан-жаныбыз туубуз,
Ата-Журттун келечеги ак таңы

Гимн ырдалып бүткөндөн кийин тайпаны толуктоо, аудиторияны ачык сабакка даярдоо иштери жүргүзүлөт.

2. Үй тапшырманы текшерүү менен өткөн теманы бышыктоо. Үйгө жөнөкөй сүйлөмдү кайталоо, эрежелерди мисал менен далилдөө, Касым Тыныстановдун өмүр жолу боюнча жаңы маалыматтарды билип келүү, замандаштарынын эскерүүлөрү жана Ч. Амантуровдун «Репрессия курмандыктарына» деген ырын жаттап келүү.

Окутуучунун сөзү: Балдар, биз силер менен өткөн сабагыбызда Касым Тыныстановдун өмүр жолу менен таанышып, анын таланты, тагдыры жөнүндө азыноолак кеп кылганбыз. Касым Тыныстанов боюнча жумушчу программада 4 саат бөлүнүп берилген, бүгүнкү сабакта биз силер менен өткөн сабактагы алган билимдерибизди бышыктап жана жаңы маалыматтарды алабыз. Анда эмесе сабагыбызды үйгө жаттап келүүгө берилген Чыңгыз Амантуровдун калемине таандык «Репресси курмандыктарына» деген ырын угуп алуу менен баштасак:

Азамат уулдарды атышканда,

Алакчылап далдоо жерге катышканда,
Актыкты акмакчылык жеңе албасын
Арсыздар көздөрүнө илсе болмок,
Арyулукту тепселеп жатышканда.
Зынданда эчен эрди кыйнашканда,
Зар какшап канча жандар ыйлашканда,
Зырп эткен жүрөккө тең келе албасын
Зыянкеч мерездер туйса болмок,
Залкарлар соңку демди жыйнашканда.
Кайран күн оңой орду толуш кайда,
Кайрандар эсил кайран болушканда,
Кылыч менен Мухитти бөлө албасын
Кылмышкерлер учурунда сезсе болмок,
Көркоолугу чектен тыш толушканда.

Ыр аудирлөө жолу менен уктурулат. Андан соң студенттер ырды көркөм жатка айтып беришет.

Сүйлөмдүн түрлөрүн оозеки суроо. Грамматикалык теманы бышыктоо максатында эрежелер мисалдар аркылуу далилденип, доска менен иш жүргүзүлөт.






Грамматикалык темасы кайталоо боюнча доскага иштелүүчү сүйлөмдөр:

Касым кечээ иреттелген документтерди сумкасына салдырды (эки составдуу жөнөкөй сүйлөм). 1938-жылы атылган (бир составдуу жөнөкөй сүйлөм). Ал «Жаңыл Мырза» поэмасын жыйырма үч жашында жазган (эки составдуу жөнөкөй сүйлөм). 1924-жылы большевиктер партиясынын катарына кирген (бир составдуу жөнөкөй сүйлөм). Бербегенге бекер бер (бир составдуу жөнөкөй сүйлөм).

**Грматикалык теманы түшүндүрүү:**

Маанилери боюнча өз ара жакындыгы болгон бир нече жөнөкөй сүйлөмдөр грамматикалык жактан тутумдашып, бир бүтүн ойду билдирсе, **татаал сүйлөм** деп аталат.

Мисалы, Касым ыр жазган мезгилдеги турмушка кайрылып көрөлү да, андан ары сөзүбүздү улайлы (бул татаал сүйлөмдүн курамы эки жөнөкөй сүйлөмдөн түзүлдү).


Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен төмөнкү жолдор аркылуу байланышат:

1. Байламталар аркылуу: (жана, да, ошентсе да, бирок, бирок да, ал эми, а, анткени, же, ошон үчүн, ошондктан ж.б.) Калп карматат, чындык жетет, ***ошондуктан*** чындык күлүк.

2. Интонация аркылуу: Баатыр бир өлөт, коркок миң өлөт.

3. –са мүчөлүү этиш аркылуу: Адам канчалык адилет **болсо**, адилеттикти ошончолук туура түшүнөт.

Ал эми татаал сүйлөмдөр өз ара эки топко бөлүнөт:




Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен тең даражада байланышып турса, **тең байланыштагы татаал сүйлөм** деп аталат.

Мисалы, 1924-жылы Касым «Мариям менен көл боюнда» аттуу аңгемесин жарыялайт да, ага «Келгин» деген лакап ат менен кол коөт. Ашыра жеген азапка калат, өлчөп жеген өмүр табат. (бул эки татаал сүйлөм тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр, себеби, булардын баяндоочторунун түзүлүштөрү бирдей, ошондуктан алар мани жагынан бирдей даражада турат).

Ал эми багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм эки түгөйдүн – **багыныңкы сүйлөм жана баш сүйлөмдөн** турат да, өз ара ажырагыс болуп бекем байланышкан жана маанилери боюнча бири экинчисине багынычтуу болгон бөлүктөр болуп саналат.

Сүйлөмдөгү ой-пикирди жыйынтыктап, анын аяктаган чегин билдирүүчү сүйлөм **баш сүйлөм** деп аталат.

Мисалы, Садыбакас Исмаилов деген таякесинин жардамы менен Ташкент шаарына окууга кетип, андагы казак-кыргыз институтуна кирет. Түнгө жылдыз кандай көрк берсе, акылдуулук да адамга ошондой көрк берет.

Сүйлөмдөр доскада иштелүү менен студенттердин дептерлеринде да иштетилет.

Грамматикалык тема түшүндүрүлүп бүткөндөн кийин кептик теманы оозеки талкуулоо үчүн тайпаны үч кичи топко бөлүп алам жана ар бир топко байкоочу кеңешке бирден адам шайлатып, ар бирине баалоо критерийлерин таратам.

**Сабактын чакыруу баскычы:**

**1 – тапшырма «Тыныстанов дүйнөсүнө саякат»**

Балдар, биз азыр силер менен «Тыныстановдун өмүрүнүн урунттуу учурлары жана жасаган эмгектери» деген темада талкуу

жүргүзүү үчүн  Тыныстановдун дүйнөсүнө саякатка барабыз. Ал үчүн атайын даярдалган видео роликке көңүлүңөрдү бурам:

| Окутуучунун иш - аракети | Студенттин иш – аракети |
|---|---|
| 1. К. Тыныстановдун өмүр жолу боюнча видео ролик көрсөтүлөт<br>2. Роликтин жүрүшүндө окутуучу кээ бир жерлерде баяндама берип турат<br>3. Бул ыкма студенттердин иштөөсүнө чоң көмөк берет<br>4. Ролик бүткөндөн кийин кошумча пикирлерге өтүү тапшырмасы берилет | Студенттер кичи топто иштешет<br>- студенттер көргөн ролик боюнча өз ойлорун кыскача оозеки баяндап беришет.<br>- топтун ичинде бири – бири менен ой бөлүшүшөт;<br>- билген маалыматтарын жалпы аудиторияга тааныштырышат;<br>- каршылаш топтогу студенттердин дагы эмгегин угуп, баалашат. |

**Сабактын түшүндүрүү баскычы:**

Бул баскычта студенттердин жообун толуктоо максатында өзүм стенддеги материалдар жана китептер менен тааныштырам. Ошондой эле ушул эле тапшырмага кошумча катары кичи топторго «КАСЫМ» деген атты ар бир тыбышы менен чечмелөө тапшырмасын берем.

**Сабактын ойлонуу баскычтары:**

**2-тапшырма.** Зияш Бектеновдун «Касымга» деген ырынын негизинде эки бөлүктүү күндөлүк түзүү. Бул тапшырма жуп менен иштелет. Студенттер тексттен өзүлөрүнө жаккан ыр саптарын тандап алышат да, ошол ыр саптарына комментарий беришет. Тапшырманы аткаруу үчүн студенттерге атайын эки бөлүктүү күндөлүк түзүү үчүн таблица чийилген даяр баракчалар жана ырдын текстти таратылат:

| **Сага жаккан фраза (ыр саптары)** | **Комментарийлер** |
|---|---|
| | |

Зияш Бектенов «Касымга»

Асмандагы ак булуттай суурулуп,
Алкынчу элең Акуладай буулугуп.
Туяк тийген жол боюнда кара таш,
Калуучу эле камыр болуп жуурулуп.

Күркүрөшсөң күчүң теңдеш пил менен,
Алышканда, алдырбаган миң менен.
Чаалыкпаган чаң жукпастын өзү элең,
Чалкуйрукча чарчаганды билбеген.

Туяктуудан тулпар элең Касымым,
Туркестанда теңдеши жок асылым.

Чуу чыкканда, шайбырлана баш чайкап,
Барган сайын күчөп чыкчу басыгың.
Дабанда жок таасын күлүк сен элең,
Мурут чиркин эрте салды кашыгын.
Туулуп өскон Чырпыктыңды көргөндө,
Тунжурадым, токтоно албай жашыдым.
Артыңда жашап калдым буйрук болуп,
Кыйналдым Сизге элүү жыл куйрук болуп.
Таарынбайм тагдырыма ыраазымын,
Лагерден кайттым кырк төрт жашка толуп.
Дүкүйгөн дээри жок бий болгончо,
Дүйнөдөн өткөн жакшы сынга толуп!

**3-тапшырма**. Балдар, баарыбыз көзүбүздү жумабыз, мен сөздөрдү окуйм ал эми силер ал сөздөрдү эсиңерге сактап калууга аракет жасагыла. Кана, эмесе баштадык: **тилчи, драма, контрреволюционер, мамлекет, жалаа, сөздүк, музей, атуу, жактоо, ноябрь, кыт, теңдик**. Окутуучу сөздөрдү шашпай окуп берип бүткөндөн кийин, студенттер эсте калган сөздөрдү дептерлерине жазышат. Ошону менен эле катар бул сөздөр менен чаккан эссе түзүү тапшырмасы берилет. Тапшырма кичи топтордо иштелет. Кичи топтор аткарып бүткөнчө башка улуттагы студенттерге ушул эле сөздөрдү окуп берип доскага жаздырып, грамматикалык каталар текшерилип, орус тилине которулат.

**4-тапшырма** «Сөз айкаштары конокто» деп аталат. Тапшырма аткаруудан мурун студенттерге Касым Тыныстановдун өмүрүнүн урунттуу учурларынан алынган үзүндүү аудирлөө жолу менен угузулат.

Тапшырма: тексттин негизинде сөз айкаштарынын түгөйлөрүн тап:

1-топко 2-топко 3-топко

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Тыныстановдун | жок кылган | иштерди | Мүчөсү | Тыныстановдун | чечими |
| ишмерлерин | ийилет | Москвага | Таштап | акыры | жолу |
| катуу | жеңди | партиянын | ойлорун | сотунун | жеңди |
| ак | трагедия | жыйыштырып | аткарбай | чындыктын | болду |
| чындык | азап | асыл | жөнөйт | татаал | Өтүнүчү |
| айып | атылган | өкүмүн | деп тапты | тез | акталды |
| ноябрында | коюлган | күнөөсүз | чыгарып | биротоло | аткарылып |

Балдар, мына силер азыр эле айтып өткөндөй Касым Тыныстанов көптөгөн тарбиялык маанидеги ырларды жазган. «Касым ырлар жыйнагы» деген китебинен майда аңгеме, икая, тамсил, жомок, баяндарды кезиктирүүгө болот. Алар негизинен таалим-тарбиялык максатты көздөйт жана кыргыз балдар адабиятынын алгачкы үлгүлүрү катары көрүнөт. Анда эмесе баарыбыз чарчадык көрүнөт, акындын «Бул эмне үчүн жаралган» деген ыры менен алым сабак уюштуралы:

Окутуучу: Ооз жапжалгыз биздерде,
Кулак экөө-бул эмне?
Студенттердин жообу:
Окутуучу: Бул мун үчүн жаралган,
Анык ук да, аз сүйлө.
Окутуучу: Ооз жапжалгыз биздерде,
Көз да экөө-бул эмне?
Студенттердин жообу:
Окутуучу: Бул мун үчүн жаралган,
Абдан көр да, так сүйлө.
Окутуучу: Ооз жапжалгыз биздерде,
Кол да экөө-бул эмне?
Студенттердин жообу:
Окутуучу: Өзүң ойлоп тап билгин,
Көп иште да, аз жегин.

Окутуучунун сөзү: Балдар, биз бүгүн сабагыбыздын акырында каргашалуу 1938, 2008, 2010-жылдарды эскерип кетишибиз парз. Бул жылдар кыргыз элинин тарыхындагы трагедиялуу жылдардын бири болуп тарых барактарында кала берет. Так ушул жылдары биз кыргыздын аттуу – баштуу илимпоз, коомдук ишмер, кыргыздын эртеңи үчүн кан-жанын аябаган эрлеринен, кыргызды дүйнөгө тааныткан улуу жазуучусунан ажыраганбыз. 1938-жылы массалык атылгандардын кай жерге көмүлгөнү Бүбүйра Кыдыралиева деген апабыздын жардамы менен белгилүү болуп отурат. Ак жеринен атылып, шейит кетишкендердин тизмеси такталды. Кадимкидей каада-салт менен Жер энебизге Ата-Бейит көрүстөнүнө кайрадан коюлду. Бул ыйык жайда элибиздин белгилүү жазуучусу Ч. Айтматовдун, ошондой эле 2010-жылдын 7-апрелинде үй-бүлөлүк бийликке каршы чыгышып, ошол эле Ж. Абдрахманов, Б. Исакеев, И. Арабаев, Т. Айтматов, К. Тыныстанов, А. Садыков ж.б. окшогон, элдин эртеңин, мамлекеттин келечегин ойлоп, ак жеринен курман болушкан кыргыздын «Апрель баатырларынын» сөөктөрү жашырылган. Элибиздин бактысы, келечеги үчүн курман болгондорду эскерип туру биздин ыйык парзыбыз. Анда эмесе сөзүм куру болбос үчүн силерге

Ата – Бейит тууралуу слайды көрсөтөйүн (Ата-Бейит мемориалдык комплекси тууралуу слайд ыр менен коштолот жана окутуучу тарабынан комментарий жүргүзүлөт).

**5-тапшырма** «Сыйкырдуу сандар» деп аталат. Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо максатында даярдалган суроолор экранга көрсөтүлөт, студенттер алгач сандарды тандашат, ар бир сандын артында бирден суроо жашырылган. Суроолор манитордон көрсөтүлүп турат.

Окутучунун жыйынтык сөзү: Касым Тыныстанов эл сыймыгы болгон, кыргыз тарыхынан эки жүз жылда бир кезигүүчү нукура таланты эле. Орус элинин Ломоносовундай көп кырдуу, тереӊ ойлуу, арымы кенен окумуштуу болучу. Касым сыяктуу таасын күлүктөрдү жаш кезинде жайраткан адамдарга наалаттан башка айтарыбыз жок. 37 жыл гана өмүр сүргөн Касым Тыныстанов талантынын, талпынган эмгегинин аркасында бизге, кийинки муунга эстелик куруп кетти. Ал эстелик – кыргыз эли канча өмүр сүрсө, ал дагы ошончолук өмүр сүрөт.

VIII Студенттерди баалоо байкоочу кеӊештин жардамы менен жүргүзүлөт.

Студенттин билимин баалоо критерийлери:

- Топ менен иштей алышы;
- Тапшырмадагы негизги проблеманы сууруп чыга алышы;
- Өз оюн эркин айта алышы;
- Топтун ичинде бири-бирин сыйлоосу;
- Башканын оюн уга билүүсү.

IX Үй тапшырмасы «Улуу иштерди жасап кеткен жашында,
Миӊ бир алкыш Тыныстанов Касымга» Ү. Асаналив
деген темада дилбаян жазып келүү. Дилбаяндын ичинен татаал сүйлөмдөрдү талдоо.

Кыргыз тили предмети боюнча өткөн ачык сабагынын иштелмеси

**(орус тайпасы үчүн)**

**I Сабактын грамматикалык темасы: Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү**

**Сабактын кептик темасы: Кыргыз кино искусствосу**

**II Сабактын максаттары:**

| Сабактын билим берүүчүлүк максаты | Сабактын тарбиялоочулук максаты | Сабактын өнүктүрүүчүлүк максаты |
|---|---|---|
| Студенттерге сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн кеңири түшүндүрүү; сүйлөмдүн баш мүчөлөрү боюнча алган билимдерин жалпылоо, системалаштыруу, тереңдетүү.<br>- кыргыз кино искусстосу тууралуу кеңири маалымат берүү, Кыргыз киносунун жаралуу тарыхын, өнүгүү доорлорун, кыргыз актер, актриса, режиссерлорунун өмүр жолу, чыгармачылыгы, кыргыз элине сиңирген эмгеги боюнча студенттердин мурда билген билимдерин тереңдетүү; алардын көп кырдуу талант, уникалдуу адам болгондугу тууралуу маалымдуулугун көтөрүү, теманын баалуулугуна ынандыруу. | Студенттерди патриоттуулукка, эл жерди сүйүүгө, кыргыз элинин белгилүү инсандарынын тарых-таржымалын ар дайым билүүгө тарбиялоо;<br>- сабакта алган билимдерин турмушта колдоно алуунун жолдоруна үйрөтүү. | Студенттердин өз көз караштарына ээ болуп, аны эркин айта билүүгө, көз карашын коргой алууга, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу айта билүүгө көнүктүрүү;<br>- сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн жазуу жана оозеки речтеринде туура колдоно алууга;<br>- көрүү жана угуу аркылуу эске тутууларын өстүрүү;<br>- топ ичинде иштөө жөндөмүүлүктөрүн өнүктүрүү,<br>- жоопкерчиликтүү студенттерди уюштуруу, - билим алууда атаандаштыкка көнүктүрүү. |

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде студент:

| | | |
|---|---|---|
| Кыргыз киносунун тарыхын, актер, актриса, режиссерлордун өмүрү жана чыгармачылык жолдорун толук билишсе;<br>- кыргыз киносунун | Маалыматтардын негизинде кинонун биздин турмушубузда ээлеген ролун аныктай алышса; | Өз көз караштары коргой алышса;<br>- топ ичинде бири бирин сыйлап, уг билип, сылы мамиледе болушса; |

| | | |
|---|---|---|
| тарыхы жөнүндөгү маалматтардын баалуулугуна ынанышса;<br>- мурда алган билимдерин жаңы маалыматтар менен толуктай алышса. | | - студенттерд жоопкерчилик сезимдер пайд болсо;<br>- ийгиликке жетиш үчүн атаандашы иштешсе;<br>- убакытка туур мамиле жасашса. |

**III Сабактын тиби:** Жаңы теманы өтүү

**IV Окутуу методу:** интерактивдүү ыкма: кичи топ менен, өз алдынча ой жүгүү

**V Сабактын жабдылышы:** кыргыз кинолору боюнча жасалган банер, видео, аудио роликтер, слайддар, баалоо критерийлери, таблица, таяныч баракчалар, кыргыз актер, актриса, режиссерлорунун портреттери.

**VI Сабактын милдети:**

- студенттердин өтүлгөн тема боюнча билимдерин, түшүнүктөрүн тереңдетүү;
- маалыматтардагы негизги ойду аныктоо;
- тема боюнча маалыматты видео жана аудио роликтерден, слайддардан көрүп, угуп, аны кайра өз ойлору менен толуктап, грамматикалык теманы кептик тема менен байланыштыру мүмкүнчүлүктөрүнө ээ кылуу;
- жекече, кичи топтордо иштете билүү, бирин-бирин уга билүү, башканын оюн сыйлай билүү, бир чечимге келүү, өзүнүн иш-аракетин баалай билүү сыяктуу көндүмдөрүнө ээ кылуу;
- ар бир ойдун баалуулугуна ынандыруу менен бири-бирин баалоо ыкмасына ээ кылуу;
- текстти активдүү окуунун маанилүүлүгүн белгилөө;
- тексттин үстүндө иштөөдө студенттин өз тажрыйбасын алып чыгуу;
- ар түрдүү интерпритацияларга күбө болууга мүмкүндүктөрүн берүү;
- социалдык билгичтиктерди калыптандыруу б. а. проблемаларды жалпы чечүүгө үйрөтүү.

**VII Идимдер аралык байланыш:** адабият, тарых, искусство

**VIII Сабактын жүрүшү:**

3. Сабакты уюштуруу: Сабак КРнын мамлекттик гимнин ырдоо менен башталат (гимн Кыргызстан тууралуу сүрөттүү слайддар менен коштолот) (3 мин.).

Ак мөңгүлүү аска – зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала – Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата бабалар.
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.
Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.
Кайырма:
Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.
Кайырма:

Гимн ырдалып бүткөндөн кийин тайпаны толуктоо, аудиторияны ачык сабакка даярдоо иштери жүргузүлөт.

4. Үй тапшырманы текшерүү менен өткөн теманы бышыктоо. (10 мин.)

Үйгө сүйлөмдү кайталоо, эрежелерди мисал менен далилдөө, операнын, балеттин тарыхын жана анын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн өмүр таржымалын, чыгармачылык жолдорун окуп келүү, маалымат, билдирүүлөрдү даярдоо берилген.

Окутуучунун сөзү: Балдар, биз силер менен өткөн сабагыбызда сүйлөм жана анын түрлөрү жөнүндө өтүп, ар бир түрүн мисалдар менен далилдегенбиз. Ал эми кептик темабызда опера жана балет искусствосунун тарыхы менен таанышып, опера ырчылары, балерина, балерондордун таланты, тагдыры жөнүндө азыноолак кеп кылганбыз. Анда эмесе сабагыбызды үйгө берилген тапшырмаларды оозеки эске салып алуу менен баштасак:

1. Сүйлөм деген эмне?

2. Сүйлөмдөрдүн айтылыш максатына карай бөлүнүшү

3. Жай сүйлөм деген эмне?

4. Суроолуу сүйлөм деген эмне?

5. Илептүү сүйлөм деген эмне?

6. Буйрук сүйлөм деген эмне?
7. Сүйлөмдөрдүн грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү
8. Жөнөкөй сүйлөм деген эмне?
9. Татаал сүйлөм деген эмне?

Кептик темага берилүүчү суроолор

- Опера деген эмне?
- Биринчи опера кайда качан пайда болгон?
- Белгилүү опера ырчыларынан кимди билесиңер?
- Балет деген эмне?
- Балет биринчи жолу кайда качан пайда болгон?
- Белгилүү балет искусствосунун чеберлери кимдер?

**Жаңы тема:**

**Граматикалык теманы түшүндүрүү (10 мин):**

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү экиге бөлүнөт: ээ жана баяндооч.

- Сүйлөмдү түзүүдө же уюштурууда сүйлөм мүчөлөрүнүн ролу бирдей эмес
- Ээ менен баяндооч сүйлөмдүн грамматикалык негизин, сүйлөмдү уюштуруучу борборду түзөт
- Ошондуктан булар сүйлөмдү түзүүчү эң зарыл жана биринчи даражадагы мүчөлөрү болуп эсептелинет.

Сүйлөм ээси:

Сүйлөмдү сөз болуп жаткан жак, зат, окуя, кубулушту билдирүүчү жана баяндооч аркылуу туюндурулган, бардык белгилерди ишке ашыруучу баш мүчө **ээ** деп аталат.

Мисалы, **Бакен Кыдыкеева** өзүнүн таланты менен элге жакты. **Ошолор** кинодо ишке жарады. Айылдын **чон-кичинеси, кары-жашы** калбай киного келишти. Фестивалдын акырында актерлордун **ондою** сыйлык алышты.

Баяндооч

Сүйлөм тутумунда грамматикалык жактан ээге багынып, анын ким, эмне экендигин, кыймыл-аркетин, мүнөзүн, абалын, сынын, сыпатын, сан-иретин билдирген баш мүчө **баяндооч** деп аталат**.**

Мисалы, Кыргызстанда биринчи жолу «Салтанат» фильми **тартылган**. Турмуштан сырткары кинонун өмүрү **кыска**. Толгонай, сен **адамсың**. Сүймөнкул Чокморов **токтоо, ары эмгекчил.**

Сүйлөмдөр доскада иштелүү менен студенттердин дептерлеринде да жаздырылат.

Грамматикалык тема түшүндүрүлүп бүткөндөн кийин кептик теманы оозеки талкуулоо үчүн эки кичи топко бөлүнгөн тайпага бир лидер жана байкоочу кеңеш шайлап, байкоочу кеңешке, баалоо критерийлерин таратам.

**Сабактын чакыруу баскычы:**

Студенттердин көңүлүн жаңы темага буруп, алардын мурда алган билимдерин эске түшүрүп жана жаңы маалыматтарды берүү максатында «Кыргыз кино искусстосуна саякат» деген ролик көрсөтүлөт.

Окутуучунун сөзү: Балдар, биз азыр силер менен «**Кыргыз кино искусстосуна саякат**» деген темада талкуу жүргүзүү үчүн кыргыз киносуна саякатка барабыз. Ал үчүн атайын даярдалган видео роликке көңүлүңөрдү бурам (ролик 9 мин.):

| Окутуучунун иш - аракети | Студенттин иш - аракети |
|---|---|
| 1. Кыргыз кино искусствосунун тарыхы боюнча видео ролик көрсөтүлөт<br>2. Роликтин жүрүшүндө окутуучу кээ бир жерлерде баяндама берип турат<br>3. Бул ыкма студенттердин иштөөсүнө, маалымаи алуусуна чоң көмөк берет<br>4. Ролик бүткөндөн кийин кошумча пикирлерге өтүү тапшырмасы берилет | Студенттер кичи топто иштешет<br>- студенттер көргөн ролик боюнча өз ойлорун кыскача оозеки баяндап беришет.<br>- топтун ичинде бири – бири менен ой бөлүшүшөт;<br>- мурда билген жана жаңы алган маалыматтарын жалпы аудиторияга тааныштырышат;<br>- каршылаш топтогу студенттердин дагы эмгегин угуп, баалашат. |

**Сабактын түшүндүрүү баскычы:**

Бул баскычта студенттердин жообун толуктоо максатында өзүм банердеги материалдар жана китептер менен тааныштырам (5 мин.). Түшүндүрүү иши бүткөндөн кийин студенттер ИНСЕРТ стратегиясынын негизинде текст менен иштөө тапшырмасын аткарышат.

## ИНСЕРТ стратегиясы (натыйжалуу окуу жана анын үстүндө ой жүгүртүү үчүн белгилердин интерактивдүү системасы)

Студенттердин сабакка ынтызарлыгын өстүрө турган жана текстти курулай окубастан, аны ой жүгүртүп окууга тарта турган стратегия катары ИНСЕРТ (Воган ана Эстес – 1986 – стратегиянын англис тилиндеги аталышынын баш тамгалары боюнча кыскартылган) методун айтса болот. Анын кыргызча мааниси «натыйжалуу окуганга жана жазганга жардам бере турган интерактивдүү белгилердин системасы» дегенди билдирет.

Бул стратегияны колдонуу менен текстти окууда төмүнкү натыйжаларга:

- студенттин билимин текшерүүгө;
- маалыматты кунт коюп окуууга;
- мурунку билгендерин жаңы маалыматтар менен байланыштырууга;
- жаңы маалыматтарды натыйжалуу кабыл алууга;
- окуп жаткан адамга маалыматтын туура же туура эмес экендигин аныктоого;
- теманы андан ары өздөштүрүүгө кызыктырууга;
- окуп жатып ой жүгүртө билүүгө;
- текстти толук өздөштүрүүгө;
- окуп билген маалымат боюнча жыйынтык чыгара билүүгө;
- жаңы терминдерди же сөздөрдү эске тез сактап калууга жетишүүгө болот.

Демек, ИНСЕРТ стратегиясы маалыматты өз алдынча терең түшүнүп кабылдай билүүгө шарт түзөт. Бул стартегиянын ийкемдүүлүгү дээрлик бардык предметтерди колдонууга ыңгайлуу келип, ар бир студент сабакка бирдей шартта катышып, пассивдүү окуучулардын адаттагыдай четте калууга «мүмкүнчүлүгү» болбогонунда.

ИНСЕРТ стратегиясын «белги коюп окуу» ыкмасы деп да атаса да болот. Анткени текстти окуу негизинен төмөнкү белгилердин жардамы менен ишке ашат:

«V» - окуган маалыматты студент билсе же биллем деп эсептесе, ошол маалыматтын тушуна «V» (ооба) белгисин коет;

«+» - окуган маалымат студентке жаңылык болсо, анда «+» (кошуу) белгиси коюлат;

«-» - бул белги окучу же студент билген же биллем деп эсептеген нерселерге карама-каршы келсе «-» (алуу) белгиси коюлат;

«?» - окуган маалымат студент үчүн түшүнүксүз болсо же ал жөнүндө кеңири жана жаңы тема боюнча суроолору болсо «?» (суроо) белгиси коюлат.

Текстке көрсөтүлгөн белгилерди (V, +, -, ?) коюп окугандан кийин ар бир окуучу өзү койгон белгилер боюнча таблица түзөт. Акырында окулган текст боюнча талкуу жүргүзүлөт жана мугалим студенттердин «?» белгисин койгон учурларга токтолуп, суроолоруна жооп берет.

**1-тапшырма (текстти иштеп чыгууга 5 мин. талкууга ар топко 3 мин. )**

1-кичи топко берилүүчү текст **Кино тартуу**

19-кылымдын аягында кыймылда болгон буюмдарды, адамдарды, жаныбарларды, жалпысынан айтканда бардык эле кыймылдагы нерселерди пленкага түшүрүүчү аппарат ойлоп чыгарылган. Бул аппаратты кинематограф деп аташкан. Ал гректин «кнема»-«кыймыл» жана «графо»-«жазам», «кагазга түшүрөм» деген сөздөн келип чыккан. Кийин бул аппарат кино камера деп аталып калган. Мына ошондо кино өнөрү, башкача айтканда, кинофильм өнөру пайда болгон.

Фильмди жаратуу иши көркөм адабияттын бөтөнчө бир түрү болгон сценарийден башталат. Сценарийде келечектеги фильмдин мазмуну майда-чүйдөсүнө чейин иштелип окуялардын орду жана убактысы аныкталып, актерлор сүйлөй турган сөздөрдүн бардыгы жазылат.

Сценарийдин мазмунуна ылайык фильмдеги каармандардын ролун аткаруучу актерлор тандалып алынат, сүрөтчүлөр кийимдерди жана жасалгаларды даярдап, композитор фильмге музыка жазат. Фильмди жаратуучу коллективдин жетекчиси кинорежиссер болот. Ал актерлор менен иштейт, операторлорго, сүрөтчүлөргө, гримдөөчүлөргө, кийимди тейлөөчүлөргө жетекчилик кылат.

Кино-оператор фильмди пленкага түшүрөт. Ар бир көрүнүштүн ачык-айкын таасир калтыргыдай деңгээлде тартылышы операторлорго байланыштуу.

2-кичи топко берилүүчү текст

Фильм биз экрандан көргөндөй башынан аягына чейин бир тартылбай, бөлүк-бөлүк тартылат. Анын үзүндүлөрү 400-500гө чейин жетет. Мына ушул ар түрдүү үзүндүлөрдү бир бүтүн нерсеге бириктирүүнү монтаж дейт. Монтаж-фильмди даярдоодогу эң маанилүү жумуштардын бири. Мына ошентип зор чыгармачылык иш аяктады. Фильм даяр болду. Кинокартинанын кейипкерлери эми экранда кыймылга келет. Ар бир окуяны жана жандуу кыймылды көз

менен көрүү адамдын аң-сезими жана ой-пикирине күчтүү таасир этет. Ошондуктан кинонун тарбиялык, үлгү болорлук мааниси да чоң.

Кино силерге шаар, кыштак, көл, тоо, токойлорду – жердин бардык түрү менен байлыгын туура жана таасирдүү кылып көрсөтөт. Фильм адамдарды бир нерсени сезүүгө, ойлонууга кыжырданууга жана ишенүүгө мажбурлап, бүт Жер шарына саякатка алып чыгат.

Кино - элдердин катнашуусунун маанилүү куралы. Адамзаттын тынчтык жана элдердин ынтымагы үчүн күрөшүнүн эң сонун жардамчысы.

Тексттер топтордун кезектешүүсү менен талкууланып, жыйынтыкталат. Түшүнүксүз суроолорго өзүм комментарий берем.

**2-тапшырма (слайд 5 мин. эссеге 3 мин.)**

Экинчи тапшырмага өтүүдөн мурун өзүм кыскача кыргыз кино актерлору жөнүндө маалымат берем. Бул учурда доскада илинген кыргыз актерлорунун портреттери менен студенттерди тааныштырып өтөм. Андан соң тапшырманы аткарыш үчүн көмөкчү катары «Таттыбүбүнүн жаркын элесине» деген темада даярдалган слайддык материалды көрсөтөм. Слайдда Таттыбүбү Турсунбаеванын портреттери жана тартылган кинолорунан алынган кадрлардан турган сүрөттөрүн Кыргыз Эл артисти Роза Амановanын аткаруусундагы «Арманда кетти бир ак куу» дастаны коштойт. Слайд бүткөндөн кийин кыргыз улутундагы студенттерге кыскача эссе жазуу тапшырмасы берилет. Ал эми башка улуттагы студенттерге карточкалар таратылат.

№1 карточка

Тапшырма: сүйлөмдү орус тилине котор жана андагы ээ менен баяндоочту тап.

Таттыбүбү Турсунбаева жай мегилинде Соң-Көлдө төрөлгөн.

№2 карточка

Тапшырма: сүйлөмдө орус тилине котор жана андагы ээ менен баяндоочту тап.

Мен Сабира Күмүшалиеванын тагдырын театрсыз элестете албайм.

№3 карточка

Тапшырма: сүйлөмдү орус тилине котор жана андагы ээ менен баяндоочту тап.

Анвар Куттубаева энелик мээримден эрте ажыраган.

№4 карточка

Тапшырма: сүйлөмдө орус тилине котор жана андагы ээ менен баяндоочту тап.

Сүймөнкул Чокморов татаал каскадерлук иштердин баарын мыкты аткарган.

№5 карточка
Тапшырма: сүйлөмдө орус тилине котор жана андагы ээ менен баяндоочту тап.
Мен Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» фильмин көрдүм.
№6 карточка
Тапшырма: сүйлөмдө орус тилине котор жана андагы ээ менен баяндоочту тап.
Улуу Ата Мекендик согуш учурунда «Нан, сүт, эт - фронтко» деген фильм тартылган.
Тапшырма текшерилип, жыйынтык чыгарылат.
**Сабактын ойлонуу баскычы:**
**3-тапшырма**

«Кыргызстанда документалдуу жана көркөм фильмдердин деңгээлин кантип жакшыртабыз» деген темада эки топ эки долбоор иштеп чыгышат.

1-топко документалдык фильмдер, 2-топко көркөм фильмдер боюнча тапшырма берилет. Тапшырма бүткөндө топтун лидерлери презентация жасашат. Долбоор даярдоого 5 мин. презентацияга 3 мин. берилет. Ушул эле тапшырмага кошумча катары «Эгер силер кино тартуучу топ болсоңор кайсы темада кино тартар элеңер» деген суроо дагы берилет.

IX Сабакты жыйынтыктоо
X Үйгө тапшырма
1. «Кыргыз кино искусствосу совет мезгилинде кандай өнүккөн жана бүгүнкү абалы кандай» деген темада дилбаян жазуу.
2. Тексттеги беш сүйлмдүн ээ, баяндоочун табуу.
XI Студенттерди баалоо.
Студенттерди баалоо байкоочу кеңештин жардамы менен жүргүзүлөт.
Студенттин билимин баалоо критерийлери:

- Топ менен иштей алышы;
- Тапшырмадагы негизги проблеманы сууруп чыга алышы;
- Өз оюн эркин айта алышы;
- Топтун ичинде бири-бирин сыйлоосу;
- Башканын оюн уга билүүсү.

Кыргыз тили предмети боюнча деген темадагы ачык сабагынын иштелмеси

(орус тайпасы үчүн).

1. **Сабактын кептик темасы: Нооруз – көктөм майрамы**
**Сабактын грамматикалык темасы: Этиштин чактарын кайталоо**

**2. Сабактын максаттары:**

а**) билим берүүчүлүк максаты:** студенттерге этиштин чактарын кеңири түшүндүрүү. Этиштин чактары жөнүндө алган билимдерин жалпылоо, системалаштыруу, тереңдетүү. Этиштин бул категориясын студенттердин эсине салуу менен этиштин чактары боюнча мурда алган билимдерин тереңдетүү. Нооруз жөнүндө жаңы маалыматтарды берүү. Ноорузда колдонулуучу жөрөлгөлөрдү тереңдетип түшүндүрүү. Сүмөлөктүн тарыхы, анын жасалыш ыкмасы менен тааныштыруу.

б**) тарбия берүүчүлүк максаты:** студенттерди патриоттуулукка, эл жерди сүйүүгө, кыргыз элинин мурастарын сактай билүүгө тарбиялоо. Сабакта алган билимдерин турмушта колдоно алуунун жолдоруна үйрөтүү.

в**)Өнүктүрүүчүлүк максаты:** студенттердин өз көз карашына ээ болуп, аны эркин бере билүүгө, көз карашын коргой алууга, ой жүгүртүү менен өз оюн сабаттуу айта билүүгө көнүктүрүү. Этиштин чактарын оозеки – жазуу речтеринде туура колдоно алууга, сүйлөмдүн жана тексттен этиштин чактарын туура таба билүүгө жетишүү. Көрүү жана угуу аркылуу эске тутууларын өстүрүү.

3. Сабактын тиби: стандарттык эмес
4. Сабактын методу: интерактивдүү
5. Сабактын формасы: сабак – мелдеш
6. Сабактын милдети:

- студенттердин жаңы тема боюнча билимдерин, түшүнүктөрүн тереңдетүү;
- маалыматтардагы негизги ойлорду аныктатып, текстти угуп түшүнүү ыкмасына ээ кылуу;
- текстти угуп, кайра аны өз ойлору менен толуктап, грамматикалык теманы байланыштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ кылуу;
- сүрөттүү текстти орус тилинен кыргыз тилине которуу ыкмасына ээ кылуу;
- жекече, топто иштей билүү, бири – бирин уга билүү, башканын оюн сыйлай билүү, бир чечимге келүү, өзүнүн иш – аракетин баалай билүү сыяктуу көндүмдөргө ээ кылуу;
- ар бир ойдун баалуулугуна ынануу менен бири – бирине баалоо жүргүзүү ыкмасына ээ кылуу.

7. Илимдер аралык байланыш: адабият, искусство, тарых

8. Сабактын жабдылышы: буклеттер, түстүү сүрөттөр, слайддар, аудио жаздыруулар, текст түрүндөгү ар түрдүү маалыматтар, лозунгдар, студенттердин эмгектери, окуу китеби, «Шоокум» журналынын сандары, маркер, ватман, скотч.

Сабактын жүрүшү

1. Сабакты уюштуруу КРнын ГИМНИ ырдалат (Гимн Кыргызстан тууралуу сүрөтүү слайддар менен коштолот)

Ак мөңгүлүү аска – зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала – Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата бабалар.

Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

Кайырма:

Аткарылып элдин үмүт, тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

Кайырма:

Гимн ырдалып бүткөндөн кийин тайпаны толуктоо, аудиторияны ачык сабакка даярдоо иштери жүргүзүлөт.

2. Үй тапшырманы текшерүү менен өткөн теманы бышыктоо. Үйгө тапшырма жылдын төрт мезгили боюнча жыйынтыктоо иштерин көрсөтүү. Этиштин чактары боюнча оозеки суроо. Грамматикалык теманы бышыктоо максатында эрежелер мисалдар аркылуу далилденип, слайд менен көрсөтүлөт.

**Э Т И Ш**

| Лексикалык мааниси | Морфологиялык белгиси | Синтаксистик кызматы |
|---|---|---|
| Заттын кыймыл – аракетин ал абалын билдирет, эмне кылды? эмне кылат? эмне кылып жатат? деген ж.б. суроолорго жооп | 1. Жак мүчөлөр менен өзгөрөт: **Барамын**, **барасың барат, барабыз, барасыңар, барышат** | Сүйлөмдү баяндоочтун милдетин аткарат: Кечинде улуу от **жагылат.** Ноорузда жакшы тилектер **айтылат.** Аянтка ак боз үйлөр |

| | | |
|---|---|---|
| берет.<br>1. Мен жаз мезгилинде **төрөлгөм**.<br>2. Апам сүмөлөк **бышырды.**<br>3. Үйгө арча **күйгүздүк.** | 2. Чак мүчөлөр менен өзгөрөт:<br>Биз того **барабыз.**<br>Студенттер окуп жатышат.<br>Ал шаарга **барчу**. | **тигилди.** |

## ЭТИШТИН ТҮРЛӨРҮ

| Жөнөкөй этиштер | Татаал этиштер | Негизги этиштер | Жардамчы этиштер |
|---|---|---|---|
| 1. Жамгыр менен жер **көгөрөт**, бата менен эл **көгөрөт**.<br>2. Быйыл жаз кеч **келди**.<br>3. Эмгекчил адамды эл **баалайт** жана **даңазалайт.** | 1. Казанда сүмөлөк **кайнап жатат.**<br>2. Ал келбесе, мен **кете бермек экенмин.**<br>3. Уккандарын **сүйлөп бере баштады.** | окуп<br>сүйлөп<br>ойноп<br>күлүп<br>уча<br>алып<br>биле<br>айтып | жатат<br>берди<br>атат<br>койду<br>баштадаы<br>чыкты<br>койду<br>чыкты |

## ЭТИШТИН ЧАКТАРЫ

| Келер чак | Учур чак | Өткөн чак |
|---|---|---|
| Этишке чакчылдын –а, -е, -о, -ө, -й мүчөлөрү жана жак мүчөлөрдүн жалгануусу менен жасалат: барамын, окуйбуз, күтөбүз, иштейбиз, чуркайт ж.б. | 1. Этишке -ууда мүчөсүнүн жалгануусу менен жасалат: турмуш жакшырууда, лекция окулууда, балдар тарбияланууда.<br>2. Этишке чакчылдын –а, -е, -о, -ө, -й, -ып мүчөлөрү жана жак мүчөлөрдүн жалгануусу менен жасалат: шаарда окуйм, ырдап жатам, сүйлөй баштайт. | Этишке –ды, -чу, -ган, -ыптыр мүчөлөрүнүн жалгануусу менен жасалат: Кечээ концерт болду. Ал кызыктуу китеп сатып алыптыр. Майрамга ал да барган. Таттыбүбү келишкен сулуу болчу. |

3. Жаңы тема: жаңы теманы түшүндүрүү, ага киришүүдөн мурун тайпаны чакан үч топко бөлүп алам. Ал үчүн студенттерге төмөндөгүдөй суроолор менен кайрылам:

1. Баарыбыз азыр көз алдыбызга арстан, жылан, коөн жаныбарларын элестетебиз
2. Эми ушул жаныбарлардын жакшы сапаттарын, мүнөздөрүн айтабыз
3. Ушул мүнөздөрдү эми өзүбүздөн издейбиз
4. Ким кайсы жаныбарга көбүрөөк жакын болсо, ошол жаныбарлар боюнча топ-топ болуп бөлүнүп иштейбиз (тайпаны бул ыкма менен бөлгөнүмдүн себеби, чакан тайпада бир мүнөздөгү студенттердин бирге иштеши жеңил болот).

Студенттер топторго бөлүнгөндөн кийин өз мүнөздөрүнө, жаныбарларына жараша топко ат коюшат, топтун башчысын жана казыначыны шайлашат. Топтун башчысы топтун аты менен кыскача тааныштырып берүү менен баштан аяк топтун ишине көзөмөл кылат. Казыначынын милдети: сабак таймашуу болуп жаткандыктан ар бир топ сабактын акырына чейин өз казыналарына упай топтоолору керек . Сабактын баалоо бөлүгүндө тобундагы мүчөлөрдүн катышу, жооп берүү активдүүлүгүн баалап, казыначы казынада чогултулган упайларды бөлөштүрүп берет. Ар бир топко «казыналар» бирдей сандагы упайлары менен чогуу окутуучу тарабынан берилет. Себеби, байыртадан бери эле кыргыздарда казына бош болгон эмес.
Сабактын чакыруу баскычы:

**1 - тапшырма**

| Окутуучунун иш - аракети | Студенттин иш - аракети |
|---|---|
| 1. Нооруз – көктөм майрамы деген темада кластер түзүү сунушталат.<br>2. Кластерди түзүүдө ар бир топ ар башка түстөгү маркерлер менен иштөөлөр айтылат (коендор – кызыл, арстандар – көк, жыландар - кара)<br>3. Иштөө учурунда Нооруз ыры менен коштолгон сүрөттүү слайд көрсөтүлөт<br>4. Бул студенттердин иштөөсүнө чоң көмөк берет | Студенттер топто иштешет<br>- студенттер берилген тема боюнча өз ойлорун кыскача шилтемелер менен беришет.<br>- топтун ичинде бири – бири менен ой бөлүшүшөт;<br>- жазган маалыматтарын жалпы аудиторияга тааныштырышат;<br>- каршылаш топтогу студенттердин дагы эмгегин угуп, баалашат. |

Топтор тапшырмасын бүткөндөн кийин иштери бааланып, окутуучу тарабынан тийиштүү упайлар берилет. Бул студенттердин Нооруз жөнүндө мурун билген гана маалматтары болуп саналат.

Түшүндүрүү баскычы:

Жаңы тема боюнча кошумча маалымат берүү максатында студенттерге окутуучу төмөндөгүдөй кыскача билдирүү жасайт:

Түндүк Чыгыш Азиядан Кичи Азияга чейинки аралыктагы кең чөлкөмдө жашаган ата-бабаларыбыз уруу, аймактарга бөлүнүшүп, көчмөн турмушта жашап жүргөн замандан тартып эле «Жаңы күн» майрамын улуттук майрам ирээтинде белгилеп келишкен. «Жаңы күн» майрамы качан кандай шартта пайда болгон? Бул жөнүндө ишенимдүү илимий маалымат жок, кесе айтуу кыйын. Изилдөөчүлөр нооруз майрамы жана анын келип чыгыш тарыхы жөнүндө ар түркүн божомолдорду айтып келишет.

«Нооруз» деген сөздө Орто Азия жана Казакстан мусулмандары өзүнүн атам замандан берки келаткан атын туура жазып, так айтышпай, Новруз, Ноорус, Нагруз деп жүрүшөт. Албетте, бул жерде ар бир элдин тилдик өзгөчөлүктөрүн эске албай коюууга болбойт. Ошентсе да, айтылышы анча деле татаал эмес бул сөз байыркы фарс тилинен келип чыккан. «Наурузи» - «нау»-жаңы, «рузи»-жыл деген маанини түшүндүрөт. Кийин бул сөз түрк тилине төл сөз катары сиңип кеткен. Грек тилинде «Патрик», тажикче «Гүлновруз», өзбекче «Навруз», монголчо «Цаган сар» деп аталып, жалпы тамырлаш түрк тилдүү жана Иран элдери майрамдап келет. Бул жөнөкөй эле майрам эмес, элдердин каада-салты, руханий идеологиясы

Нооруз жөрөлгөлөрү:

Нооруз майрамынын ырым-жырымдары, жөрөлгөлөрү ар түрдүү символикалык мааниге бай келет. Нооруз жөрөлгөлөрүнүн ислам дини пайда болгонго чейинки палестиналык еврейлерден жана башка алыскы өлкөлөрдүн элдеринен калган салт-санаалардын калдыктарын кездештирүүгө болот.

Ноорузду тосуу алдында «Кадыр түн» тозулуп, короолордо же дөңсөө жерлерде алоолонгон оттор жагылат. Анын балбылдаган жалындары убайымдуу кыш көндүрө менен жаңырган көңүлдүү жаздын ортосундагы көрүнүштү элестетип көрсөтөт. Оттун караңгыны жеңүү учуру, мунарыктуу дүйнөгө жаңырык дүйнөнүн келүүсүн, ошондон улам кайра жаралуунан пайда болушунун башталышын туюндурат. Мына ошол оттунүстүнөн кары-жаш, аял-эркек дебей секиришип «арамдыктан тазаланышат». «Сенин Кызыл нуруң мага келсин, менин Сары оорум сага кетсин» - деп отко сыйынышат.

Оттун жалыны менен атаандаша албай бөлбүлдөп өчүп бара жаткан чоктун жарыгына кайрылышып, аны кайрадан тутантып, жарыгыраак күйүүгө, кышкы караңгылыктан, тунжураган түнт ахыбалдан кутулуп, жарыктын жеңишке жетүүсүнө үндөшөт. Мына ошентип, Нооруздагы караңгы менен жарыктын ортосундагы күрөштө актыктын (адилеттүүлүктүн) идеясы колдонулат. От өчкөндөн кийин элдер үйлөрүнө тарашып, тамдарынын үстүнөн, терезелеринен

кырсык, кайгы-капа ушуну менен кошо кетсин деп суу толтурулган карапа идиштерди садага иретинде ыргытышат.

Байыркы бабаларыбыз бул күнү таң заарынан туруп, жаңы кийимдерин жасана кийинишип, нурун чачыратып келе жаткан күн менен учурашуу үчүн аянттарга же дүң жерлерге чогулушкан. Күн менен учурашууда үч жолу таазим кылып, жүгүнүшкөн. Күнгө же отко табынган биздин ата-бабаларыбыз үчүн Күн менен учурашуу Кудай менен учурашууга барабар болгон. Андан соң ак калпак кийип, ак куржун асынып, аса-муса таягы бар кичинекей Баланы жетелеп, аппак сакал карыя элге кайрылып батасын берген. Андан кийин шаан-шөкөт, оюн-зооктор өтүүчү аянтта от жагылып, боз үйлөр тигилип, ысырыктар түтөтүлгөн. Ноорузду  чоң салтанат деп эсептешип, Энесай жайлоорунда арстан ойнотушуп, төө чаап, ат үстүндөгү ар түрдүү оюндарын көрсөтүшкөн. Дыйканчылык болгон жерлерде кош айдоого байланыштуу ритуалдарга өзгөчө басым жасалган. Жети казан асылып жети түрлүү тамак бышырылган. Алардын биринчиси – сүмөлөк (өндүрүлгөн дан). Майрамга эки жума калганда буудай же жасмыкты угуттап, алардын данынан көк майса өстүрүшөт.

Кана балдар, Нооруздун негизги тамагы сүмөлөк деп жатабыз, сүмөлөктүн келип чыгуу легендасын уккуңар келеби? Анда эмесе уламышка кулак салабыз (уламыш аудирлөө жолу менен угузулат).

Мына балдар, сүмөлөктүн келип чыгуу тарыхы ушундай. «Сүмөлөк» деген сөз өзү фарс тилинде «сомбол», ал эми араб тилинде «субул». Кыргызча мааниси «машак, буудай башы» дегенди билдирет.

Аталардын айтымына караганда – биздин ата-бабаларыбыз «өсмөлөк» дешкен экен. Сүмөлөккөө мал союлбайт нан жасалат, боорсок, созмо салышат, сүмөлөктү ушуну менен жешет.

**Сүмөлөктү жасоо ыкмасы:**

Буудайды өндүрүү:

Сүмөлөк күзгү эмес, жазгы буудайдан жасалат. Анткени, күздүк буудай кардын алдында өсүп, жетишерлик күн жебейт. Ал эми жазгы буудай күн көрүп, жамгыр менен өскөндүктөн, анын сүмөлөгү даамдуу болот. Алгач буудайды чөп–чарынан тазалап, жети жолу жууйбуз. 2 саат сууга чылар койгондон кийин, суудан чыгарып, жайык жыгач идиштерге жайып коөбуз. Эгерде жыгач идиш болбосо нымдуулук сакталбай, буудай чирип кетиши мүмкүн. Жайылган буудайга күнүнө 3 маал суу себелеп туру керек. Өнүп жаткан буудайды көпчүлүк карай бергенге болбойт. Ошондой эле бирдей температурада каралат. Буудай жапжашыл болуп, ийненин боюндай болуп өсүп чыгат.

Өндүрүлгөн буудайды кыркуу:

«Быссымылда» деп өнгөн буудайды бычак менен бөлүк бөлүк кылып кесип эт туурагычтан өткөрөт. Жанчылган буудайга суу куюп дакиден жети жолу өткөрүшөт. Биринчи өткөрүлгөн суу «ширин суу», калгандары кара суу деп аталат. Жети жолу өткөрүлгөн суну жети чакага өз - өзүнчө куюп, акыркы калган буудайдын калдыгын таштандыга таштабастан сууга агызуу керек.

Казанга салуу:

Сүмөлөк кайнай турган очок жерден казылып даярдалат. Очокко тай казан асылып, май салынат. Жети чакадагы идишке бир аздан ун салынып, бүртүгү жок аралаштырылып, даярдалат. Кызыган майдын үстүнө алгачширин суу деп аталган сууну, андан соң калган суну куюшат. Ошентип аралашманы куюп алгандан кийин, агын суунун астынан терилип келинген таштарда таза жууп, тайтып сала башташат. Таш илгерки ырым – жырымы жана сүмөлөк түбүнө күйүп кетпеши үчүн салынат. Эскерте кетүүчү нерсе сүмөлөккө туз салынбайт.

Сүмөлөктү кайнатуу:

Сүмөлөктү казанга салгандан кийин аны эки жагынан тынбай аралаштырып жана отунду бир калыпта жагуу керек. Бул иш оюн – күлкү менен коштолот. Кайнаган сайын улам үстүнө суу кюлуп турат Сүмөлөк баш аягы 15-16 саат кайнайт.

Сүмөлөктү демдөө:

Коюуланып бышканы билинип калгандан кийин, отту тартып, казандын капкагын жаап, жылуу кездеме мененороп коюшат. Таң атканча от жагылган очоктун ысык табына күйүп кетпеш үчүн очокко топурак таштап койсо сүмөлөк жакшы демделет.

Сүмөлөктү ачуу:

Сүмөлөк дем жеген соң, кадырлуу адамдардын катышуусунда куран окулуп, сүмөлөк ачылат. Казандын капкагы ачылгандан кийинсүмөлөктүн бетине ар кандай сүрөттөрдүн элестери түшүп калат. Ошол түшкөн элестен кыргыздар жылдын кандай болорун жоромолдошкон. Баары тегиз сүмөлөктү чыпалагы менен ооз тийген соң сүмөлөк бөлүнүп, айылга таратыла баштайт.

Жаңы тийген күндүн нуруна сыйынышып, түнү бою бышырылган сүмөлөктүн Теңирдин жиберген ырыскысы деп даам татышкан. Андан башка тамак – аш даярдап, аларды жаңы жылда мол түшүм алууга, мал-жандын аман-эсен болушуна, үй-бүлө, ата-эне, агайын-туугандар жыл бою оору-сыркоодон, жаман илдеттен тышкары болуусуна багыштап, тилек айтышкан.

**2 – тапшырма**

Аудирлөө жолу менен угузулган тексттин негизинде сөздөрдү жана сөз айкаштарын түгөйлүштүргүлө, жана этиштерге талдоо жүргүзгүлө

Ойлонуу баскычы:

1-топко 2- топко з-топко

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| биринчи коштун | келет | балдарын | ача баштайт | өз ырыскысын | соопко калат |
| ачка | алаксытат | ташты салуу | бет алат | чочуп | өтүп келе жатат |
| ыйлагысы | баштайт | тамак | баштайт | үйдөн – үйгө | ыйлайт |
| балдарын | терип келген | ошол жакка | ойготот | атадан балага | очокко асышкан |
| кайната | айтышкан | буудай себүүнү | кошулат | чырылдап | таратышат |
| баары тилек | калган | жети даам | сурашат | жеген адам | насип этиптир |
| бармактай таштарды | алдына түшүп | ого бетер | менен башталат | тай казанды | турат |

**3 – тапшырма**

Ар бир топко орус тилинде (текстке байланыштуу түстүү сүрөт кошо чагылдырылган) текст берилет.

Тапшырма:

- текстти окуп чыгып, кыргыз тилине которгула
- которулган текстке дагы кошумча маалымат бергиле

**4 – тапшырма**

Грамматикалык тема боюнча жазуу жүзүндөгү көнүгүү иши. Ар бир топко тексттер таратылып берилет.

Тапшырма:

- көп чекиттин ордуна тиешелүү этишти коюп жазгыла;
- ал этиштер кайсы чакта экендигин далилдеп бергиле;
- ошол этиштин чагы кандай жол менен жасалды

**5 – тапшырма**

Ар бир топко чакмактын ичиндеги чачыранды тамгалардын жыйындысы берилет.

***Кыргыздын улуттук даамдары***

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| С | Б | А | П | **К** | В | Р |
| Е | Ү | Л | Ы | Ж | **У** | Ң |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ш | Ш | М | Ш | Ф | Ф | **Р** |
| А | Ы | Б | **Ө** | Э | **У** | И |
| Ч | Ф | З | А | Л | И | **Т** |
| О | У | Р | О | М | Ө | Т |
| Я | М | Ч | Ю | Р | П | К |
| А | К | Б | У | В | О | В |
| С | К | Ө | Ы | К | А | М |
| Ф | Х | Г | Ж | Ж | О | А |
| В | Ц | Ф | Ь | Ө | Ы | Ж |
| | | | | | | |
| | | | | | | |

***Кыргыздын улуттук оюндары***

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| О | А | В | В | О | П | П |
| К | О | Т | Р | К | **У** | К |
| Ф | Ы | Д | Ч | **Л** | Ф | В |
| К | О | З | **А** | Й | Ц | Ц |
| А | И | К | К | Р | Б | Ь |
| Б | **Т** | Р | Ь | У | Ы | Ы |
| Ь | Е | **А** | Ө | Ь | У | Ш |
| Ю | Я | Ш | **Р** | Ш | Ө | М |
| Г | К | Ц | Т | **Т** | А | Д |
| Я | Ю | А | В | Й | **Ы** | Т |
| Я | Ш | Ю | Ж | Ж | Р | **Ш** |

***Кыргыздын улуттук кийимдери***

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ч | Ц | У | Р | К | К | Ө |
| В | Е | П | Е | А | Т | Д |
| Э | В | П | И | Ө | В | О |
| Б | Л | Т | К | П | К | Т |
| Ш | Е | Е | А | Е | А | Ь |
| Ь | Ө | Л | Ч | К | Н | К |
| **Т** | И | К | Д | Е | Ы | Ь |
| А | **Е** | В | Ч | Е | К | Я |
| Ф | Ы | **Б** | П | Л | М | О |
| К | В | Л | **Е** | Ю | Ө | Ч |
| Я | Ж | Ю | Ө | **Т** | **Е** | **Й** |

Тапшырма:

- үлгүдө көрсөтүлгөндөй чачыранды тамгалардан кураштырып кыргыздын улуттук даамдарын, оюндарын, кийимдерин тап
- эгер маалыматыңар болсо алардын жасалуу, ойнолуу, кийилүү жолдоруна кыскача токтолуп кеткиле.
Тапшырма иштелип жаткан убакытта «Нооруз» жөнүндө ыр уктурулат.

**6 – тапшырма**

Сабактын башталышында түзүлгөн кластерлерине бүгүнкү сабактан алган жаңы маалыматтарын жашыл түс менен толукташат. Себеби, бүгүнкү биздин сабагыбызда жашыл түс – жаңынын, жакшылыктын жана жаштыктын символу болуп саналат.

**7 - тапшырма**

Балдар, биз сабагыбыздын башында кеп кылып өтпөдүкпү, Нооруздун алдындагы ыйык Кадыр түндө оттун айланасында келечекке болгон аруу тилектер айтылат деп, келгиле эмесе биз дага ошол улуу отту элестетип аруу тилектерибизди айталы. Ар бир студент өз тилегин айтат. Эң жакшы каалоолор упайлар менен бааланат.

4. Сабакты жыйынтыктоо. Сабак доскада илинген «Нооруз – меймандостуктун майрамы», «Нооруз үмүттүн жана жаңылануунун майрамы», «Нооруз – теңчиликтин майрамы» деген лозунгдарды чечмелөө, комментарийлөө менен жыйынтыкталат.

5. Студенттерди баалоо. Баалоо сабактын башында тааныштырылган критерий боюнча бааланат. Казынадагы жалпы упайлардын саны менен топтун баасы чыгат, казыначынын упай бөлүштүрүүсү менен жеке студенттин баасы чыгат.

6. Үйгө тапшырма:

1. «Нооруз (21-март)» жана «Жаңы Жыл (1-январь)» деген темада Венндин диаграммасын түзүү.
2. Окуу китебиндеги «Нооруз айтымын» жаттоо.

***К.Тыныстанов атындагы ЫМУ.***
***Кыргыз тили кафедрасынын***
***окутуучусу Наматова Э.И***

**Тема:** **Өздүк иш кагаздар**

**Максаттары:**

1. Иш кагаздары жөнүндө түшүнүк берүү.
2. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде алып барууга үйрөтүү.
3. Алган билимдерин турмушта, практикада колдоно билүүгө үйрөтүү.

**План:**

1. Арыз жана анын түрлөрү.
2. Түшүнүк кат.
   а) Ички түшүнүк кат;
   б) Тышкы түшүнүк кат.
3. Жарыя. Кулактандыруу. Тил кат. Өмүр баян. Чакыруу. Мүнөздөмө.

**Адабияттар:**

1. А. Иманов. Иш кагаздарынын үлгүлөрү. -Каракол,2007.
2. Б.Б.Жапарова, Ө.А.Калыева. Иш кагаздарын мамлекеттик жана расмий тилде жүгүзүү. -Бишкек, 2008.
3. Т. Ахматов, Т.Аширбаев. Иш кагаздары: Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. -Бишкек, 2001.
4. Т.Аширбаев Иш кагаздарынын үлгүлөрү. -Ош, 2003.

**Өткөн сабакты кайталоо үчүн суроолор:**

1. Стиль деп эмнени түшүнөсүңөр?
2. Стилдин кандай түрлөрү бар?
3. Иш кагаздары деген эмне?
4. Анын кандай түрлөрүн билесиңер? (Талкуууга 5 мүнөт убакыт)

**Жооптор:**

1. Пикир алышуунун кандайдыр бир чөйрөсүнө ылайыкталган кептин түрү **стиль** деп аталат. Адам баласынын пикир алышуусунун чөйрөлөрү ар кандай. Алардын милдеттери жана максаттары ар башка.

2. Кептин стилдери оозеки жана жазуу стили деп экиге бөлүнөт.
   1. Сүйлөшүү стили
   2. Көркөм стиль
   3. Официалдуу – иштиктүү стиль
   4. Илимий стили
   5. Публицистикалык стиль
3. Иш кагаздары адамдардын турмушунда көп колдонулуучу жазуу үлгүлөрү болуп саналат. Мындай кагаздар, негизинен, расмий документтер деп аталат.
4. Арыз, кулактандыруу, тил кат, маалым кат, ишеним кат, маалымдама ж.б.

**1-тапшырма:** ЗХУ (БББ)стратегиясы.
1-суроо: «Өздүк иш кагаздар» деген сөздү укканда силерге кандай ойлор келди? «Өздүк иш кагаздар» деген сөз БББнын схемасынын биринчи бөлүгүнө жазылат. Студенттердин айткандары аны тегерете жазылып турат.
2-суроо: «Иш кагазы тууралуу дагы эмнелерди билгиңер келет?» Студенттердин айткандары БББ схемасынын 2-бөлүгүнө жазылат. Андан ары так билүү үчүн студенттерге төмөнкү тексттер таркатылат. 5 мүнөт.
**2-тапшырма:** Текст менен иштөө. Арыз, түшүнүк кат, өмүр баян, тил кат, чакыруу, кулактандыруу. Тексттерди окуп, ар бир иш кагазына мисал жазышат. Коңшулары менен талкуулашат. Чыгып түшүндүрүшөт. Мисал аркылуу далилдешет. Студенттер менен жалпы талкууланат. БББ схемасынын 3 бөлүгү толтурулат. 5 мүнөт.

## Жеке –уюштуруу иш кагаздары

Жеке – уюштуруу иш кагаздары жарандардын өзүлөрү тарабынан даярдалат жана алардын башка жарандар менен же уюмдар менен укуктук байланышы жөнгө салынат. Ага өмүр баян, арыз, түшүнүк кат, тил кат, чакыруу, кулактандыруу, эмгек келишими, мүнөздөмө кирет.

## Арыз

Арыз – бул уюмдун жетекчисинин дарегине ар түрдүү даттануу же өтүнүч маселелери менен жазылган иш кагазынын түрү. Бул иш кагазы иш кагазын жүргүзүүдө кеңири колдонулат.

Арызда билдирүүчүнүн өтүнүчү же даттануусу кыска жана түшүнүктүү жазылышы керек. Эгерде арыз жазуучу алыста болуп жана арыз көп маселелерди камтыса, анда ал көлөмдүү жазылышы мүмкүн.

Мунун себеби арыз ээсинин алыста болуусу, түз байланыштын жоктугу ж.б.у.с.

Адам ишмердигинде арыздын көптөгөн түрлөрү кездешет. Бирок арыздардын айрым түрлөрүн кошпогондо, алардын бардыгынын маалымдаректери бар. Арыздын негизги маалымдarектерине төмөнкүлөр кирет:

1. Арыз кайсы мекемеге багытталды, жетекчинин кызматы. Жетекчинин аты-жөнү.
2. Арызданууучунун жашаган жери, ким болуп иштейт, анын аты-жөнү толугу менен.
3. Иш кагаздын аты. Бул маалымдарек салттуу түрдү баш тамга менен жазылат.
4. Арыздын тексти. Ал абзацтан башталат. Анда кайрылуунун мазмуну жана себеби көрсөтүлөт. Текстти мүмкүн болушунча кыска жана түшүнүктүү жазуу зарыл.
5. Арызга зарыл иш кагаздары кошо тиркелет. Тиркемеге зарылчылыгына жараша иш кагаздарынын көчүрмөлөрү киргизилет. Эгер тиркеме бирөө гана болсо, анда ал абзац менен жазылат.
6. Арызданууучунун аты-жөнү.
7. Арызданууучунун колу.
8. Арыз жазылган күн, ай, жыл.
9. Арызда арыздын мазмунуна ылайык айрым кызматкерлердин тиешелүү визасы болушу керек.
10. Арыздын индекси. Ал атайын журналда катталат жана аткаруу контролуна коюлат.

Маалымдаректердин аралары так ажыратылышы керек.

Жетекчинин резолюциясы беттин сол жактагы үстүңкү бурчтун актай жерине коюлат.

**Түшүнүк кат**

Бул кызматтык ишмердик менен байланышкан ар кандай кырдаалдарды түшүндүрүү үчүн кызматкерлер тарабынын мекеменин, уюмдун же ишкананын жетекчисине жазылган расмий иш кагазы. Түшүнүк кат ошондой эле кызматкер кызматтык милдетин ишке ашырып жатканда туш болгон кайсы бир кырдаалда жумушта эмне болуп өткөнүн сыпаттоо болуп саналат. Кызматтык кат өзүнүн жазылышы боюнча билдирүү жана сыпаттого окшош болушу мумкун. Түшүнүк катта негизинен эмне себептен эмгек тартиби сакталган жок, ошол жөнүндө айтылат. А билдирүү менен сыпаттоодо жетишкендиктер, кемчиликтер, ийгиликтер, каржылык абал жана чарбалык ишкердик ж.б.у. сыяктуулар жазылышы мүмкүн.

Түшүнүк кат жетекчинин талабы боюнча жазылат жана анын негизинде кызматкерге жазанын ар түрдүү чаралары көрүлөт.

Түшүнүк кат эки түргө бөлүнөт:

1.Ички түшүнүк кат.

2.Тышкы түшүнүк кат.

Ички түшүнүк кат жаран (кызматкер, бөлүм башчы, жумушчу, студент, окутуучу ж.б.у.с.) тарабынан жазылып, мекеменин жетекчисине даректелет.

Бул иш кагазда эмгек тартибинин бузулушунун себептери, жеке кемчиликтер, өзүнүн кызматтык милдетине жоопкерсиздик мамиле (ишке кечигип келүү, себепсиз жумушка келбей калуу, тапшырманы өз убагында аткарбоо, баш ийбөө ж.б.у.с.) жана ушундай абалдын себептери түшүндүрүлөт. Зарыл учурларда бекемдөө үчүн түшүнүк катка зарыл иш кагаздары тиркелет. Мындай түшүнүк кат жөнөкөй кагазга кол менен бир нускада жазылат.

***<u>Ички түшүнүк каттын маалымдаректери:</u>***

1.Түшүнүк кат кимге багытталса ошол мекеменин аталышы, жетекчинин кызматы, анын аты-жөнү.
2.Иш кагазынын авторунун аты-жөнү, кызматы.
3.Иш кагаздын аты (түшүнүк кат).
4.Текст.
5.Тиркеме (зарыл учурда);
6.Колу;
7.Түшүнүк кат жазуучунун аты-жөнү;
8.Жазган күн, ай, жыл болуп саналат.

Тышкы түшүнүк кат мекеменин атайын бланкына жол-жоболоштурулат. Бул катта уюмдар ортосундагы ишмердикке байланышкан ар түрдүү маалыматтар берилет. Тышкы түшүнүк каттын өзгөчөлүгү мына ушунда.

***<u>Тышкы түшүнүк каттын маалымдаректерин төмөнкүлөр түзөт:</u>***

1.Мекеменин бланкынын маалыматтары (мекеменин толук аталышы, герб, эмблема ж.б.у.с.)
2.Бул түшүнүк кат кимге жазылса ошол мекеменин аталышы, жетекчисинин аты-жөнү.
3.Текст.
4.Тиркеме (зарыл болсо).
5.Түшүнүк каттын авторунун аты-жөнү, кызматы.
6.Жетекчинин колу.

Бланк басмаканадан басылган болсо, каттын жазылган күнү көрсөтүлбөйт.

Тышкы түшүнүк кат мекеменин айрым бөлүмөрү жумушта ар түрдүү кырдаал, кырсык болуудан пландык иш чаралар аткарылбаган учурларда жазылат. Мындай иш кагаз машинкада же компьютерде даярдалат.

**Өмүр баян**

Өмүр баян - бул адамдын өз колу менен эркин формадан белгилүү убакыттын аралыгында басып өткөн жолу жөнүндө жазылган иш кагазы . Өмүр баянды жазууда кандайдыр – бир тартипке салган түрү болбойт жана жазуучунун чеберчилигине жараша жана курам бөлүктөр катышуусу керек. ***Ал маалымдаректер төмөнкүлөр:***

1. Иш кагаздын аты (өмүр баян).
2. Иш кагазынын тексти:

а) автордун аты – жөнү (ал « Мен» деген жактама ат атооч формасында берилет) ;

б) туулган жылы, айы , күнү жана жери;

в) ата – энеси (ата – энесинин аты –жөнү, иштеген жери);

г) билими (орто мектеп, атайын окуу жайы, жогорку окуу жайы); кесиби, жана ишкердүүлүк түрү;

д)аскерге кызмат өтөгөндүгү тууралуу маалымат;

е) акыркы иштеген жери жана кызматы;

ж) эмгек сыйлыктары;

з) коомдук ишке катышуусу;

и) Үй-бүлөлүк абалы жана үй-бүлө курамы;

к) Үйүнүн дареги, телефон номуру.

3.Аты-жөнү.

4.Өзүнүн колу.

5.Өмүр баян жазылган жылы, айы, күнү.

Өмүр баян А-4 форматындагы таза кагазга окууга өтүүдө же ишке орношууда өз колу менен жазылат. Өмүр баянда бардык маалыматтар хронологиялык тартипте жазылат:

Өмүр баянды жазууда адабий тилди пайдалануу керек. Анда диалектилер жана одоно сүрөттүүлөр болбошу керек. Бул иш кагазында адамдын турмушундагы терс учурлар жашырылбашы керек, бирок өзүн-өзү мактоого да жол берилбейт. Өмүр баяндын бул бөлүгү кыска жана так болуусу керек.

Өмүр баяндын дагы бир түрү - бул коомдук түзүлүш жана анын адам турмушуна тийгизген таасирин жазуу. Мындай өмүр баяндарда

белгилүү жазуучу, акындардын, илимдин, маданияттын таанымал өкүлдөрүнүн, мамлекеттик коомдук ишмерлердин, согуштун жана эмгектин баатырларынын жана башкалардын өмүрү жана чыгармачылык жолдору үчүнчү жак менен жазылат. Мындай өмүр баянды жазууда таланттуу, улуу, залкар ж.б.у.с. эпитеттер колдонулушу мүмкүн. Мындай өмүр баяндарда «Аты-жону», «Колу», «Датасы» деген маалымдаректер пайдаланылбайт. «Өмүр баян» маалымдарегинин ордуна адамдын аты-жөнү жазылат.

Өмүр баянды жазууда белгилүү чеберчилик талап кылынат. Көпчүлүк учурда биринчи жактын жазган өмүр баяны колдонулат.

**Тил кат**

Тил кат уюмдардан, мекемелерден же жеке жактардан акча каражаттарын же материалдык баалуулуктарын алууда, ошондой эле кандайдыр бир аракеттер болуп өткөндү кеңири колдонулган иш кагазы.

Тил кат кол менен жазылат, же компьютерде же машинкада басылат. Тил катта акчанын суммасы цифра менен жана кашаанын ичине сөз менен көрсөтүлөт. Бул жерде оңдоого, өчүрүүгө жол берилбейт. Мындай учурда ал өзүнүн расмийлүүлүгүн жоготот. Текстти жазууда бардык бош жерлер сызык менен толтурулат. Айрым учурларда тил кат жазууда буга катышкан күбөлөр көрсөтүлөт. Күбөлөр бул иш кагазын өздөрүнүн жеке кол коюулары менен тастыкташат.

Тил кат эркин формада жазылат. ***Тил кат төмөндөгүдөй маалымдарекτерден турат:***

1. Иш кагаздын аты (тил кат).
2. Текст:
  - тил кат берүүчүнүн аты-жөнү;
  - акча, мүлк, материалдык баалуулуктарды (кээде мекеменин аталышы көрсөтүлөт) берген кишинин аты-жөнү;
  - мүлктүн азыркы абалы.
3. Тил кат берген күн.
4. Тил кат берүүчүнүн аты-жөнү.
5. Өз колу.

Тил катта күбөлөрдүн аты-жөнү болушу мүмкүн.

Эгер тил кат акча каражатынын өтө чон суммасына же чон баалуу материалдык баалуулуктарына берилсе, анда сөзсүз түрдө нотариалдык кеңседен же расмий жак тарабынан күбөлөндүрүлүшү керек.

**Чакыруу**

Бул иш кагазы коомдук жана мамлекеттик ишмерлердин, илимдин, искусствонун, маданияттын жана адабияттын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн ар түрдүү салтанаттарына, маарекелерине чакыруу үчүн жана ар түрдүү чогулуштарга илимий-практикалык конференцияларга катышуучуларды чакыруу жазылат. Анда иш-чаранын мазмуну (аталышы), өткөрүүнүн максаты, күнү, убактысы, орду көрсөтүлөт.
Зарыл учурда чакырууга иш чаранын программасы тиркелет.

Чакыруу чакырылуучулардын ошол иш чарага катышуусун камсыз кылуучу иш кагаз болуп саналат.

***<u>Чакыруунун маалымдаректери:</u>***

1.Иш кагаздын аты(чакыруу).
2.Чакырылуучунун аты-жөнү.
3.Текст:
- анда бул иш-чаранын, эмнеге арналганы, тармагы, көрсөтүлөт;
- Өткөрүлүп жаткан иш-чаранын аты
- чакыруучу мекеменин, ишкананын аталышы.
4.Иш чараны өткөрүү убактысы, күнү.
5.Иш чараны өткөрүүчү мекеменин, уюмдун аталышы (уюштуруучулар).

Эгер бул иш чараны бир нече мекеме, уюм өткөрүп жатса, анда аталыштар алфавиттик тартипте көрсөтүлөт. Чакырууда иш чаранын күн тартиби көрсөтүлүшү мүмкүн. Эгер бул илимий-практикалык конференция болсо, анда өткөрүүнүн жүрүшү, кандай билдирүү болот (ар бир билдирүүнүн темасы, билдирүү жасаган автордун кызматы, илимий наамы, даражасы) көрсөтүлөт.

Чакыруу машинкада (компьютерде же басмаканалык жол менен даярдалат) басылат. Чакырылуучунун аты-жөнү, мекеменин аталышы чакыруунун мүнөзүнө ылайыкталат.

Чакыруунун тексти үчүнчү жак менен жазылат.Эгер чакыруу конкреттүү адам же мекеме тарабынан берилсе, анда биринчи жак менен «Сиз» ат атоочун колдонуу менен жазылат.

**Кулактандыруу**

Кулактандыруу - бул мекеменин жана уюмдун жамаат мүчөлөрүнүн кандайдыр бир иш чараны өткөрүү жөнүндө жарыя кылуусу. Ал оозеки жана жазуу жүзүндө болот.

Кулактандырууда бул иш чаранын (жолугушуунун, чогулуштун, башка жалпы иш чаранын) өткөрүлгөн куну, орду жана убактысы көрсөтүлөт. Анда кароого кандай маселелер коюлат, чыгып сүйлөөчүнүн аты-жөнү же карала турган маселелердин кыскача мазмуну көрсөтүлүшү керек.

***<u>Кулактандыруунун маалымдаректерине:</u>***

1. Иш кагаздын аты (кулактандыруу)
2. Текст.
3. Өткөрүү убактысы.
4. Кошумча маалыматтар.
5. Өткөрүү орду.
6. Бул иш чараны өткөрүүчү мекеменин аталышы болуп саналат.

Кулактандыруунун көлөмү ар түрдүү болушу мүмкүн. Бизде чындыгында көбүнчө чон эмес, кыска кулактандыруулар кездешет.

Кээде «Кулактандыруу» деген сөздүн ордуна «Көңүл бургула», «Угуучуларга маалымат», «Студенттерге маалымат» ж.б.у.с. колдонулат. Алар чакыруу мүнөзүнө ээ.

Кулактандыруу болжолдуу иш чараны өткөрүүгө бир жума калганда берилет.

**Жарыя**

Жакынкы мезгилде болуучу ар кандай иш чараларды – жумушка алуу, кинофильм, спектакль көрсөтүү, жарманке, көргөзмөнүн ачылышы жөнүндө жана башка ар түрдүү коомдук иш чараларды элге кабардар кылуу максатында колдонулган иш кагазы – жарыя.

Оозеки формадагы жарыя телекөрсөтүүдөн жана радиодон берилет. Жарыя менен кулактандыруунун реквизиттери, негизинен, окшош болот, бирок иш кагазында жарыянын аты айрым учурда белгиленсе, кээде аталбай эле, өткөрүлүүчү иш чара шыр баяндалат.

**Мүнөздөмө**

Мүнөздөмө – бул мекеме жетекчисинин же коомдук уюмдун атынан кызматкерге берилет жана анын билими, жөндөмдүүлүгү, жалпы тартиптүүлүк, жүрүш-турушу, ишке мамилеси, чеберчилиги мүнөздөлөт. Мүнөздөмө кызматкердин өтүнүчү боюнча же башка мекеме, уюмдун өтүнүчү боюнча берилет.

Мүнөздөмө көпчүлүк учурда окуу жайына тапшырууда, кызматка бекитүүдө же чет өлкөлөргө жөнөгөндө кызматкердин абалы менен таанышуу максатында берилет.

Мүнөздөмөдө ишмердүүлүк, коомдук милдеттер, кызматкердин жүрүш-турушу, анын жеке кадыр баркы жана кемчиликтери чагылдырылышы керек.

Мүнүздөмөнүн мазмуну 3 өз ара байланыштагы бөлүктөрдүн турат. Биринчи бөлүктү эмгек ишмердигинин башталышы, иштеги өзгөрүүлөр жөнүндө баяндалат.

Экинчи бөлүктө кызматкердин ишке болгон мамилеси, адис катары чеберчилиги жана жөндөмдүүлүгү, дасыгын жогорулатуусу, анын коомдук иштерге катышуусу, анын кызматташтары, жакын адамдар жана эмгек жамааты менен мамилеси, анын сыйлыктары тартип жана административдик жазалары айтылат.

Үчүнчү бөлүктү мурунку эки бөлүктөн келип чыккандардан жыйынтык чыгарылат жана мүнөздөмө кандай максат менен берилгени көрсөтүлөт.

Бул иш кагазынын аягына уюмдун жетекчиси кол коет, өзүнүн мөөрү менен ырастайт жана өтүнүчү боюнча мүнөздөмө жол-жоболоштурулуп жаткан уюмдун же адамдын дареги көрсөтүлөт.

Мүнөздөмө адамдын колуна берилет же почта аркылуу жөнөтүлөт. Бул иш кагазы «Өндүрүштүк мүнөздөмө» жана «Мүнөздөмө - жолдомо» болуп эки түргө бөлүнөт.

**Өндүрүштүк мүнөздөмө** – ал жетекчинин атынан жазылат жана анда кызматкердин ишке мамилеси, адамдын мүнөзү жана адамдык, адистик сапаттары көрсөтүлөт.

**Мүнөздөмо – жолдомо** – бул уюм же мекеме тарабынан берилип, жамааттын чогулушунда бекитилет. Бул мүнөздөмө башка ишке өткөндү же кызматы жогорулаганда берилет. Бул иш кагазынын аягында чогулуштун болгон убактысы, протоколдун номуру көрсөтүлөт жана жетекчинин колу, мүнөздөмө берилген күн жана гербдүү мөөр коюлат

Мүнөздөмө А-4 форматындагы бланкка жол-жоболоштурулат.

**Мүнөздөмөнүн маалымдаректери төмөнкүлөр:**

1. Мүнөздөмө алуучу жөнүндө маалымат:
а) мүнөздөмө алуучунун иш орду (окуу орду);
б) туулган жылы;
в) улуту;
г) билими;
д) аты-жөнү;
2. Мүнөздөмөнүн аты.
3. Иш кагазынын тексти.
4. Мекеме жетекчисинин аты-жөнү, кызматы.
5. Мекеме жетекчисинин колу.
6. Берилген күнү.
7. Мөөр.

**1- Слайд:** Иш кагаздарынын реквизиттери көрсөтүлөт.

**3-тапшырма:** Группага 2 топко бөлүнөт. Группа жогорку слайддагы реквизиттер кайсы иш кагазына тиешелүү экендигин аныктаган соң,

аны толтурууга өтүшөт. Группалардын таймашына 10 мүнөт убакыт бөлүнөт.

**4-тапшырма:** Ар бир студентке бирден актай барак кагаз алып, ал бporактын башына өз аттарын жазышат. Ар бир студент өзүнүн сол жагындагы студенттин барагын алып, анын эң жакшы жактарын белгилеп, баалап көңүл көтөргөн кыска-нуска кат жазып, колун коюп, атын жазып, андан ары солдон оңду көздөй улантып жазып, айлантышат. (Сырткы келбети, жүрүш-турушу, адамкерчилиги… ж.б., сүйлөм да болушу мүмкүн). Ар бир студент өзүнүн аты жазылган мактоо барагы тегеренип өзүнө келмейинче кат жазуу улантылат. Тапшырмага 5 мүнөт убакыт берилет.

**5-тапшырма:** Жогорудагы мактоо барагы өзүнө тегеренип келгенден кийин ар бири ошол өзүнө тиешелүү жазылган мактоо сөздөрүнүн негизинде мүнөздөмө түзүшөт. Өз алдынча иштөөгө 10 мүнөт убакыт берилет.

**2-Слайд:** *Арыз, өмүр баян, Устав, Жобо, Тил кат, Буйрук, Чакыруу, Келишим, Акт, Түшүнүк кат, Мүнөздөмө, Токтом.*

**6-тапшырма:** 3 студент доскага чыгышат. 2 студент 3 мүнөттүн ичинде слайдда көрсөтүлгөн сөздөрдүн өздүк иш кагаздарына тиешелүү эмес сөздөрдү табышат (устав, жобо, буйрук, келишим, акт, токтом) үчүнчү студент алардын катасын оңдойт. 2 мүнөт.

**7-тапшырма:** Студенттер 2ден болуп бөлүнөт. Аларга төмөнкүдөй тапшырма берилет:

1-топ: Даймонд схемасы. Жумушка орношуу арызы, жумуштан бошоо арызы.

1. Жумушка орношуу арызы.
2. Кубанычтуу, инициативалуу. (милдеттендирүүчү, демилгелүү)
3. Сүйүнтөт, кооптонтот, үмүттөндүрөт.
4. Документ, иш кагаздын түрү. Далил, арыздын түрү.
5. Кайгыртат, жиндентет, ойлонтот.
6. Өкүнүчтүү, маанай чөгөрүүчү.
7. Жумуштан бошоо арызы.

2-топ: Вендин диаграммасы. Жарыя, Кулактандыруу.

3-топ: Вендин диаграммасы. Ички түшүнүк кат, тышкы түшүнүк кат.

4-бала: Синквейн. Чакыруу. 10 мүнөт.

**8-тапшырма:** Студенттерге өздүк иш кагаздарына тиешелүү болгон тексттин баш сүйлөмдөрү гана берилет. Студенттер текстти андан ары улап жазышат да, иш кагаздын атын аныкташат. Жекече иштөөгө 5 мүнөт убакыт берилет. Тапшырма окулат, чогуу талкууланат.

***1-текст:*** 2010-жылдын 28-апрелинде, күндүзгү саат 12.00до Акдөбө айыл өкмөтүнөн чоң клубунда………………………

( **Кулактандыруу**

2010-жылдын 28-апрелинде, күндүзгү саат 12.00до Акдөбө айыл өкмөтүнүн чоң клубунда айыл тургундарынын жалпы чогулушу болот.

Күн тартиби: 1. Айыл өкмөтүндөгү дыйкан чарбаларынын алган милдеттенмелеринин аткарылышы. Баяндаманы дыйкан чарбаларынын жетекчилери – А. Бараканов, Т. Тыныбеков жасайт.

2. Айыл чарба шаймандарын жазгы жаңы өнөктүккө даярдоо.
Инженер – механик И. Касымбаевдин билдирүүсү.

3. Кезектеги иштер.

Акдөбө айыл өкмөтү. )

***2-текст:*** Үстүбүздөгү жылдын 9- май күнү кызыл сан менен белгилененгендиктен…………………………………

**(Студенттердин эсине!**

Үстүбүздөгү жылдын 9- май күнү кызыл сан менен белгилененгендиктен, 10-майдагы сабак өтүлбөйт, себеби 9-май де малыш күнгө дал келип калган.

08.05.10.

Деканат )

***3-текст:***

Каракол шаарындагы №4
«Назик» бала бакчасынын
башкаруучусу С. Даниловага
бала бакчанын тарбиячысы
Байсариева Уулбүбүдөн

(

Каракол шаарындагы №4
«Назик» бала бакчасынын
башкаруучусу С. Даниловага
бала бакчанын тарбиячысы
Байсариева Уулбүбүдөн

Арыз

Жолдошум жумушунан Бишкек шаарына которулгандыгына байланыштуу мени тарбиячылык кызматынан бошотууңузду суранам.

28.04.10.                    (колу)                    У.Байсалова)

***4-текст:***

Каракол шаарындагы «Айдын уулдары» нан жасап чыгаруу цехинин мүдүрү Али Ердемге цехтин мастери К.Кадыровдон

Түшүнүк кат

(

Каракол шаарындагы «Айдын уулдары» нан жасап чыгаруу цехинин мүдүрү Али Ердемге цехтин мастери К.Кадыровдон

Түшүнүк кат

2010-жылдын 25-апрелинде Каракол шаары боюнча жарык өчүрүлгөндүктөн, нан жасап чыгара алган жокпуз.

25.04.10.                    (колу)                    К.Кадыров)

***5-текст:*** Мен, Айдаралиева Асел, өзүмдүн группалашым Акысбекова Миргүлдүн алты ай мөөнөткө.......................................................

(        Тил кат

Мен, Айдаралиева Асел, өзүмдүн группалашым Акысбекова Миргүлдүн алты ай мөөнөткө 2000 (эки миң) сом суммадагы акчаны карызга алдым. Мөөнөтө бүткөнгө чейин кайтарып берем.

26.04.10.                    (колу)                    Айдаралиева Асел )

***6-текст:*** Мен, ............. , 1989-жылдын.....Атам – дыйкан, энем – мугалим................................

**(Өмүр баян.)**

***7-текст:*** Урматтуу Самат Бейшенович,Сайра Керимовна!........................

(Чакыруу

Урматтуу Самат Бейшенович,Сайра Керимовна!

Сиздерди,2004-жылдын 5-октябрында саат 17.00 до «Достук» ресторанында отучу биздин «Кумуш тоюбузга»жана Эрболттун туулган кунуно чакырабыз.

Урматтоо менен Адыл,Майрам.)

***8-текст:*** Чакыруу

Урматтуу Нурлан Калыбекович!

Кыргыз филолгиясы факультетинин «Жаш толкун» студенттик ийрими сизди 2004-жылы 7-ноябрда……………………………………………..........................

(Чакыруу

Урматтуу Нурлан Калыбекович!

Кыргыз филолгиясы факультетинин «Жаш толкун» студенттик ийрими Сизди 2004-7-ноябрда жаштар менен адабиятчылардын жолугушусуна чакырат.Биз Сиздин чыгармачылыгыныздын кызыктуу учурларынынан айтып берееринизге,турмуштук жана тажрыйбаларыныздын болушорунузго умуттонобуз.

Жолугушу чон залда откорулот.
«Жаш толкун»ийриминин жетекчилиги)

**3- Слайд:** Даталар көрсөтүлөт: ***1930-жылы 8-мартта; 1938-1948 – жылдары; 1948-жылдан 1953-жылга чейин; 1953-жылдын 15-августунан 1960-жылдын 10-июлуна чейин; 1962-1970-жылдары; 1970-жылдан баштап 1977-жылга чейин; 1977-жылдын 20-апрелинен ушул мезгилге чейин.*** Ушул даталарга ылайыктап «Өмүр баян» түзүшөт.

**9-тапшырма:** Ар бир студентке бирден дата бөлүнүп берилет. Ошол датага карата, ылайыктап өзүнүн өмур баянынан 1-2ден сүйлөм жазышат. Жекече иштөөгө 3 мүнөт.

Аягында бардыгы чыгып окушат. Өмүр баян түзүлөт. 2 мүнөт.

**10-тапшырма:** Студенттер 2 топко бөлүнүшөт. Бири-бирине кроссворддорду беришет. Аны толтурушат. 5 мүнөт.

**12-тапшырма:** Группа «Өздүк иш кагаздарынын бүгүнкү күндөгү орду» деген темада бир сценарий түзүшөт. 10 мүнөт. Аткарууга 5 мүнөт.
**13-тапшырма:** 2ден биригип Тил кат түзүшөт.
**Жыйынтыктоо:** Демек, биз бүгүн силер менен иш кагаздарынын түрлөрүн үйрөндүк. Келечекте силер кайсы тармакта иштебегиле бардыгыңарга ушул иш кагаздарынын түрлөрү керектелет. Кандай учурда болбосун иш кагазды жазууну билдиңер. Мындан сырткары иш кагаздарды мамлекеттик тилибиз болгон – кыргыз тилинде жүргүзүүгө үйрөндүңөр.
**Үй тапшырма:** Арыздын ар бир түрүнө мисал жазып келесиңер. Даректи окуп келүү. Мисал менен далилдөө. Тил кат жазып келүү.
**Студенттердин билимин баалоо.**

**Кептик тема:** **Нооруз – көктөм майрамы**
**Грамматикалык тема:** **Зат атооч.**
(орус тайпалары үчүн)

**Максаттары:**

Нооруз майрамынын мааниси жөнүндө түшүнүк алышат. Улутубуздун каада-салтын таанып-билүүдө адептик-ыймандык калыптануусу өнүгөт. Адептик таалим-тарбия берүү менен нарк-насилге, көөнөрбөс салтты өздөштүрүүгө, улутубуздун дөөлөт-мурастарын уюштурууга тарбияланат. Зат атооч жөнүндө алган билимдерин практикада колдоно билүүгө көнүшөт.

**План:**

1. Нооруз майрамынын тарыхы
2. Нооруз майрамындагы ырым-жырымдар
3. Зат атооч

**Адабияттар:**


1. Г.А.Сатышева, М.О.Мусакеева. Кыргыз тили. -Каракол, 2001.
2. А.Койлубаева, А.Койлубаева. Кыргыз тили. -Каракол, 2009.
3. А. Биялиев. Кыргыз тили. Морфология. -Бишкек, 2002.
4. С.Давлетов, С.Кудайбергенов Азыркы кыргыз тили. Морфология. -Фрунзе, 1980.
5. А.Б.Батыркулова, А.К.Койлубаева. Мыкты сабак – ийгиликтин ачкычы. -Бишкек, 2011.


**Өткөн сабакты кайталоо үчүн суроолор:**

1. Кыргыз тилинде канча сөз түркүмдөрү бар?
2. Алардын кайсылары маани берүүчү сөз түркүмдөрү, кайсылары маани бербөөчү сөз түркүмдөрү болуп саналат?
3. Алардын ичинен зат атооч канчанчы орунда турат?
4. Жаз майрамдары кайсылар? (Талкууга 5 мүнөт убакыт)

**Жооптор:**

**1.** Кыргыз тилинде 11 сөз түркүмдөрү бар. Алар:
1) Зат атооч
2) Сын атооч
3) Сан атооч
4) Ат атооч
5) Этиш
6) Тактооч

7) Тууранды сөздөр
8) Сырдык сөз
9) Жандооч
10) Байламта
11) Бөлүкчө

**2.** Булардын ичинен зат, сын, ат атоочтор, этиш, тактоочтор жана тууранды сөздөр маани берүүчү сөз түркүмдөрүнө кирет. Себеби, алар өз алдынча турганда толук маани берет, суроого жооп болуп да түшөт. Ал эми жандоочтор, байламталар жана бөлүкчөлөр өз алдынча турганда толук маани бербейт, суроого жооп болуп да түшпөйт. Ошондуктан, булар маани бербөөчү сөз түркүмдөрү деп аталат. Сырдык сөздөр болсо адамдардын ички сезимин (кубануу, кайгыруу, сүйүнүү ж.б.) билдиргендиктен маани берүүчүгө да, маани бербөөчүгө да кошулбайт.

**3.** Зат атооч 1-орунда турат.

**4.** Жаз майрамдары: 8-Март (Аялдардын Эл аралык майрамы), 21-Март (Нооруз күнү), 1-Апрель (Күлкү күнү), 1-Май (Эмгекчилердин Эл аралык майрамы), 5-Май (Конституциянын кабыл алынышынын күнү), 9-Май (Жеңиш күнү), 25-Май (Акыркы коңгуроо) ж.б.

**Жаңы тема:**

**1-тапшырма (3 мүнөт): ЗХУ (ББК) стратегиясы.**

**1-суроо:** Демек биз силер менен өтө турган темабыз ошол жаз майрамдарынын бири – Нооруз майрамы болуп саналат. Жана грамматикалык темабыз - Зат атооч. Нооруз майрамы жана зат атооч жөнүндө силер эмнени билесиңер? «Нооруз» жана «Зат атооч» деген сөз ББКнын схемасынын биринчи бөлүгүнө жазылат. Студенттердин айткандары аны тегерете жазылып турат. Нооруз майрамы жана зат атооч жөнүндө дагы эмнелерди билгиңер келет? ББК схемасынын экинчи бөлүгү толтурулат.

**2-тапшырма (10 мүнөт):** Нооруз майрамы жөнүндө толук маалымат алуу үчүн жана зат атооч деген эмне? кандай суроолорго жооп берет? зат атоочтор сезим органдары (көз менен көрүү, кол менен кармоо) аркылуу билине турган заттарды, жандуу жана жансыз нерселерди атагандыгына же ал өзгөчөлүккө ээ болбогон заттык маанини туюндургандыгына карай кандай болуп бөлүнөт? зат атоочтун кандай категориялары бар? деген суроолорго жооп алуу үчүн биз төмөнкү тексттерди окуп чыгабыз.

**Группа 3 топко бөлүнөт. Тексттер таркатылат. Ал тексттерди ар бир группа окуп чыгышып, төмөнкү интерактивдүү белгилер системасы менен иштөө боюнча көрсөтмө берилет.**

**V** – мен үчүн тааныш маалымат

**+** - мен үчүн жаңы маалымат

**-** - менин буга чейинки билгениме, ойлогонума туура келишпейт

**?** – мен үчүн түшүнүксүз, же бул суроо боюнча кененирээк маалымат алгым келет.

Интерактивдүү белгилер системасы менен иштөө боюнча белгилүү менен текстти жекече окуп чыгышат. Коңшулары менен ой бөлүшөт. Талкуугa 10 мүнөт убакыт берилет.

## 1-текст. Зат атооч жөнүндө жалпы маалымат.

Заттын, буюмдардын, жан-жаныбарлардын, абстракттуу түшүнүктөрдүн, ар кандай көрүнүштөрдүн, кубулуштардын аттарын билдирип, ким? жана эмне? деген суроолорго жооп берген сөздөр *зат атоочтор* деп аталат. Мисалы: тоо, топурак, мөндүр, шамал, китеп ж.б.

*Тутумуна (составына) карай зат атоочтор жөнөкөй жана татаал болуп экиге бөлүнөт.*

Жөнөкөй зат атоочтор бир уңгудан туруп, өз алдынча толук лексикалык маани берет: кымыз, сүт, айран, курут, жүзүм ж.б.

Татаал зат атоочтор эки же андан көп уңгудан туруп, лексикалык толук бир маанини билдирет: басма сөз, улак тартыш, күз караш, тогуз коргоол ж.б.

*Зат атоочтор сезим органдары (көз менен көрүү, кол менен кармоо) аркылуу билине турган заттарды, жандуу жана жансыз нерселерди атагандыгына же ал өзгөчөлүккө ээ болбогон заттык маанини туюндургандыгына карай конкреттүү зат атоочтор жана абстрактуу зат атоочтор болуп экиге бөлүнөт.*

*Конкреттүү зат атоочтор* элестерин, образдарын көз алдыга келтирүүгө мүмкүн болгон заттарды билдирет. Конкреттүү зат атоочтор грамматикалык жактан сан атоочтор жана сандык маанини билгизүүчү сөздөр менен айкаша алат. Мисалы, он китеп, үчүнчү үй, жети осуят, жыйырма биринчи күн ж.б.. Демек, конкреттүү зат атоочтор саноого мүмкүн болгон заттардын аттарын билдирет.

*Абстрактуу зат атоочтор* көз менен көрүүгө, кол менен кармоого мүмкүн болбогон, бирок ой жүгүртүү аркылуу аныктала турган заттык түшүнүктөрдү атайт. Мисалы, ой, кыял, достук, тиричилик, жашоо, өмүр, жаштык ж.б. Абстрактуу зат атоочтор

эсептик сан атоочтор менен айкаша албайт. Булар көбүнчө жазуу речинде, иш кагаздарынын стилинде кездешет. Абстракту зат атоочторду жасоодо көбүнчө –лык, -чылык мүчөлөрү кеңири колдонулат. Мисалы, токчулук, карылык, аманчылык, дыйканчылык.

*Зат атоочтор маанисине карай энчилүү жана жалпы ат деп экиге бөлүнөт.*

*Жалпы аттар. Б*ир өңчөй заттарды жалпы жолунан атап, алардын тегин билдирген зат атоочтор жалпы зат атоочтор деп аталат. М.: кыял, ой, карышкыр, китеп, ыр, жол, сүрөт ж.б. Жалпы аттар сүйлөмдүн башына келсе гана баш тамга менен жазылат, калган учурда дайыма кичине тамга менен жазылат.

*Энчилүү аттар* кандайдыр бир тектеги заттардын, жан-жаныбарлардын ичинен бирөөнө бөлүп көрсөтөт. Энчилүү аттар төмөнкүдөй тематикалык топтордон турат:

1. Адам аттары (аты, атасынын аты, фамилиясы): Амангелдиев Темир Усөнбекович.
2. Жаныбарларга энчиленип коюлган аттар: Кумайык, Тайтору, Аккула ж.б.
3. Жер-суу аттары: Ысык-Көл, Бишкек, Талас ж.б.
4. Астрономиялык аттар: Күн, Ай, Сатурн, Марс, Жетиген, Үркөр ж.б.
5. Китеп, газета-журналдардын, чыгармалардын аттары: «Көк асаба», «Манас», «Фабула» ж.б.
6. Тарыхый окуя, мамлекет, мекеме, орден, медаль аттары: үркүн, Улуу Ата Мекендик согуш, Кыргыз Республикасы, Түркия, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы ж.б.

Жазууда энчилүү аттар сүйлөмдүн кайсы жерине келбесин (башына, ортосуна, аягына) дайыма баш тамга менен жазылат.

Демек, айрым жеке заттарды атоо үчүн кызмат кылган мунөздүү түрдө көптүк мүчөсүз колдонулган зат атооч *энчилүү зат атооч* деп аталат.

*Зат атоочтун категориялары:* сан категориясы, таандык категория, жөндөмү категориясы.

## 2-текст: Нооруз

Нооруз майрамы кыргыздын, жалпы эле күн чыгыш элдеринин эң байыркы, эң барктуу, эң демократиялуу (кары жашка бирдей), салттуу майрамдарынын бири. Кыргыз Республикасынын тунгуч президенти Аскар Акаевдин атайын указы менен 21-март элдик майрам күнү, жумушсуз күн деп жарыяланганы буга далил. Нооруз майрамы кайдан келип чыккан жана анын максаты эмне деген суроо

туулат. Ушул суроолорго жооп издеп көрөлү. Нооруз сөзү иран тилинен алынган,  «нав» - жаңы, «руз» - күн, демек жаңы күн дегенди түшүндүрөт. Алгач ноорузду же болбосо жаңы жылды кайда, качан белгилешкен деген суроого жооп бериш кыйын. Себеи, мусулман өлкөлөрүндө (Турция, Иран, Афганистан) биздин Орто Азия республикаларында (Татарстан, Башкырстан жана башка мамлекеттерде) ноорuздун новруз, ноуруз, навруз деп аталганына карабастан маани-маңызы бирдей. Ал славяндардын Иван Купала майрамына жакындашып кетет.

Мусулман календары боюнча жаңы жыл 21-мартта, күн менен түн теңелип күн узара баштаганга туура келет. Дагы кошумчалай кетчү нерсе: Нооруз бул жалаң гана жаңы жыл тосуу майрамы эмес, бул жазды тосуу жана жазгы талаа жумуштарынын башталыш майрамы.

Аштык бычак бөлүнөт,

Коштун башы сунулуп, -деп ыр саптарында айтылгандай бул маалда жердин тоңу кетип, күн жылып, күчүнө кирип калган кез болот. Адатта бул күнү кош айдоо жапырт башталып алгачкы үрөн себилет. Жаңы көчөттөр тигилип, жакшы ой менен ырымдап чүпүрөк байлашкан, бата кылып жакшылыкка даба кылышкан.

Элдин айдан аман, жылдан эсен чыгышын, уруш-талаш, согуш болбосун, үйдүн куту кетпесин, эл-журт аман болушун тилешкен.

Ар кайсы жерде арчадан от күйгүзүшүп эркектер, балдар үстүнөн секиришкен. Түтөгөн арча менен балдарды, өйдө, мал-жанды аласташкан (жамандык кыш менен кетсин, жакшылык жаз менен келсин. Үйдү кырсык-кыба, жин-шайтандар ушул түтүн менен кетсин, алас, алас, ал балээден калас):

Алас, алас,
Ар балээден калас,
Эски жыл кетти,
Жаңы жыл келди,
Алас, алас,
Айдан аман,
Жылдан эсен,
Жакшылыкты теңир берер,
Жарык күндү кенен берер,
Алас, алас, алас,
Ар балээден калас.
Айдан аман, жылдан эсен бололу,
Жакшылыкты теңирим берсин
Жарык күндү кеңири берсин,

Орообуз данга толсун,
Оозубуз нанга толсун
Алас, алас… - деп үйдү аластап чыгышат.

Дагы бир өзгөчөлүү нерсе: майрамдык дасторкон жөнөкөй бирок символикалуу болгон. Дасторконго жети татымал: туз, ун, суу, таруу, күрүч, эт, сүт, эң ортосуна ошол үйдүн чамасына ылайык жүгөрү же буудай токоч коюлган. Ал эми таруудан же буудайдан жасалган көжөсүз нооруздама өткөн эмес. Нооруздун дагы бир башкача айтылышы чоң көжө деген айрым аксакалдардын оюна аргасыздан кошуласың. Дагы кошумчалай кетчү нерсе ата-бабаларыбызда уул-кыздын туулган күнүн белгилүү традициясы болгон эмес. Жыл мезгилине карап баланча жылы күн нөшөрлөгөндү, же кар калың жааганда же болбосо түкүн жайлоодо төрөлгөм деген ооз метрикасы гана болгон. Ал эми нооруз майрамда мүчөлүгүнө толгон адамга (12, 24, 36, 48 ж.б.) жаңы кийим кийгизишкен. Башың аман болсун деп эркекке жаңы тебетей, кызга жаңы жоолук салышкан.

Нооруздун тамыры терең, мааниси кенен жана ушул жагынан баалуу накта элдик жана үй-бүлөлүк майрам.

Октябрь революциясына чейин кыргыздардын нооруз, курман айт майрамдарынан бөлөк жалпы элдик майрамдары болгон эмес. 21-мартта демейдегиден бөлөк тартип, тазалык кармалып, майрамга кыш аягынан даярданышкан, бири-бирин урматтоо, ызаттоо эрежелери так сакталган. Жети татымалдан даярдалган сүмөлөк жасашып, токчулук, молчулук каалашкан. Кечкурун айыл жаштары чогулуп селкинчек курушкан. Жоолук таңмай, Ак терек оюндарын чогуу ойношкон. Сакалын жайкалткан чалдар, элечекчен байбичелер уй мүйүз тарта отурушуп, дастан казал айтышкан. Уламыш жагын чубашкан.

### 3-текст: Ата салты, эне расими Нооруз майрамы.

Ала-букада Нооруз майрамын майрамдоодо бир аз айырмачылыктар бар. Кечинде чоң от жагышат. Ал оттун айланасына бардыгы чогулушат. «Алас-алас, ар балээден калас» дешип, оттон аттап аластанышып ары-бери секиришет. Кыдыр ата менен Умай эне үйлөрдү кыдырышат. Бул балдар үчүн мурда болуп көрбөгөн жаңылык, кызык оюн-зоок. Кыдыр ата менен умай энеден белек алышат же бул ыйык, улук жандарга белек беришет: бардарлар тартуу тартышат, кембагалдар белек алышат. От алоолонуп күйө баштагандан тартып аксакалдар отту айланып турушат, кол кармашып отту тегеренишет. Нооруз айтымын башташат: «алас-алас, алас, ар балээден калас» дешип ырдашат. Ушундан кийин гана балдар менен жаштар бул ырды андан ары улантышат. Кол кармашып, отту

тегеренишип, бири баштаса кайырмасына бардыгы кошулушат. Бул жаңы жылдын оту, жаңы жылдын ыры. Энелер отко май салышат. Арча түтөтүшөт. Үйдү, корону, малканаларды – бардыгын аласташат. «Акыйнек», «Акын айтышы», «Чечен айтышы», «Манас айтыш» ж.б. айтыштарды, бийди дагы ушул сыяктуу көңүл ачар ырларды айтышкан.

Аталардын айтымына Караганда «сүмөлөктү» динлин деген элдер – биздин ата-бабабыз «өсмөлок» деген экен. Илгертеден эле нооруз башталгандан тартып сүмөлөк жасашкан экен.

Сүмөлөк жагдайында элдик айтымдар өтө арбын. Ошолордун бири мындай.

Илгери-илгери бир кедей дыйкан кырман көтөрүп турса, баскынчылар келип, чогулткан эгининен бир тоголок калтырбай карактап алып кетишет. Дыйкан сызга отуруп калат. Анан эптеп үрөн таап күздүк буудай септи. «Эгин айдасаң – күз айда, күз айдабасаң – жүз айда» деген дыйкандардын макалы бар.

Нооруз айына жетип-жетпей тапкан-ташыган эгини түгөнүп, жөжөдөй бөжүрөгөн балдары ачка калды. Наристелер: «Нан-нан, окат-оокат (тамак, күрүч)», - деп безилдеп ыйлашты. Атасы тамак издеп туугандарына кыдырып кетет. Апасынын айласы кетип куран окуп туруп казанга 42 чакмак таш салып кайната баштайт. Балдары сооронуп, ыйлаганы басылып сурай башташат:

- Казанда эмне кайнап жатат?
- Сүмөлөк. Манастын 42 чоросунун касиеттүү өсмөлөгү.
- Качан бышат?
- Силер уктап ойгонгондо, таң атканда бышат.

Ошентип наристелер кечинде ачка уктап калышат. Таң заарда ойгонуп карашса, кечинде казанга салынган чакмак таш сүмөлөк болуп калыптыр. (кээде пайгамбар жашына жетсин деп 61 чакмак таш салган).

Сүмөлөк кайнай баштагандан тартып «Сүмөлөк айтымы» ырдалат.

Сүмөлөк айтымы:

Ар дасторкон түрлөнөт,
Аштын көркү сүмөлөк.
Жашыл майса жараткан,
Жаздын көркү сүмөлөк.

Кайнап борк-борк сүмөлөк,
Казан тынбай көөлөнөт.
Кырк эки таш шыгырайт,

Кыйырга нур үбөлөп.

**майса** – эгиндин жаңы өсүп чыккан же идишке өстүрүлгөн көгү
**нур үбөлөп** – нур төгүп

**Сүмөлөктүн жасалышы.**

Нооруз майрамы сүмөлөксүз өтпөйт. Сүмөлөк жасаш үчүн адегенде буудайды жууп, тазалап алабыз. Анны тегиз тактага жайып күнүгө суу куюп турабыз. Ал жети күндө даяр болот. Өнүп чыккан буудайдын узундугу 1-2 сантиметрден ашыш керек. Буудай көп өсүп кетсе, сүмөлөк кычкыл, даамсыз болуп калат. Өнүп даяр болгон буудайды 1-жолу сууга салып сүзүп алабыз. Сүмөлөккө сүзүп алынган суу, ун, 40 же 42 таш салынат. Жакшы тилек айтып сүмөлөктү аралаштырыш керек. Сүмөлөк эң узак 6-8 саат кайнап быша турган тамак.

**2-суроо:** Демек, бул тексттен кийин Нооруз жөнүндо, Зат атооч жөнүндө дагы эмнелерди билдинер? Түшүнгөндөрүн айтып беришет, 3-группа айтылбай калган жерлерин айтып беришет. Кайсы белгини койгонун жана эмне үчүн ал белгини койгонун презентациялайт. Натыйжасы ББКнын үчүнчү бөлүгүнө жазылат. Мындан сырткары айтылбай калган жерлер башка студенттер тарабынан жана мугалим тарабынан толукталат.

**1- Слайд.**

**3-тапшырма (аткарууга 15 мүнөт убакыт берилет): Жалпы группага табышмактар слайдда көрсөтүлөт, ал табышмактын жообун таап, табышмактардын жообун катыштырып жаз майрамдарын, Нооруз майрамын байланыштырып текст түзушөт.**

1. Балдан таттуу, пахтадан жумшак (уйку)
2. Бир нерсе бар күлүк
   Адам менен бир жүрүп
   Каза берсе түбү жок
   Кайда журсө жүгү жок (ой, санаа)
3. Асман аппак, буласын чубап,
   Бак-дарак башын каптады бубак
   Ой-тоонун баарын кумшекер каптап,
   Кырс мүнөз күткөн бул кайсы убак? (кыш)
4. Ыйласа жашыл сел болуп акты,
   Ак тонду алып, жашыл тон жапты.
   Жашыл тонго көз жашы жагып,

Түрдөп-түрдөп саймасын сайды,
Бул кандай сулуу, кана ким тапты? (жаз)
5. Төрт нерсе бири-бирине жете албаган
Ажырап бири-биринен кете албаган
Өздөрү бул дүйнөнүн камын ойлоп
Ойлогон максатына жете албаган. (жылдын төрт мезгили)
6. Эже-сиңди,
Бирөө жарык,
Бирөө караңгы (күн, түн)
7. Он эки бир тууган
Аларды ким тууган? (12 ай)
8. Таптым
Таманыма бастым (ак чөлмөк)
9. Тил оозу жок туруп
Киши менен сүйлөшөт
Чындыгында киши эмес
Кишиге акыл үйрөтөт (китеп)
10. Там боорунда жабышып
Чоор тарткан ким экен? (радио)
11. Ичи ичинде, ичегиси тышында (комуз)
12. Аягы жок жүрөт
Тили жок сүйлөйт (кат)
13. Колсуз, бутсуз асманга
атырылып чыгат (от)
Эскиргени билинбейт
Кызыл жоолук дирилдейт (от)
14. Жер менен түптөгөн
Кийиз менен каптаган (боз үй)
Атасы баласын көтөрөт
Баласы калпагын көтөрөт (боз үй)
15. Үчөө ынтымактуу дешет,
Бирөө куюлуп түшөт
18. Бирөө кубанып ичет
Бирөө кулпунуп өсөт (жаан, жер, өсүмдүк)
19.Өзү кызыл, өзү кызык
Боорунда бар жалгыз сызык
Берекелүү балбан колдор
Күз айында алат сузуп (буудай)
20. Митаам бышкан ашты көрдүм (сүмөлөк)
21. Кудам кудукка түштү
Курсагы борсое түштү

Эки бети кызара түштү (боорсок)

22. Көшөгө чакан,
Көп нерсе баткан
Нурдан түшкөн сүрөт
Сансыз элес берет
Үйдөн чыккан эл
Дүйнө жүзүн көрөт (кино, телевизор)

23. Бир адамды он адам кылам десе
Башынан ойлоп жүрүп камын жесе
Бир адамды он адам кылат экен
Көрүнүү сандык алып өзү келсе (фотоаппарат)

**4-тапшырма (5 мүнөт):** «Жагымдуу кат» ыкмасы. Ар бир студентке бирден актай барак кагаз алып, ал барактын башына өз аттарын жазышат. Ар бир студент өзүнүн сол жагындагы студенттин барагын алып, анын атынын баш тамгасынан башталган зат атооч сөздөрдү кошуп жазышат (жазга байланыштуу, улуттук тамак аштардан ж.б.), андан ары солдон оңду көздөй улантып жазып, айлантышат (сүйлөм да болушу мүмкүн). Ар бир студент өзүнүн аты жазылган мактоо барагы тегеренип өзүнө келмейинче кат жазуу улантылат. Тапшырмага 5 мүнөт убакыт берилет.

**5-тапшырма (5 мүнөт):** Жогорудагы мактоо барагы өзүнө тегеренип келгенден кийин ошол студент жазылган зат атооч сөздөрүнөн негизинде Ноорузга байланыштуу текст түзөт. Өз алдынча иштөөгө 5 мүнөт убакыт берилет.

**2-Слайд.**

**6-тапшырма (5 мүнөт):** «Тамгаларга саякат» деп аталат. Берилген номерлер боюнча алфавите кайсы тамга жазылганын таап, кандай сөз катылганын аныктагыла.

| 21 | 1 | 2 | 9 | 1 |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

| 21 | 23 | 26 | 17 | 15 |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

| 21 | 6 | 2 |
|---|---|---|
| | | |

| 21 | 6 | 19 | 1 | 15 | 5 |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

| 21 | 10 | 20 |
|---|---|---|
| | | |

| 21 | 10 | 20 | 12 | 17 |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

Нооруздун да жети түрдүү даамдары бар. Алар сүмөлөк, көк самса, бадырак (куурулган буурчак), май талкан (талканга май, кант кошуп жасалат), эжигей (куруттун бир түрү), ширин күрүч, курут. Баса, кээ бир учурларда сүмөлөк жок болуп калса, Нооруз дасторконуна «С» тамгасы менен башталган түрдүү тамактарды да коюп келишкен экен. Алар жогорудагы силер тапкан тамактар экен.

**3-Слайд:**

Сабза – буудайдын өндүрүлгөн көгү

Сухон – бадам данеги кошулуп жасалган азыркы коржик сыяктуу нан түрү

Себ – алма

Сепанд – бадам данеги кошулуп жасалган токоч

Сир – сарымсак, пияз

Сирко (сирке) - уксуз

**7-тапшырма (5 мүнөт): Тексттер таркатылып берилет. Ар бир сүйлөмдү доскага жазышып, энчилүү жана жалпы зат атооч сөздөрдү табат.**

**1-текст:** Байыркы-байыркы тарыхка сапар чегебиз. Омар Хаям «Ноорузнаама», Абылкасым Фирдоуси «Шахнаама», Али Кожо Термези «Ноорузнаама», Махмуд Кашкари «Диван лугатит түрк», Абу Райхан Бируни «Эзелки убактан калган эстеликтер» деген чыгармаларында Нооруз тууралуу мактоо сөздөрүн айтат. Нооруз алар үчүн чоң тарыхый окуя катары калган. Алардын баары бул күндө майрам катары белгилеген эң байыркы салт деп эсептешкен. XIV кылымда Рабгузи мынтип жазган: «Күн Камал айынан (23-марттан 21-апрелге чейинки мезгил) ооганда Нооруз келип, суук качат, чилде, кыш чыгып, жер бетинде муз калбайт».

**2-текст:** Нооруздун кыргыздарда байыртадан улуу майрам болуп келгендинин уруу-урук, жер-суу, адам аттары, элдик санжыранын маалыматтары да айгинелейт. Мисалы, кыргыздын уруулук тобундагы тейит уруусунун курамында «Наурыз» деген ири уруктун аталышы белгилүү. Бул уруктун өкүлдөрү Лейлек аймагын мекендешет. Чүй

облусуна караштуу Кант аймагында Ноорус (Нооруз) аттуу ири айылдын аталышы учурайт. Ушул эле аймакты аралап агып өткөн Чүй суусуна оң тараптан Нооруз деген анчалык чоң эмес дарыя куят. Мындан сыркары кыргыздагы Адам аттарынын ичинен Ноорузбай, Ноорузбаева, Ноорузбек, Ноорузгүл деген фамилия, ысымдар арбын кездешет.
**3-текст:** Нооруз күнү ар кандай араздашуулар аягына чыгып, урушкандар жарашып, согуштар токтоп, элди ырыс-ынтымак аралачу.

**8-тапшырма (5 мүнөт):** Доскага карточкалар менен иштөө. Көп чекиттин ордуна **Ж** дан башталган тиешелүү зат атооч сөздөрдү койгула. Чыгып, сүйлөмдөрдү ирети менен окушат.

1. Жамалы жоогазын жүзүндөй (жазымды) жаштайыман жактырам.

2. Жаз - жашоо жыргалы, (жакшылык) жышааны.

3. Жаратканым, жалындаган жаштыкты жароокер (жазга) жараштырыптыр.

4. Жашыл жалбырактар жаштыктын (желегиндей) жазгы (желге) желбиресе, жарпым жазылат.

5. Жазга жарышып жакында (жергебизге) жаңы жыл жаңырды.

6. Жаңы жылда (журтубузду) жакшылык жылоолосун, жамандык жетпесин.

7. (Жаштарыбыз) жаштыктын жалын жылдарында жаркып жүрүшсүн. Жаш жубайлардын (жылдызы) жарашсын.

8. Жаз жөнүндө (жазуучудай) жазбаганымды жактырбай жүрбөңүздөр.

**4-Слайд.** Демек төмөнкүдөй текст болду.

Жамалы жоогазын жүзүндөй жазымды жаштайыман жактырам. Жаз - жашоо жыргалы, жакшылык жышааны. Жаратканым, жалындаган жаштыкты жароокер жазга жараштырыптыр. Жашыл жалбырактар жаштыктын желегиндей жазгы желге желбиресе,

жарпым жазылат. Жазга жарышып жакында жергебизге жаңы жыл жаңырды. Жаңы жылда журтубузду жакшылык жылоолосун, жамандык жетпесин. Жаштарыбыз жаштыктын жалын жылдарында жаркып жүрүшсүн. Жаш жубайлардын жылдызы жарашсын. Жаз жөнүндө жазуучудай жазбаганымды жактырбай жүрбөңүздөр.

**5-Слайд.**

**9-тапшырма (20 мүнөт):**

**1-топ: Даймонд схемасы.** Күн. Түн.

1. Күн (зат атооч)
2. 2 сөз сын атооч – жарык, жылуу, узун, кыска.
3. 1-сапка тиешелүү 3 этиш сөз – узарат, кыскарат, эмгектентет,
4. 4 сөздөн: 2 зат атооч сөз 1-сапка тиешелүү; 2 зат атооч сөз 7-сапка тиешелүү.
5. уктатат, кыскарат, оойт.
6. караңгы, салкын, айлуу, айсыз.(2 сын атооч)
7.Түн (зат атооч)

**2-топ:**

1. Жаз
7. Кыш.

**3-топ:**

1. Жаш
7. Кары

Топтор иштеп жаткан учурда ар бир топтон бирден студент чыгып доскага иштешет.

**1-топ: Синквейн.** Нооруз. Сүмөлөк. Зат атоочко синквейн түзүү.

А)

1. Нооруз
2. шаңдуу, жаңы
3. ырдатат (нооруз ырын), ойнотот, бийлетет.
4. Нооруз – жаңы жыл майрамы.


Б)

1. Сүмөлөк
2. таттуу, суюк
3. кайнайт, жасалат, желет,
4. Сүмөлөк – Нооруз майрамында жасалуучу тамак.

В)

1. Зат атооч

2. категориялуу, (Энчилүү, жалпы, абстракту, конкреттүү, жөнөкөй, татаал)
3. жөндөлөт, жасалат (ач+кыч=ачкыч, мад+чы=малчы), бөлүнөт
Зат атооч ким, эмне деген суроого жооп берет.
**2-топ: Кластер.** Нооруз. Сүмөлөк. Зат атоооч.
**3-топ: Вендин диаграммасы.** Нооруз – 31-декабрь (1-январь). Энчилүү ат – жалпы ат.




**8-тапшырма (10 мүнөт): Тексттен конкреттүү жана абстракту зат атооч сөздөрдү таап доскага жазышат. Уңгу, мүчөгө ажытарышат.**
**1-текст.** Нооруз күнү ар кандай араздашуулар аягына чыгып, урушкандар жарашып, согуштар токтоп, элди ырыс-ынтымак аралачу. Тапшырма окулат, чогуу талкууланат.
**2-текст.**
Жаңы жылда жыңыланып
Жаңы ийгилик баштайлы
Жакшыларды эске алып
Жамандыкты таштайлы.
**3-тект.**
Элибизде март айы менен жаз келет деп айтылат. Календарь боюнча жаз март айынын биринчи күнүнөн башталат. Астрономиялык жаз 21-марттан, башкача айтканда, күн менен түндүн теңелүүсүнөн башталат.
**9-тапшырма (5 мүнөт): 3** топ бири-бирине кроссворддорду беришет. Аны толтурушат. Жоопторун текшеришет.
**Жыйынтыктоо (3 мүнөт):** Демек, биз бүгүн силер менен Зат атооч жөнүндө маалымат алдык. Мусулман элдеринин жаңы жылы болгон Нооруз майрамы жөнүндө да айрым керектүү маалыматты алдыңар деп ойлойм. Чет тилдер Жана туризм факультеттеринин студенттери үчүн да муну билүү зарыл деп эсептейм. Анткени башка өлкөлөргө чыгуу мүмкүнчүлүгүңөр да көп болгондуктан, бизде, кыргыз элинде Нооруз майрамы кандай белгиленери тууралуу айтып берүүгө тура келип калсаңар бул маалыматтардын кереги бар. Нооруздан башталган Жаңы жылыбыз берекенин, бейпилчиликтин, ырыс-ынтымактын, достуктун, адамдар түшүнүүнүн жылы болсун.

**Үй тапшырма (2 мүнөт):** Төмөнкү ырды жаттап, зат атооч сөздөрдү таап келесиңер.

Кыш кетип, жаз белгиси келген кезде
Жан кирип, жан-жаныбар баскан кезде
Жымыңдап көктү жылдыз багыт коюп,
Күн менен түндүн күчү теңешкенде,
Бабалар Нооруз кылып белгилептир
Болсун деп жашоо күчү ар биринде

Бейпилде ак дасторкон эң тойдурган,
Пейли да, дасторкондой жайнап турган.
Салмактап Жакшы менен Жамандыкты
Бабалар акыл менен салт улаган
Ноорузда тилеп бейкут-токчулукту.
Баарына бакыт сурап, бата сунган.

Жараткан «Жакшылыкты улагын» деп
Ар жанды үмүт менен жараткан дейт.
Ноорузда алсыздарга кол суналы
Адамдар, ата-салтын биз бекемдеп.
Жайнаса дасторконуң үмүт менен,
Жакшылык жакшы болуп өзү келет.

**Кептик тема:** **Манасчылар**
**Грамматикалык тема:** **Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү кайталоо (орус тайпасы үчүн)**

**Сабактын максаты:**

| **билим берүүчүлүк** | **Өнүктүрүүчүлүк** | **тарбия берүүчүлүк** |
|---|---|---|
| Мансчылык өнөр жана манасчылар жөнүндө түшүнүк алышат. Мансчылардын түрлөрүн жана аларга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү айырмалай алышат. «Манас» эпосу боюнча алган билимдерин системалаштырып, билгичтикке машыгат. | Алган билимдерин практикада колдоно алат. Кыргыз тилинде эркин сүйлөөгө машыгат. Текст түзүү, көнүгүүлөр менен иштөө аркылуу сүйлөө кеби, ой жүгүртүүсү өнүгөт. | Эмгектене билүүгө, топто бири-биринин пикирин угууга, сылык, маданияттуу болууга, кыргыз тилин сүйүүгө тарбияланышат. Кыргыз элинин тарыхына, адабиятына, салт-санаасына, оозеки чыгармачылыгына кызыгуусу артат. |

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жетти дейбиз эгерде студент…**

| | | |
|---|---|---|
| ❖ Мансчылык өнөр жана манасчылар жөнүндө айтып бере алышса;<br>❖ Мансчылардын түрлөрүн жана аларга мүнөздөө өзгөчөлүктөрдү айырмалай алышса. | ❖ Манасчылык өнөрдүн келип чыгыш себептерин түшүндүрүп бере алса;<br>❖ Манасчылар жөнүндө алган маалыматтарын турмушта колдоно алса. | ❖ Топто иштөөдө бири-биринин пикирин угуп, сөзүн бөлбөй сылык мамиледе болушса;<br>❖ Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгын, анын ичинен «Манас» эпосун жана манасчылык өнөрдү баалай билүүгө үйрөнүшсө. |

**Сабактын тиби:** алган билимдерин кайталоо, жаңы билимдерди өздөштүрүү.
**Сабактын методу:** изденүү, интерактивдүү.
**Сабактын формасы:** топтордо иштөө.

**Сабактын жабдылышы:** аудио, видео материалдар, стенд, «Манас» эпосуна тиешелүү курал жарак жабыктары, ватман, маркер, окуу китептери, буклеттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу** (студенттердин санын тактоо, окуу материалдарын жайгаштыруу)

**2. Өткөн сабакты кайталоо үчүн суроолор:**

1. Жөнөкөй сүйлөм деп эмнени айтабыз, анын кандай түрлөрү бар?
2. Татаал сүйлөм деген эмне жана анын кандай түрлөрү бар?
3. Дүйнөлүк эпостон кайсыларды билесиңер, анын ичинен кыргыз элинин улуу эпосу кайсы?
4. Жалпы эле «Манас» эпосу боюнча эмнелерди билесиңер?

*1. Жөнөкөй сүйлөм деп бир гана сүйлөмдүн, же болбосо бир нече грамматикалык негизге ээ болгон сүйлөмдөрдү айтабыз.*

*2. Маанилери боюнча өз ара жакындыгы болгон бир нече жөнөкөй сүйлөмдөр*

*грамматикалык жактан тутумдашып, бир бүтүн ойду билдирсе,* ***татаал сүйлөм*** *деп аталат. Татаал сүйлөм грамматикалык түзүлүшү боюнча тең байланыштагы татаал сүйлөм жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм болуп бөлүнөт.*

1. Бири-бирине карата тең даражада эки, же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөр интонациялык жана маанилик жактан ажырагыс биримдикте туруп, бүтүн ойду туюндурса, **тең байланыштагы татаал сүйлөм** болот.
2. Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөдүн тутумунда туруп, баш сүйлөмгө мааниси, грамматикалык түзүлүшү боюнча багынычтуу болгон жана ал баш сүйлөмдүн түрдүү белгилерин, мүнөзүн билдирген сүйлөмдөр **багыныңкы сүйлөмдөр** деп аталат. Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдөгү ой-пикирди жыйынтыктап, анын аякталган чегин билдирүүчү негизги сүйлөм баш сүйлөм деп аталат.

**Жаңы тема:**

1. **Манасчылык өнөр жана манасчылар тууралуу видео көрсөтүлөт**

(10 мин.)

**1-тапшырма:** көрүлгөн видеонун негизинде түшүнгөндөрүн кыскача айтып беришет (5 мин.).

2. **Андан соң көлдүк манасчы – Тилек Асановго сөз берилет.** «Манас» эпосунан үзүндү айтылат. Бул учурда студенттерге манасчылар боюнча тексттер таратылат (20 мин.).

**1-Слайд:**

**Манасчылар**

Манасчылар жөн гана эпосту аткаруучулар эмес, алар өзүлөрүнүн жеке мүнөзүнө ээ болгон варианттарды жаратышат. Тилекке каршы «Манас» эпосун биринчилерден болуп ким аткаргандыгы белгисиз. Манасчылардын чыгармачылыгынын айланасында толгон-токой уламыштар көп. С.Орозбаковдун вариантында Манас баатырдын кырк чоросусунун бири Жайсаң ырчы баатырдын эрдик иштерин эл арасына биринчи болуп айтып чыккан деп болжолдошот. Ал зор таланттуу адам болуп «жалгыз үйдүн жабуусун жарым күн ырдаган» деп айтылат. Ошондой эле «Манас» эпосунда Ырчы уул деген баатыр берилет. Элде «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» деген сөз бар. Уламыш боюнча Токтогул эпостун каарманы болгон. 500 жыл мурун жашап, «Манас» айткан делинет. 18-кылымда жашаган Нооруз, 19-к-да жашаган Келдибек, Балык, анын уулу Найманбай, Тыныбек, Чоюке манасчылар жөнүндө маалыматтар эл арасында оозеки сакталып калган. Акыркы залкар манасчылар Сагынбай жана Саякбайдын варианттары басылып чыгарылган, чыгармачылыгы кеңири изилденген.

**2-тапшырма:** Манасчылар тууралуу таратылган тексттерди окуп, өз алдынча даярданышат (5 мин.).

**3-тапшырма:**

**2-Слайд:** Берилген номерлер боюнча алфавитте кайсы тамга жазылганын таап, кандай сөз катылганын аныкташат (алфавиттер катар саны менен берилет). Аныкталган сөз мурунку тапшырмада берилген тексттердин ичинен кайсы текстке тиешелүү болсо, ошол студент туруп ошол манасчы жөнүндө маалыматты слайддын негизинде түшүнгөнүн айтып берет. Аталган манасчылардын «Манас» эпосун айтып жаткан учурундагы видеолордон үзүндү көрсөтүлөт. Ар бир айткан студент өз текстинен бирден сүйлөм доскага жазып, талдоо жүргүзүшөт (30мин.).

| 21 | 1 | 36 | 12 | 2 | 1 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| С | А | Я | К | Б | А | Й |

| 21 | 1 | 4 | 32 | 14 | 2 | 1 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| С | А | Г | Ы | М | Б | А | Й |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8 | 23 | 21 | 23 | 19 | 14 | 1 | 14 | 1 | 11 |
| Ж | У | С | У | П | М | А | М | А | Й |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 20 | 32 | 21 | 2 | 1 | 11 |
| Р | Ы | С | Б | А | Й |

| | |
|---|---|
| 1. | А |
| 2. | Б |
| 3. | В |
| 4. | Г |
| 5. | Д |
| 6. | Е |
| 7. | Ө |
| 8. | Ж |
| 9. | З |
| 10. | И |
| 11. | Й |
| 12. | К |
| 13. | Л |
| 14. | М |
| 15. | Н |
| 16. | Ң |
| 17. | О |
| 18. | Ө |
| 19. | П |
| 20. | Р |
| 21. | С |
| 22. | Т |
| 23. | У |
| 24. | Ү |
| 25. | Ф |
| 26. | Х |
| 27. | Ц |
| 28. | Ч |
| 29. | Ш |
| 30. | Ү |
| 31. | Ң |

| | |
|---|---|
| 32. | Ы |
| 33. | Ь |
| 34. | Э |
| 35. | Ю |
| 36. | Я |

## Саякбай Каралаев

Саякбай Карала уулу 1894-жылы азыркы Кыргызстандын Ысык-Көл облусундагы Тоң районуна караштуу Ак-Өлөң кыштагында туулган.

«Атам да, чоӊ атам да өтө жоош, момун адамдар экен»— деп, эскерет манасчы өзү. Саякбай төрөлгөндөн көп узабай анын үй-бүлөсү оор турмуштун айынан Жети-Өгүзгө көчүп барып, болочок манасчынын балалык күндөрү ошол жакта «Көл» деген жерде өтөт. Карала минип жүрүп өлтүрүп алган асый чыкма аттын төлөмөрү үчүн Саякбай он үч жашынан тартып Төлөбай аттуу агасы экөө Жыкы деген дунганга малай жүрөт. Эки адам үч жыл кызматын кылса да сүттү сүткө, майды майга кошуп туудурган байдын төлөмдөрүнөн кутула албай коюшат. Акыры Семиз-Белге качкан эсепте кайра көчүп келишет. Карала үй-бүлөсү менен Орто-Токойдогу бекетте сарайчы болуп оокат кылып турушат. 1916-жылкы үркүндө качкан эл менен кошо Сары-Жаздын Көөлүсүнө чейин барып, унаасы начар жармачтардын катарында андан ары кете албай, Көөлүдө туруп калышат. Ошол шарттагы эл башына түшкөн оор ачарчылыкта Түргөндү ашып келип уурданып аӊыздан баш терип кетип жүрүп жан багышат. Бирок, жашоо деген жашоо да, Саякбай ошол катаал учурдагы кыйынчылык күндөрүндө үйлөнүптүр. Эл кайта баштаганын угушуп жерине кайткандардын биринчилеринен болуп Караланын үй-бүлөсү кайра Көлгө келип, Саякбай Кара-Кол (Пржевальск) шаарында тергөөчү болуп иштеген Шпилкевич аттуу адамга малай жүрөт. Падышанын тактан кулаганын ошол кишиден угат. Манасчылык кесиптеги элге кеӊири белгилүү болгон, бирок ошого карабастан бүгүнкү күнгө чейин илимде аягына чейин так жооп алына элек сырлардын бири — өнөр ээсинин кесипти үйрөнүүдөгү биринчи кадамын түш көрүүдөн баштоосу. Адатта чоӊ манасчыдан тартып чала манасчыга чейин эпостун ар бир айтуучусу өз өнөрүн түш көрүү менен байланыштырат, бирөөдөн үйрөнгөн үчүн эмес, түш көргөн үчүн гана «Манасты» айтып калдык дешет. Бул сөздү башкалар сыяктуу эле Саякбай да айткан. Саякбайдын түшүнө Манас эки жолу кирген экен. Анын өз айтуусу боюнча биринчи көргөн түшүнүн кыскача мазмуну мындай: Караланын үй-бүлөсү Орто-Токойдогу бекетте турган учурда Кылжыр аттуу адам экөө азыркы Орто-Токой суу сактагычы турган жерде жашаган азык элине жарамазан айтып барышат да, тапкан олжолорун бөлүп алышып, Саякбай түн катып үйүнө кайтат. Жолдо келатып бир кичинекей туура суунун кечмелигинен өтө бererде үйдөй чоӊ таш бар экен, ошонун жанына жеткенде өзгөчө заар ачуу үн угуп, эси оол калат. Эӊги-деӊги эсине келип караса баягы кечмеликтеги чоӊ таш таш эмес эле чоӊ боз үй болуп калыптыр. Бир аял: мен Каныкей болом,

«Кылымдын баары козголуп,
Кырк эки түмөн кол болуп,
Аз гана эмес мол болуп»...

Кол жүрүп, казат башталып баратканда ырас кезикпедиңби. Ошол колго бараткандардын тамагынан түшүп ичип кет, айланайын дейт. Боз үйгө кирген Саякбай чоң-чоң табактарга толтура кылып жылкынын этинен туурап кыдырата коюп койгонун көрөт да чекесинен бир табактагы этти жей баштайт. «Ай балам, ар табактан бир чымчымдан ооз тийип чык» — деген аялдын кеңешин аткара албайт: кийгени жаргак шым экен, суу сугарып жүрүп ал улам суу болуп, кайра кургап чолоюп кирип, тизесине чейин чыгып түрүлүп кеткендиктен жылаңач буту көрүнүп турганынан жазганып өйдө туруп кыдырата турган табактарды кыдыра албайт. Аңгыча бир нерсе жарк дегендей болуп, боз үй жок болуп кетет. Тура калса алдында эбегейсиз чоң ат минген бир чоң киши турган болот. Ал:

«Астыга салса ак жолтой,
Айдап жүрсө сан колдой,
Абаң Бакай мен болом, -
дейт да, көп кол менен жол жүрүп баратышканын айтат. 6-7 жылдан кийин жомокчу болуп чыгасың, тос балам колуңду, гүлазыктан берейин дейт.
Кызыл көөкөрдөн колуна куюлтуп салып берген актаган таруунун атчандын сунушу боюнча жеп жиберүү үчүн оозуна салса кычыраган эле кум экен.
«Жут дегенде жут» — деген атчандын талабынан коркуп какап-чакап жатып араң жутат. Бакай Саякбайга жанындагы адамдарды тааныштырат. Манасты көргөзөт. Манас,

«Майлаган буудай жүздөнгөн.
Күүгүм туман көздөнгөн»
-арстандай киши экен. Анын арт жагындагысын:
«Сары талдан сайдырган
Талы калган Бээжинде,
Сары алтындан жасаган
Тагы калган Бээжинде.
Каканга калган жыйганы,
Каалаганы ыйманы».
Мына көрүп алгын:
«Узун бойлуу кен далы,
Ары балбан, ары шер,
Айсарала ат минген,

Азиз кандын жалгызы»
—ушул деп Алмамбетти көргөзөт. Алмамбет сулуу киши экен.

«Туурасы жоон, бою пас,
Тулку бою кара таш,
Билеги жоон, таш жүрөк,
Пил мүчөлүү бадирек,
Алышса адамдын күчү жетпеген,
Арстандын тиши өтпөгөн
Бул Акбалтанын Чубагы,
Ааламды буй кылган Арстандын бири бу дагы»
— деп Чубакты көргөзөт. Чубак сары сур, жоон киши экен. Анан Сыргакты, кырк чоронун баарысын көргөзүп чыгат да «Эми кош бол, бар балам, 6 жылдан кийин жомокчу болосуң» —дейт да, батасын берип жөнөп кетишет. Өңүндө көргөнү менен түштүн ортосундагы бул галлюционациялык белги жаш Саякбайга өзгөчө зор таасир берсе керек. Ошондон кийин ал көпкө чейин токтоно албай, өзүнөн өзү толкунданып, делбеленип жүрөт. Ойго да урунуп, тоого да урунуп, зоодон куладым, суудан актым, өлбөдүм. Ал болбосо өлүп калат элем, жеңем кайтарып жанымды алып калып жүрдү. Ошентип жүрүп эл үрктү, акыр-такырга жолуктук» — делип белгиленет манасчынын өз эскерүүсүндө анын өмүр жолунун бул учуру. Кийин аскерде кызмат өтөп жүргөндө Алмамбет түшүнө киргенин, ошондон кийин солдаттардын арасында «Манас» айта баштаганын эскерет манасчы.

Чынында эле ошол 30-жылдардын баш чендеринен тартып, С. Каралаев манасчы катары коомчулукка билинип, 1935-жылдан тартып андан эпостун тексттери жазыла баштайт. 1936-жылдан тартып артисттикке өтүп, 1939-жылы Кыргыз ССРинин Эл артистти деген ардактуу наам берилет. С. Каралаев кыргыз искусствосунун Москвада өткөн 1-декадасынын жана андан кийинки декадалардын катышуучусу. Саякбай манасчынын советтик кыргыз маданиятын өнүктүрүүдөгү орчундуу эмгеги жогору бааланып, ал үч жолу Эмгек Кызыл Туу, бир жолу Ардак белгиси ордендери, медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин ардак грамоталары менен сыйланган. Саякбай Каралаев 1971-жылдын 7-майында 77 жаш курагында Фрунзе шаарында дүйнөдөн кайтты. Саякбай жалаң гана манасчы эмес, жалпы эле кыргыздардын оозеки көркөм чыгармачылыгын мыкты билген, көптөгөн үлгүлөрүн өзү да аткарган адам болчу.

## Сагымбай Орозбаков

Сагымбай 1867-жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Кабырга деген жерде туулган. Сагымбай 12—13 жашында атасы Орозбак өлүп, жетим калат.

«Манас» айтууга 15 —16 жашынан тартып киришет. 1916-жылкы үркүндө эл менен кошо кытай жерине барып, ал жактан1917-жылы кайткан. 1922-жылдын жай айынан тартып «Манасты»жаздырууга киришип, биринчи бөлүгүн 1926-жылдын августунда жаздырып бүтүргөн. 1930-жылы Кочкордо дүйнөдөн кайткан.

Сагымбай «Манасты» эң алгач өз алдынча тың манасчы эсептелген агасы Алышерден угуп үлгү алган деп болжолдошко болот, бирок белгилүү изилдөөчү К. Рахматуллин: «Шапак манасчынын айтуусуна караганда, кадимки Тыныбек манасчынын мугалими Чоңбашты (Нармантайды) биринчи жолу уккан, Сагымбай абдан кызыгып, «Манасты» үйрөнүү үчүн Чоңбашты ээрчип кетмек да болгон»,— деп жазат. Чынында Сагымбайдын «Манасты» биринчи жолу кимден угуусу, кимден эң алгач таалим алуусу анын чыгармачылык жолунда чоң мааниге ээ көрүнүш. Бирок, ушул жерде бир нерсени эстен чыгарбоо зарыл: манасчылардын чыгармачылыгындагы жалпы мурдатан кабыл алынып келе жаткан салт боюнча болочок манасчы алгач укканын бүт өмүрү бою ошол калыбында сактоого милдеттүү болгон эмес, тескерисинче, өзүнөн улуу, же таланты жактан жогору турган жомокчулардан уккандарынын көңүлүнө жагып, туура деп түшүнгөндөрүн өз репертуарына кабыл алып кеңири пайдаланган. Ушуга ылайык ал өз вариантын түзүүдө өзү уккан ар бир башка манасчынын вариантындагы артык үлгүлөрдү чыгармачылык менен сиңирип, өздөштүргөн. Адатта бул элестүү саптар тигил манасчыныкы, бул эпизод мунуку деш болгон эмес, ар бир талант тарабынан жаратылган табылга эл арасына таралуу күнүнөн тартып ар бир башка, же жаш айтуучу үчүн да эгер ал кааласа анын өз табылгасы болуп кала берген. Угуучулар бул жерин, же бул сапты сен тигинден үйрөнүп алыпсың деп айтуучуга күнөө койгон эмес, тескерисинче, мурда элге кеңири тараган, же эл жакшы кабыл алган үлгүнү чен катары алып, жаш манасчыга, же талант жактан анча эмес айтуучуга бул жерин тигил чоң жомокчу мындай айтат, сеники мобул жактан ага жетпейт экен деген сын берип, талап койгон. Кыскасы, «Манас» өзү кандай жалпы элге орток чыгарма болсо ар бир жомокчу тапкан артык табылга да так эле ошондой жалпыга орток көрүнүш, так мына ушул салтка ылайык ар бир айтуучу башкалар иштеп чыккандардын бардык мыкты үлгүлөрүн өз менчиги катары кеңири пайдаланып гана турмак, эч качан мобул жерди тигинден үйрөндүм деген сөздү айтуучу да эмес. Андай талап коюу эч кимдин оюна да келбей турган адаттагы көндүм иш эле.

Сагымбай да өз вариантын түзүүдө ушул ыкты кеңири пайдалангандыгында шек жок. Ага таандык варианттын жогорку көркөмдүк касиети мунун эң ачык күбөсү. Албетте, элге жаккан, бардык жактан шай келген вариант түзүүдөгү жомокчунун өз талантынын деңгээлин такыр эле эсептен чыгарып салууга болбойт, бирок, ошону менен бирге эле ал манасчы өзүнөн мурдакылар иштеп чыккандарды кандай өздөштүрө алгандыгы

чечүүчү мааниге ээ көрүнүштөрдүн биринен. Сагымбайдан «Манасты» жазуу иши башталганда ал адам 55 жаштагы курагы болгон. Буга чейин ал жаш кезинен тартып эле өз доорунун эң чоң жомокчуларынан таалим алып, элге кеңири белгилүү манасчылардын артык табылгаларын кенен өздөштүрөт (албетте, ошол Сагымбайга таалим берген ар бир чоң жомокчунун өзү да так эле ушундай жолду басып өткөндүгү, өзүлөрүнө чейинкилердин табылгаларын өздөштүргөндүгү да шексиз) жана талантынын күчүнө жараша өз табылгаларын да кошумчалайт.

Бул эки фактор ар бир манасчынын чыгармачылыгында чечүүчү мааниге ээ.

Сагымбайдын кимдерден таалим алгандыгы жөнүндө «Манастын» көрүнүктүү изилдөөчүлөрүнүн бири К. Рахматуллин колдо болгон жана ошол кездерде кары адамдардын берген маалыматтарына таянып: «Сагымбай ошол учурдагы чоң манасчылардын бардыгын дээрлик угат. Ал Чоңбаш, Тыныбек, Найманбайларды гана эмес, Балык менен Келдибекти да угуп, үлгү алгандыгы жөнүндө айтышат. Келдибек Сагымбайга «Манасты» айттырып көрүп жактырат, бирок, обондон жетише элек экенсиң деп обонду, кол шилтөөнү жана башка кыймыл-аракеттерди үйрөткөн экен»— деп жазат.

Ар бир манасчынын түзгөн вариантынын деңгээли үчүн чоң мааниге ээ көрүнүштөрдүн бири — практика, ошол варианттын элдин эң кеңири массасынын талкуусунан өтүшү.

15 —16 жашынан тартып «Манас» айтууга киришкен Сагымбай өз вариантын кагаз бетине түшүрүүгө чейин кырк жыл чамасында эл аралап, жомок айткан. Бул мезгил ичинде ал айткан жомок эчен адамдардын, көптөгөн угуучулардын сынынан өткөнүн көз алдыга келтирүү кыйын эмес. Сагымбай жомок айтуудан башка өмүрүндө эч кесип кылбаган, үй-бүлөсүн жалаң ушул «Манас» айтуудан тапканы менен баккан адам болгон.
Жадакалса 1916-жылкы үркүндө кытай жерине качып барганда да үй-бүлөсүн «Манас» айтуу менен багып, эл кырылып жаткан оор ачарчылыкта бала-бакыраларын аман алып калган экен. Билген адамдар берген маалыматтарга караганда ал адам жай дебей, кыш дебей дайым эл арасында, болгондо да бир айылдан экинчи айылга, бир өрөөндөн экинчи өрөөнгө өтүп, кыдырып жүрүп жомок айткан. Ушул кыдыруу учурларында далай жомокту, уламаны сонун билген, мурдагы белгилүү манасчылардын айткандарын уккан эл арасындагы сөзмөр адамдардын, жалпы эле элдин сынынан өткөндүгү шексиз.

Сагымбай Орозбак уулунун варианты ырынын кооздугу, түзгөн элестеринин тереңдиги жана байлыгы, эл турмушун кенен алып, таамай сүрөттөй алгандыгы менен өзгөчөлөнгөн, бизге белгилүү варианттардын эң мыктыларынын биринен. Ырас, бул варианттагы жетишилген ийгиликти жалгыз Сагымбайдын жеке керт башынын табылгасы дешке болбойт. Жалпы эле кандай гана вариант болбосун аны мурдагы эл арасында жашап келген

варианттар менен тыгыз байланыштуу карабай туруп баа берүү, ал гана турмак вариант катары мамиле кылуу да мүмкүн эмес.

### Жусуп Мамай

Кыргыз Республикасынын Эл артисти, биринчи даражадагы «Манас» орденинин ээси Жусуп Мамай Кытай Эл Республикасынын Кыргыз автономиялык облусуна караштуу Ак-Чий ооданындагы Кара-Булак айылынын Ат-Жайлоо конушунда 1918-жылы 4-майда туулган.
Анын агасы Балбай «Манас» эпосуна кызыгып, аны чогултуп кагазга түшүрүп жүргөн. Жусуп Мамай "Манас" эпосунун сегиз урпагына чейин айтат. Анын айтымында бул эпос 500 миң сап ырды түзөт.
"Манас" дастанын Жусуп Мамай айткан варианты КЭРде араб тамгасы менен басмадан чыккан. Мындан тышкары "Төштүк", "Мамаке Шопок", "Көбөөн", "Толтой" сыяктуу чакан дастандары да басмадан чыгартылган.
Кыргызстанга бир нече ирет келген:

1. 1989-жылы Теке айынын 3дө Кыргызстан жаш тарыхчылар жамаатынын уюштуруу жыйынына жазуучу Түгөлбай Сыдыкбек уулу экөө сый конок катары катышкан.

2. 1995-жылы Кыргызстандагы "Манас" дастанынын шарттуу миң жылдык маарекесине катышкан.

Жусуп Мамай «Манастын» сегиз урпагын – «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Кененим», «Сейит», «Асылбача-Бекбача», «Сомбилек», «Чигитей» - толук айта ала турган, айтканда да күн-түнү менен токтобой суудай айткан, обону бийик, аткаруу ыкмасы өзгөчө, ары жагымдуу бирден-бир залкар манасчы. Жусуп Мамайдын манасчы катары калыптанышына учурунда бир тууган агасы Балбай, Жусупакун, Ыбырайым (Ыбырайым Абдыракман уулу эмес), Чоюке, Акылбек, Тыныбек, Сагымбай, Шапак, Дыйканбай аттуу манасчылардын оозунан жазып алган варианттарынын кол жазмаларын да пайдалангандыгы талашсыз.

### Рысбай Исаков

Исаков Рысбай - Кыргыз Республикасынын улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, “Манас-мурас” коомдук фондунун жетекчисинин милдетин аткаруучу, “Манас” банкынын стипендианты, акын жана манасчы. Рысбай Исаков 1975-жылдын 11-майында Ош облусуна караштуу Өзгөн районунун Жээренчи айылында туулган. Чоң атасы Исак өз кезегинде белгилүү ырчылардан болуп, өз атасы Рахман да

кезеги менен жамактата койгон, ыр-күүгө жакын, жанындагыларды эриктирбеген сөзмөр адам болгон.

Манасчылык өнөргө аттануунун себебин бардык манасчылар сыяктуу эле түш көрүү, аян берүү аркылуу түшүндүрөт. Бирок ага чейин эпосту жаттап айтып жүргөнүн да моюнга алат. “Манас” айтууга чейин ооруп, кыйналып, түшүнүксүз нерселерге дуушар болуп жүргөн. Чындап устат жандабаганы менен Сагымбай, Саякбайлардын китебин окуп, андыктан аларды устат деп эсептейт.

**Бакчиев Талантаалы**

*1971-жылы Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районуна караштуу Маман айылында туулган.*

Бир күнү Жыргалаң суусунун боюнда таятамдын коюн кайтарып жүрүп, Чыйырды, Каныкей эненин колунан тай жыгач аяк толтура насип таттым. Мына ошондон тартып, жашырынып, элдин көзүнөн оолак «Манас» айтып жүрдүм.

Өспүрүм, жигит кезимде, узак мезгилдер бою «Манас» айтпай калган учурларым болгон. Ал кезде нече себептер бар эле: биринчиден – «Манас» айтуудан уялган учурлар болду; экинчиден – эл туура эмес түшүнүп калабы деген ой болду; үчүнчүдөн – курбалдаштарымдын шылдыңдап, күлгөн учурлары болду; төртүнчүдөн – орус мектепте окугандыгым болду; бешинчиден – мектепте активист, пионер, комсомол болгондугум болду, б.а., ошол доордун, атеизмдин өкүм сүргөндүгү болду окшойт. Мына ошондой учурдун биринде Саякбай атам өңүмдө келип: «Сага ишенип жүргөн мен кандай? Мени олуялардын алдында уят кылган сен кандай?» - деп, мени чалгынга бара жаткан Алмамбет менен Сыргакка жолуктурду. Мына ошондон тарта уялбастан, тартынбастан, баарына кайыл болуп, өзүмдү «манасчы» дей турган болдум.

Манасчылыктагы аркалаган максатым, «Манас» жөнүндөгү баянды элге жеткирүү. «Манастын» касиетин, касиеттүүлүгүн жеткирүү. Устаттарым Саякбай атам менен Шаабай атамдын жолун улоо.

**Асанов Тилек**

*1982-жылы Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районуна караштуу Сары-Камыш айылында туулган.*

Менин атам Асан айылдын кадырлуу табыпкери, жамакчысы, санжырачысы. Чоң атам Сооронбай болсо учурунда Кадыр акенин мүнүшкөрү, саяпкери болгон.

Мен 12-жашымда манасчыларга таандык түш көрүүдөн кийин гана «Манас» айтып баштагам. Түшүмдө Манастын кырк чоросу тегеректеп курчап келип, арасынан кимдир бирөө коңур үн менен:

«Манас атаңды билесиңби?» - деп сурайт. Эмне деп жооп кайтараарымды билбей, акыры «Билем!» - деп айта салдым. Баягы үн: «Анда эмесе, мындан ары баатыр Манастын баянын айтасың!» - деп, өкүм кылды. Менин айлам кетип: «Мен «Манас» айта албайм, айтпайм!» - деп, каяша айттым. «Айтпайм деп айтчу болбо, айтасың!» - деп дагы бир жолу буйрук кылды. Мени тегеректеп турган баатырлардын сүрүнөн коркуп: «Айтам!» - дедим. Ошондо, көпчүлүктүн ичинен кимдир бирөө: «Бул балага өзүң айтып, баштап бербесең болбойт. Коркуп калды окшойт» - деди. Кайдан-жайдан Саякбай манасчы пайда болуп: «Кана эмесе, угуп тур!» - деп, «Манас» айта баштады. Бир аз айткандан кийин: «Эми ушул айтканымды улап айт!» - деди. Мен анын айтканын улап, бир топко чейин айтып барып, анан эмне болгонун билбейм.

Мына ошол түштөн кийин мен ачыкка чыгып, эл ичинде «Манас» айтып калдым.

***PS:*** Жогорудагы манасчылардын бардыгы слайдда көрсөтүлөт.

**3-Слайд:** Көл өрөөнүнөн чыккан манасчылардын слайды көрсөтүлөт.

**4-Слайд:** Булардан сырткары да белгилүү манасчылар көрсөтүлөт.

**5-Слайд:** Манасчылардын сүрөттөрү көрсөтүлөт.

Андан соң «Манас» эпосун сактоо, изилдөө жана жайылтуу максатында Ысык-Көл областынын губернаторунун чечими окулат (5 мин.):

**«Манас» эпосун сактоо, изилдөө жана кеңири жайылтуу жөнүндө тескеме**

2013-жылдын 03-апрели №136

«Манас» эпосу жөнүндө Кыргыз Республикасын мыйзамын (№59, 28.06.2011-ж.), КР президентинин жарлыгын (ПЖ №18, 27.01.2012-ж.) ишке ашыруу, КР өкмөтүнүн №67 токтому (31.01.2012-ж.) менен бекиген «Манас» эпосун сактоо, изилдөө жана кеңири жайылтуу боюнча Кыргыз Республикасынын 2012-2017-жылдардагы мезгилге карата улуттук программасынын (мындан ары – Улуттук программа) талаптарын аткаруу жана областтын аймагынан чыккан манасчыларды ар тараптан колдоо максатында:

1. Областтык билим берүү институтунун жетекчилиги жана райондордун, шаарлардын башчылары, КРнын өкмөтүнүн №67 токтому (31.01.2012-ж.) менен бекиген Улуттук программанын талаптарын аткаруу максатында иш-чаралардын планын 2013-жылдын 15-апрелине чейин иштеп чыгышсын жана аларды аткарууга алышсын.

2. Ысык-Көл областтык телерадио компаниясы, өзүнүн эфирдик убактысында, жумасына эки жолу бир сааттан «Манас» эпосу

жана манасчылар жөнүндө туруктуу берүүлөрдү жана уктурууларды уюштурсун.

3. Ысык-Көл областынын аймагында ар жума күнү «Манас» күнү деп жарыялансын жана бул боюнча областтык түзүмдөрдүн жетекчилери жана райондордун, шаарлардын башчылары атайын иш-чаралардын пландарын иштеп чыгышсын.
4. Областтын райондорунун, шаарларынын жана айыл аймактарынын борборлорундагы борбордук аянттарда күн сайын үч маал (8.00дө, 13.00дө жана 18.00дө) «Манас» дастанынан үзүндү (аудио) туруктуу уктурулуп турсун.
5. «Манас» дастанын сактоодо, даңазалоодо жана анын маанисин элге кеңири жайылтууда зор эмгектери үчүн кыргыз элине белгилүү манасчыларга «Ысык-Көл дубанынын ардактуу атуулу» деген ардактуу наам ыйгарылсын (Сапарбек Касмамбетовго, Зууракан Сыдыковага жана Талантаалы Бакчиевге, 31-август – Эгемендик күнүнө карата).
6. «Манас» эпосун сактоо, изилдөө жана кеңири жайылтуу максатында ар жылдын май айынын үчүнчү жумасы Ысык-Көл областынын аймагында «Манас жумалыгы» катары белгиленип турсун жана аны өткөрүү шаар башчыларына жүктөлсүн.
7. Балыкчы – Каракол унаа жолдорунун боюнда, шаарлардын, айылдардын ички негизги жолдорунда жана башка маданий, тарыхый жайларда «Манас» дастаны, манасчылар тууралуу баннерлер илинсин жана атайын такчаларга жазуулар жазылсын, ошондой эле «Манаска» байланышкан аталыштарды ыйгаруу мыйзамга ылайык колго алынсын.
8. «Ысык-Көл өнүктүрүү фонду» тарабынан, Улуттук программаны ишке ашыруу үчүн жыл сайын 1 миллион сом өлчөмүндө акча каражатын бөлүп туруу жагы фонддун Байкоочу Кеңешине сунушталсын.
9. Каракол шаардык Кеңешине, шаардын аймагындагы эс алуучу же маданий-тарыхый мааниси бар жайлардын бирине (манасчылар менен макулдашып, келечекте Манас ордосу кылуу максатында) «Манасчылар түрү» деген ат ыйгаруу жагы сунушталсын.
10. К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин окумуштуулар Кеңешине университеттин

базасында «Манас таануу борборун» (же кафедра) ачуу менен катар, «Манас» эпосун изилдөө багытында туруктуу иш алып баруу маселесин кароо сунушталсын.

11. 2013-жылдын 10,11,12-майында, КР өкмөтүнүн Ысык-Көл областындагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү менен «Тынчтык борбору» коомдук фонду биргелешкен «Ысык-Көл – манасчылардын алтын бешиги» аттуу илимий-маданий иш-чара өткөрүлсүн.

12. Бул тескеме кол коюлгандан кийин телерадио жана областтык гезиттерге жарыялансын.

13. Бул тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө жагы КР өкмөтүнүн Ысык-Көл областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Р.Кайыковага жүктөлсүн

Ыйгарым укуктуу өкүл М.Асанакунов

(Ысык-Көл кабарлары, жума, 12-апрель, 2013-жыл. №14(11451))

Эми кийинки сөздү «Манас» эпосун изилдөөдө зор салымын кошкон, манас таануучу, К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл Мамлекеттик университетинин ардактуу профессору, КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, ф.и.к., доц. Бегалиев Сапар Баркалбасовичке сөз берсек.

**«Бүгүнкү өтүлгөн сабак мага кандай таасир калтырды» деген темада сезим баракчаларын толтурушат.**

**Сабакты жыйынтыктоо:** Кайтарым-байланыш (суроо-жооп) методу аркылуу сабакты жыйынтыктоо (5 мин.)

**Үйгө тапшырмасы:** Ар бир манасчынын варианттарынан (ич ара бөлүшүп алып) үзүндүлөрдү жаттап келүү.

**Студенттердин билимин баалоо.**

**Талдоого берилүүчү сүйлөмдөр:**

1. Балдарына кайтартып, малын өзү бакчу.
2. Кетээринде Шапакка «Чоң казаттан» айттырды.
3. Ал Дыйканбайды ээрчип, Шапак үч жыл жүрөт.
4. Шапак Рысменде уулу 98 жашка чыкканда дүйнөдөн кайтат.

5. Молдобасан аксакал орой сөздү билбеген, тамашакөй, жүзү сүйкүмдүү, бала кыял, мүчөлүү келген, бойлуу, чокчо сакал, сыпаа, кара тору адам эле.

6. Бүгүн «Манас» секторуна чакыртканынан барсам, Кетмен-Төбөдөн семетейчи Сейдене келиптир.

7. «Манасты» бүткөндөн кийин, мен мугалимдик кесибимди улантып, бөлүнүп кеттим.

8. Акылбек жомокчуну Түптүн Арал деген жеринен көрдүм.

9. Акылбек алты күн жомок айтты.

10. Кенжебай келип түшүп, салам айтып келет.

11. Манасчы Саякбай Каралаев Ысык-Көлдүн кылаасындагы Ак-Өлөңдү 1894-жылы туулуп, ошол жерден чоңоюп, жаш күнүнөн «Манас» айта баштайт.

12. Эртеси Мамбетаалы манасчыны айыл төрагасы болуп жүргүн Кендирбай чакырып калды.

13. Калманбет уулу Токтогул 1950-жылы Кошетер айылында токсон сегиз жашында дүйнөдөн кайтты.

14. 1960-жылдан баштап, көпчүлүккө «Семетей» эпосун айта баштады.

15. Сейдене Молдокеева Кетмен-Төбө аймагындагы Кара-Тектир кыштагында төрөлгөн.

**Кептик тема: Кыргызстандагы шаарлар**

**Грамматикалык тема: Сан атооч жана анын негизги топтору.**

(орус тайпасы үчүн)

Сабактын максаты:

| билим берүүчүлүк | өнүктүрүүчүлүк | тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Сан атоочтун эрежесин, ага мүнөздүү белгилерди, синтаксистик кызматын аныктай алышат. Сан атоочторду башка сөз | Алган билимдерин практикада колдоно алат. Кыргыз тилинде эркин сүйлөөгө машыгат. Текст түзүү аркылуу сүйлөө кеби, ой жүгүртүүсү өнүгөт. | Топто бири-биринин пикирин угууга, сылык, маданияттуу болууга, Кыргыз элинин баалуулуктарын билип, аны сактоого, |

| | | |
|---|---|---|
| түркүмдөрүнүн айырмалай алышат. | | коргоого тарбияланышат. |

Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жетти дейбиз эгерде студент…

| | | |
|---|---|---|
| ❖ Сан атоочтун эрежесин айтып бере алса;<br>❖ Сан атоочту башка сөз түркүмдөрүнүн айырмалай билсе. | ❖ Сүйлөмдөрдүн канча? нече? канчанчы? неченчи? канчоо? нечоо? канчалаган? ж.б. деген суроолорго жооп бере турган сөздөрдү таап, кайсы сөз түркүмү экендигин айта алса;<br>❖ Интерактивдүү методдордо сан атоочторду ыктуу колдоно алса. | ❖ Топто иштөөдө бири-биринин пикирин угуп, сөзүн бөлбөй сылык мамиледе болушса;<br>❖ Бири-биринин пикирин баалай билишсе. |

**Сабактын тиби:** алган билимдерин кайталоо, жаңы билимдерди өздөштүрүү.
**Сабактын методу:** изденүү, интерактивдүү.
**Сабактын формасы:** топтордо иштөө.
**Сабактын жабдылышы:** аудио, видео материалдар, ватман, маркер, окуу китептери, буклеттер.

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Уюштуруу** (студенттердин санын тактоо, окуу материалдарын жайгаштыруу)

**2. Өткөн сабакты кайталоо үчүн суроолор:**

1. Сын атооч деп эмнени айтабыз?
2. Сын атоочтун кандай түрлөрү бар?
3. Сын атоочтун негизги даражалары кайсылар?

**Жаңы тема:**

**1-Слайд:** Сан атооч боюнча түшүнүк берилет.

Сан атоочтор заттардын сан жагынан такталган белгисин, санын, иретин, катар ордун билдирет. Сан атоочтор синтаксисттик жактан мүнөздөө түрдө зат атооч сөздөр менен айкашып, сүйлөмдү **аныктоочтун**, кыймыл-аракет менен айкашып, **бышыктоочтун** милдетин аткарат. М: ***Эки*** *адам чатакташса, алардын акылдуусу айыптуу. Ал сени издеп* ***төрт*** *келди.*

**Сан атоочтун төмөнкүдөй негизги топтору бар:**

1. **Эсептик сан.** Заттардын, кээде кыймыл-аракеттин сан жагынан өзгөчөлөгөн, такталган эсебин билдирет: *жүз миң кой, үч киши.*
2. **Иреттик сан.** Заттардын сан жагынан катар иретин көрсөтүп, ***-ынчы*** мүчөсү аркылуу жасалат: *биринчи, экинчи, үчүнчү.*
3. **Жамдама сан:** Сан атоочтун бул тобу сегизге чейинки эсептик сандарга

–оо, -өө мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу жасалат. Аягы өндүү менен бүткөн сөздөргө бул мүчөлөр уланганда сөздүн аяккы үндүү тыбышы түшүп калат: *бир+өө=бирөө, алты+оо=алтоо.* Ал эми үнсүз менен бүткөн сөздөргө уланганда мындай өзгөрүү болбойт: *бир+өө=бирөө, беш+өө=бешөө.* Жамдама сан атоочтор жөндөмөлөр менен жөндөлүү касиетине ээ:

**А.** экөө
**И.** экөөнүн
**Б.** экөөнө
**Т.** экөөнү
**Ж.** экөөндө
**Ч.** экөөнүн

4. **Чамалама сан.** Мындай сан атоочтор заттардын санын так, ачык-айкын билгизбестен, болжолдоп, чамалап билгизет. ***–ча, -дай, -лаган, -лар*** мүчөлөрү аркылуу жана ***чакты, чамалуу, ашык, ашуун, көп, кем, аз*** ж.б. сөздөрдүн айкашуусу аркылуу жасалат: *кыркча, элүүчө,ондой, жүздөй, миң чамалуу, он чакты, элүүдөн көп* ж.б.
5. **Бөлчөк сан.** Мындай сан атоочтор бир бүтүн нерсенин канча бөлүктөргө бөлүнгөнүн, анан ошол бөлүктөрдүн канчасы жөнүндө сөз болуп жаткандыгын билгизет: *төрттөн үч бөлүгү, үчтөн бири.*
6. **Топ сан.** Бир өңчөй заттардын бир топко бириктирилгенин билгизип, эсептик санга чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн жалганышы аркылуу жасалат: *экиден, үчтөн, төрттөн, ондон, беш-бештен ж.б.*

Студенттер ар бир түрүнө мисалдарды келтиришет.

**Андан соң кептик тема боюнча видео көрсөтүлөт.**

**1-тапшырма:** студенттер көрүлгөн видео боюнча сан атоочторду (түрлөрүн) катыштырып сүйлөмдөрдү, тексттерди түзүшөт. Доскага сүйлөмдөр жазылып, сан атоочторду табышат.

*Жалал-Абад шаарында 19-кылымдын аягында сегиз мечит, эки мектеп болгон. Ата Мекендик согуш жылдары Талас өрөөнүндө миң адам майданга өрттөлгөн. 1889-1922- жана 1939-1992-жылдары Каракол шаары Н.М.Пржевальскийдин ысымын алып жүргөн. 1872-жылы Караколдо жүз отуз эки үй короосу курулган.*

**2-тапшырма:** Китептеги «Бүгүнкү Бишкек» деген тексттен сын атооч сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү таап, анын синтаксистик милдетин аныкташат. Кайсы топко тиешелүү экендигин белгилешет.

| **эсептик сан** | **иреттик сан** | **жамдама сан** | **чамалама сан** | **топ сан** | **бөлчөк сан** |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**3-тапшырма:** Шаар жана сан атооч деген сөздөргө карата синквейн түзүшөт.

**Сабакты жыйынтыктоо:** Кайтарым-байланыш методу аркылуу сабакты жыйынтыктоо (суроо-жооп).

**Үйгө тапшырма берүү:** Кыргызстандын шаарлары жөнүндө ырлардан таап, жаттап келүү.

**Студенттердин билимин баалоо**

**К.Тыныстанов атындагы ЫМУ.**
**Окутуучу Анапияева Асел**

**Тема:** ***Төл жана бөтөн сөздөрдү коюлуучу тыныш белгилер***

**Сабактын максаты:**

| **билим берүүчүлүк** | **өнүктүрүүчүлүк** | **тарбия берүүчүлүк** |
|---|---|---|
| Төл жана бөтөн сөздөр жөнүндө түшүнүк алышат. Төл сөз менен бөтөн сөздүн ортосундагы айырмачылыкты айырмалай алышат. | Алган билимдерин практикада колдоно алат. Төл жана бөтөн сөздөрдү кыргыз тилинде эркин сүйлөөгө машыгат. Текст түзүү, көнүгүүлөр менен иштөө аркылуу сүйлөө кеби, ой жүгүртүүсү өнүгөт. | Топто бири-биринин пикирин угууга, сылык, маданияттуу болууга, кыргыз тилин сүйүүгө, Кыргыз элинин макал-лакаптарынын маанисин чечмелөөгө тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр: жогорудагы максаттарга жетти дейбиз эгерде студент…**

| | | |
|---|---|---|
| ❖ Төл жана бөтөн сөздү айырмалай алса; көркөм чыгармалардан аларды ажыратып бере алса. | ❖ Макал-лакаптардан, учкул сөздөрдүн, цитаталардан төл жана бөтөн сөздөрдү айырмалап, аларды туура колдоно алса;<br>❖ Практика жүзүндө колдоно билишсе. | ❖ Топто иштөөдө бири-биринин пикирин угуп, сөзүн бөлбөй сылык мамиледе болушса;<br>❖ Бири-биринин пикирин баалай билишсе.<br>❖ Топто активдүүлүгүн көргөзсө. |

**Сабактын тиби:** алган билимдерин кайталоо, жаңы билимдерди өздөштүрүү.
**Сабактын методу:** изденүү, интерактивдүү.
**Сабактын формасы:** топтордо иштөө.
**Сабактын жабдылышы:** аудио, видео материалдар, ватман, маркер, окуу китептери, буклеттер.

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу.**

***Жаңы тема*:** Адам өзүнүн пикирин, айта турган оюн оозеки же жазуу аркылуу баяндоодо өз сөзү менен бирге башка бирөөлөрдөн сөзүн, пикирин да колдонот: 1) «Чыныгы дос жакшылыкты, жамандыкты тең бөлөт», - деп айткан В.Шекспир». 2) Улуу акын Токтогул мындай деп айткан: «Ак саманды жаман деп, чөптү кайдан табасың?» 1-мисалдагы **деп айткан В.Шекспир,** 2-мисалдагы **улуу акын Токтогул мындай деп айткан** деген сөздөр **–** өзүбүздүн сөзүбүз**.** «Чыныгы дос жакшылыкты, жамандыкты тең бөлөт», «Ак саманды жаман деп, чөптү кайдан табасың?» деген сөздөр – бөтөн сөз.

Ошентип, аңгемелешкенибизде өзүбүздүн сөзүбүздүн тышкары башка бирөөнүн сөзү да катышы мүмкүн. *Колдонулган башка бирөөнүн сөзү* ***бүтүн сөз****, ал эми ага байланыштуу айтылган өзүбүздүн сөзүбүз* ***төл сөз*** *деп аталат.*

Бүтүн сөздөрдүн речте колдонулуш ыкмасы ар түрдүү болот: 1) «Билим алуу ийне менен кудук казгандай», - деген эл макалы өтө таамай айтылган. 2) Эл макалында **билим алууну ийне менен кудук казганга** салыштырат; 1) «**Адеби жаман элди булгайт**»- деген кыргыз элинин макалы бар. 2) Адеби жаман элди булгаары тууралуу элде айтылып жүрөт.

Биринчи мисалдарда белгиленген бүтүн сөз эл тарабынан кандай айтылса, эч өзгөрүүсүз ошол калыбында колдонулду. Ал эми экинчи мисалдарда бүтүн сөздүн мааниси толук сакталып, бирок грамматикалык түзүлүшү боюнча өзгөрүүлөргө учураган түрдө берилди.

Бөтөн сөздүн колдонулушундагы мына ушул сыяктуу өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу аны тике жана кыйыр сөз деп экиге бөлүүгө болот.

***Башка бирөөнүн сөзү, сөздүк составы жана грамматикалык түзүлүшү жагынан эч өзгөрүүсүз ошол калыбында колдонулса, тике сөз деп аталат.***

Тике сөз өзүнүн колдонулуу ордуна, максатына карата текст ичинде **цитата жана диалог** түрүндө берилет.

**Цитата түрүндөгү** тике сөз, негизинен, илимий эмгектерде, саясий – публицистикалык чыгармаларда колдонулат да, ал сөздүн Ким тарабынан жана кандай жагдайга карата айтылгандыгы дайыма төл сөз аркылуу белгилеп турат. М: «Тарбия берүү - улуу иш» - деп айткан Белинский.

Ал эми диалог түрүндөгү тике сөз цитата түрүндөгү тике сөздөн айырмаланып, негизинен, көркөм адабий чыгармаларда колдонулат. Мында тике сөз каармандардын речи аркылуу берилет да, аны

сүйлөтүүгө катышкан автордун сөзү төл сөз болуп эсептелет. Бирок автордун сөзүнөн бардык учурда эле тике сөзгө карай катышуусу зарыл боло бербейт. Алар кээде каармандардын өз ара сүйлөшүүсү, аңгемелешүүсү түрүндө да болот:

- Чының менен качпайсыңбы? - деди Арзымат.
- Качар элем, бирок мүмкүндүк жок.
- Демек, коркосуң?.
- Коркомун.
- Андай болсо, сүйгөнүм жалган деп, жашырбай айтууң керек.
- Жок, мен сени сүйөм! Сүйгөндү да жөнөкөй гана сүйбөйм, жүрөктүн назик тамырлары аркылуу сүйөм.
- Тек, мунуң анчейин!
- Ишенбесең кантейин!

Тике сөз өзүнүн алгачкы грамматикалык түзүлүшү, лексикалык курамы жагынан өзгөртүлүп, бирок андагы негизги мазмун сакталуу менен, өз сөзүбүзгө айландырылып айтылса, **кыйыр сөз** деп аталат.

1) «Адеби жаман элди булгайт»- деген кыргыз элинин макалы бар. **2) Адеби жаман элди булгаары тууралуу элде айтылып жүрөт.**

Тике сөз төл сөздөн кийин келсе, өзүнүн мурда кош чекит коюлуп, баш тамга менен башталып жазылат. Сүйлөмдөн аягына айтылыш максатына карай же чекит, же суроо, же илеп белгиси коюлат: 1) Нускоочу, ойчул акын Калыгул мындай деген: **«Атың кашаң болгон соң, аштан, тойдон калган соң-күлүктүгү не пайда?»** ***2)*** *Ойчул К.Маркс деп айткан:* ***«Тил - ойдун тикеден – тике чындыгы».***

Тике сөз төл сөздөн мурда келсе, өзүнүн кийин сызыкча коюлат.Сүйлөмдүн аягына айтылыш максатына карай же чекит, же суроо, же илеп белгиси коюлат: «**Акыр заман болгондо, кой азаят дечү эле. Журтта ургаачы көбөйүп, бой азаят дечү эле**» - деп айтып кеткен ойчул Арстанбек. «**Мени өлөм гана катардан чыгара алат!»-** деп айткан Корчагин. «**Алганың сулуу болгон соң, аркырап беттен алган соң- сулуулугу не пайда?» -** деп айтып кеткен акын Калыгул.

Тике сөз төл сөздүн ортосуна келсе, өзүнөн мурун кош чекит, өзүнүн кийин сызыкча коюлат. Сүйлөмдүн аягына айтылыш максатына карай же чекит, же суроо, же илеп белгиси коюлат: Элде: **«Чыныгы кайрат эр жигитке учууга канат, конууга куйрук болот»-** деген сөз бар. Бирөөлөр акылмандан: «**Мынчалык акылмандыкты кайдан үйрөндүң?»-**деп сурашыптыр**.** Анда ал: «**Сокурлардан эмне дегенде жерди чукулап көрбөй туруп, алар кадам шилтешпейт!» -** деп айткан экен.

**№1 тапшырма:**

1. Тике сөздү кыйыр сөз аркылуу бер. Тыныш белгилерине көңүл бургула.

1) «Касапчы энесине сөөк сатат» - деген кыргыздын макалы бар.
2) «Уят өлүмдөн катуу» - деген макал бар.
3) Элде: «Сараңдын досу болбойт» - деген макал бар.
4) Ф.Достоевский: «Мыкты ой терең акылдан гана эмес, терең сезимден да келип чыгат», - деп айткан.
5) «Турмуштун түйүнү адамдын акылынан терең жана кенен келет», - дептир М.Горький.
6) «Чебердик- чексиз байлык» - деген кыргыздын макалы бар.
7) Араб элинде: «Адамдын сөзү - акылынын таразасы» - деген макал бар.
8) Вьетнам элинде мындай макал бар: «Кайырмакка камыр да керек, сабыр да керек».

**№2 тапшырма**

2. **Бүтүн сөздүн сүйлөмдөгү ордун алмаштырып түзүп, тыныш белгилерин койгула.**

1) «Мени өлүм гана катардан чыгара алат», - деген Корчагин.
2) «Кызга кырк үйдөн тыюу» - деп айтылат кыргыз элинде.
3) «Касапчы энесине сөөк сатат» - деген кыргыз элинин макалы бар.
4) «Билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат» - деп айтылат кыргыз элинде.
5) «Адамды чанып көнгөн киши, - деп айткан Демокрит, - жолдоштукка жарабайт».
6) «Илимдин чегин алдын ала билүүгө мүмкүн эмес» - дейт Д.Менделеев.
7) «Дос таарынса, бергенин алат» - деген кыргыз элинде макал бар.
8) «Өз агасын агалай албаган, башка бирөөнүн агасын сагалайт» - деп илгертен бери айтылып жүрөт.
9) Үлгү: «Мени өлөм гана катардан чыгара алат», - деген Корчагин.

Корчагин: «Мени өлөм гана катардан чыгара алат», - деп айтып кеткен. Корчагин мындай деген: «Мени өлөм гана катардан чыгара алат».

**№3 тапшырма**

**Тике сөз**

1. «**Илимдин чегин алдын ала билүүгө мүмкүн эмес**» - дейт Д.Менделеев.

***2)*** *Ойчул К.Маркс деп айткан:* ***«Тил-ойдун тикеден – тике чындыгы».***

**Кыйыр сөз**

1) Д.Менделеев илимдин чегин алдын ала билүүгө мүмкүн эместигин айтып кеткен.

2) Илгертеден *тил - ойдун тикеден – тике чындыгы экендиги айтылган.*

- ***Бөтөн сөздүн сүйлөмдөгү ордун алмаштырып түзүп, тыныш белгилерин койгула.***

**Үлгү:** «**Мени өлүм гана катардан чыгара алат»**, - деген Корчагин. Корчагин: «**Мени өлүм гана катардан чыгара алат**»,- деп айтып кеткен. Корчагин мындай деген: **«Мени өлүм гана катардан чыгара алат».**

**Төл сөз – автордун же айтуучунун сөзү.**

**М.: 1)** «Адамды чанып көнгөн киши, - **деп айткан Демокрит, -** жолдоштукка жарабайт».

**Төл сөз - деп айткан Демокрит**

2)«Дос таарынса, бергенин алат» - деген кыргыз элинде макал бар.

**Төл сөз -** деген кыргыз элинде макал бар.

***Бөтөн сөз*** **- башка бирөөнүн сөзү же макалдар, цитаталар.**

**М.: 1) «Адамды чанып көнгөн киши - жолдоштукка жарабайт».**

**2) «**Дос таарынса, бергенин алат».

***Б ө т ө н с ө з***

| **Тике** | **Кыйыр** |
|---|---|
| «**Илимдин чегин алдын ала билүүгө мүмкүн эмес**» - дейт Д.Менделеев. | Д.Менделеев илимдин чегин алдын ала билүүгө мүмкүн эместигин айтып кеткен. |

**Тике сөз**

| **Цитата** | **Диалог** |
|---|---|

***«Турмуштун түйүнү адамдын акылынан терең жана кенен келет»***, - дептир М.Горький.

**Бир философтон:**
**- Кандай адам акылдуу?-деп сураганда, ал:**
**- Колдон келген ишке умтулган адам акылдуу,- деп жооп бериптир.**

**№4 тапшырма**

**Төмөнкү текстен төл жана бөтөн сөздөрдү ажырат. Текстти ролдоштуруп, көркөм окугула. Текстке ат койгула.**

**Текст**

**Жапарды энеси Бурулча узатып чыккан, Тойчубек болсо узата албай калды, анткени ошол кезде сыртта, малчылардын үстүндө болучу.**

**- Атаганат, ушундайда атасынын жоктугун карачы, көрүп калса болот эле, - деп Бурулча көйпөлөктөп, пристандын четинде турду.**

**- Кош энеке, жакшы тур, атама салам айт!- деп Жапар колун булгалап кыйкырды. Бирок анын үнү элдин ызы-чуусунан, толкундардын шарпылдаган, пароходдун моторунун дүкүлдөгөн үндөрүнүн Бурулчага жакшы угулбады.**

- **Төмөнкү текстен төл жана бөтөн сөздөрдү ажырат. Текстти ролдоштуруп, көркөм окугула. Текстке ат койгула.**

**Текст**

**Жалгыз каз оттоп жүргөн эле. Так ошол учурда төмөнтөн бир топ каз учуп келип калды. Анда жалгыз каз: «Ассалоом алейкум, жүз каз! - деди. Анда алиги топ каз ага карата мындай деди: «Жок, жалгыз каз, биз жүз эмеспиз, биздей дагы бир болсо, анан биздин жарымыбыздай болсо, анан анын жарымындай болсо, ошондон кийин сени кошкондо гана араң жүз болобуз». Ушул топ каздын саны канча?**

**Байтокова Дилбара**
**ЫМУнун 5-курсунун студенти**

**Тема:** **Зат атоочту кайталоо**
(5-класс)

| а) билим берүүчүлүк | б) өнүктүрүүчүлүк | в) тарбиялоочулук |
|---|---|---|
| Окуучулардын зат атооч боюнча алган билимин текшерүү зат атоочтун сөз өзгөртүүчү категориялары боюнча билимдерин бышыктоо. | Окуучуларды грамматикалык талдоонун түрлөрүнө машыктыруу менен зат атоочтун сүйлөмдөгү аткарган кызматы боюнча түшүнүгүн бекемдөө, логикалык ойлоолорун өстүрүү. | Эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө жана топтордо иштөөдө бири-биринин ойлорун угууга тарбиялоо. |
| **Жогорудагы максатка жетти деп эсептейбиз; эгерде окучу…** | | |
| **1.** Окуучулар зат атоочтун сөз өзгөртүүчү категорияларын билсе<br>**2.** Жөндөмө, жак, таандык категориялар жана аларды уюштуруучу морфологиялык каражаттарын так ажырата алса. | Окуучулар грамматикалык талдоону талапка ылайык жүргүзө алса, зат атоочтун составдык бөлүктөрүн туура ажыратып, сүйлөмдөгү аткарган кызматын так аныктай билсе. | Эне тилин сүйүп, адабий тилдин нормасына ылайык тура сүйлөсө, сөз ара топтордо иштөө, бири-биринин оюн угуп өз ара ынтымактуу сыйлаша билсе. |

**Сабактын тиби:** Кайталоо
**Сабактын методу:** Интерактивдүү методдун айрым стратегиялары.
**Сабактын жабдылышы:** Сүрөт, лозунг, карточкалар.
**Сабактын жүрүшү:** 1. Уюштуруу
2. Өткөн теманы кайталоо.

**1. Кыргыз Республикасынын гимни ырдалат.**

**Саламатсыңарбы? Маанайыңар жакшыбы? Бүгүн өткөн сабакта айтылгандай эле, кайталоо сабагы, башкача айтканда,зат атоочту кайталоо! Бүгүнкү сабак силер үчүн майрам сабагы болуш керек, себеби сабакка мыкты катышкан окуучулар бүгүн:**

1. Эң мыкты окуучу
2. Мыкты окуучу
3. Мыкты топ.

деген атайы даярдалган грамоталарды алышат.

Эң алгач силерге мындай тапшырма. Доскага Кыргызстандын кооз жаратылышынын сүрөтү илинет. Доскадагы сүрөттү карап чакан 2 мүнөттүк эссе жазгыла жана эссеңерде сөзсүз түрдө зат атооч сөздөр катышсын.



Окуучулар эссе жазганча мугалим доскага **-чы, -ма, -кана, -ым** деген мүчөлөрдү жазат.

- **Кана балдар убактыңар бүттү, жазган эссеңерди окугула.**

**1-окуучу.**

Кыргызстан абдан кооз. Асман тиреген тоолорго бай, шаркырап аккан сууга мол, чалкып жаткан көлү бар өлкө. Кыргызстандын абасы таза, тоолордо бийик-бийик арчалар өсөт. Кыргыз жеринин кышы - жылуу, жайы - салкын.

Мында зат атооч сөздөр: *Кыргызстан, асман, тоолор, суу, көл, өлкө, аба, арча, кыш, жай.*

**2-окуучу.** Жарык күн - көзүм менин,
Ысык-Көл - сүйүүм менин.
Ала-Тоо - үйүм менин,
Аба-суу- каным менин.
Жаратылыш-жаным менин.

Мында зат атооч сөздөр: *күн, көз, Ысык-Көл, сүйүү, Ала-Тоо, үй, аба, суу, кан, жаратылыш, жан.*

**Азаматсыңар балдар! Анда эмесе балдар Зат атооч деген эмне? Ал кандай суроолорго жооп берет? Кол көтөрүп бирден жооп беребиз.**

**1-окуучу.**

-Зат атооч заттардын, кубулуштарын, окуялардын, түшүнүктөрдүн атын билгизет. Мисалы: күн, адам, Жамийла ж.б.

**2-окуучу.**

-Зат атооч сөздөр ким? эмне? кимдер? эмнелер? кимиси? эмнеси? деген суроолорго жооп берет.

**Эми балдар, доскада жазылып турган мүчөлөрдү улап, сөздөрдү тапкыла жана сүйлөм түзгүлө.**

Окуучулар сүйлөм түзгүчө мугалим доскага **Венндин диаграммасын** илет.

Бүттүңөрбү балдар? Бүтсөңөр катары менен жооп бергиле.

**1-окуучу:** Басмачы, китепкана, талабым, апама.

Мен китепканага бардым.

**2-окуучу:** Малчы, китебим, басмакана.

Менин атам-малчы.

**3-окуучу:** Балама, ашкана, мектебим, айылчы.

Апам ашканада тамак жасап жатат.

Азаматсыңар балдар! Келгиле эми досканы карап **Венндин диаграммасын** толтуралы.




Окуучулар менен бирдикте толтурулат.

**Кийинки тапшырма окуучуларды эки топко бөлүп:**

**1-топко:**

Керилген чалкак-чалкак, кең Тян-Шянь,
Жыргаган Ала-Тоо элиң да шаң.
Ысык-Көл, Ысык-Ата, Жалал-Абад
Ырааттуу туш-тушуң баары арашан.

**Бул ырды окуп чыгып, татаал зат атоочторду тапкыла жана алардын жазылышын түшүндүргүлө.**

**2-топко:** торгой, ата, чоң энем, дос, Ош, Каракол, көз айнек, күн карама, асман, орун басар, бала, Чолпон-Ата, күн-түн, дем алыш, бака жалбырак, ак куу, жети ата деген сөздөрдү жөнөкөй жана татаал сөздөрдү бөлүп чыккыла жана алардын жазылышын түшүндүргүлө.

**1-топ.**

Татаал зат атооч эки же андан ашык сөздөн түзүлөт. Бул ырдагы татаал зат атоочтор Тян-Шань, Ала-Тоо, Ысык-Көл, Ысык-Ата, Жалал-Абад.

**2-топ.**

Жөнөкөй зат атооч бир гана сөздөн турат.

| **татаал** | **Жөнөкөй** |
|---|---|
| көз айнек<br>күн карама<br>орун басар<br>Чолпон-Ата<br>чоң энем<br>күн-түн<br>дем алыш<br>бака жалбырак<br>ак куу | торгой<br>ата<br>дос<br>Ош<br>Каракол<br>бала |

**Жакшы, азаматсыңар! Силерге кийинки тапшырма төмөндөгүдөй: Эки топко карточка таратылат:**

**1-топ.**

Зат атоочтун синтаксистик милдет аткарышын айтып бергиле.

**2-топ.**

Зат атоочтун морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

**Силерге 5 мүнөт убакыт берилет.**

Окуучулар ойлонгуча топтон бир окуучу алып доскага мугалим «Күн» деген сөздү жөндөтөт.

**Атооч –** эмне? Күн
**Илик –** эмненин? Күндүн
**Барыш –** эмнеге? Күнгө
**Табыш –** эмнени? Күндү
**Жатыш –** эмнеде? Күндө
**Чыгыш –** эмнеден? Күндөн

**Азаматсың! Кана балдар даярсыңарбы?**

**1-топ.**

Зат атооч синтаксистик жактан төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

**Ээлик** – **Адам** бакытты бекер жатып таппайт, эмгек менен табат.

**Баяндоочтук** – Мен үчүн даңктуу болуш-**бакыт**, ал эми пайдалуу болуш-**милдет**.

**Аныктоочтук – Адамдын** өмүрү дарыянын көк кашка суусундай ар дайым тунук болуп, өз агымы менен өтүшү керек.
**Толуктоочтук** – Адамдын абийирдүүлүгү менен абийирсиздиги жеке гана анын **ишинен** билинбестен, **үмүтүнөн** да билинет.
**Бышыктоочтук** – Эки бир тууган **айылдан-айылга**, **шаардан-шаарга** кыдырып, өнөр издеген экен.

**2-топ.**
**1-окуучу**:
- Зат атоочтун морфологиялык белгилери-жөндөмө, сан, жак, таандык мүчөлөрү менен өзгөрөт. Зат атоочтун алты жөндөмөсү бар. Алардын өзүлөрүнө тиешелүү мүчөлөрү болот.

**2-окуучу.**
**-** Үч жактын бирөөнө таандык болуп айтылса таандык мүчөлөр дейбиз.
Жак таандык-китебим, китебиң, китеби, китебибиз, китебиңер.
Жалпы таандык-мектептики, -ныкы мүчөсү аркылуу уюшулат.

**Сабакты бышыктоо:**
Силердин бүгүнкү жоопторуңарга мен абдан ыраазы болуп турам. Баарыңар азаматсыңар! Зат атоочту жалпы кайталоо иретинде баардыгыбыз биргеликте синквейн түзөлү.
**Мугалим доскага жазат окуучулар билгендерин айтышат.**



**Сабакты жыйынтыктоо.** Бүгүн силер үчүн гана эмес, мен үчүн чоң майрам болду. Себеби, окуучулар өтүлгөн теманы мыкты билип турса мугалим үчүн чоң жетишкендик. Демек, зат атооч туурасында силер толук маалымат алыптырсыңар деп мен ишеничтүү айта алам.

**Баалоо.**

Мугалим жакшы катышкан окуучуларга баа коюп, арасында мыкты катышкан эки окуучуга грамотасын берет. Эки топтун көбүрөөк так жооп бергенине «мыкты топ» деген наам берет.

**Үйгө тапшырма.**

Зат атооч сөздөрдү катыштырып чакан эссе түзүп келүү

**Максатбек кызы Нурайым**
**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**
**5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы: Жөнөкөй жана татаал этиш**

**Сабактын максаты**:

**а) Билим беруучулук максаты:** Окуучулардын жөнөкөй жана татаал этиш боюнча мурунку класстардан алган билимдерин тереңдетүү.

**б)Өнүктүрүүчүлүк максаты:**

Окуучуларга керектүү билимдерди тааныш эмес кырдаалда пайдалана билүү жөндөмдүүлүктөрүн жана логикалык, стандарттык эмес ой-жүгүртүүлорүн өнүктүрүү.

**в)тарбиялык максаты:**

Окуучуларды убакытты туура пайдалануу менен топто ыкчам иштөөгө, өз оюн ишенимдүү билдирүүгө, тырышчаактыкка жана бири-бирине жоопкер болууга тарбиялоо.

**Сабактын тиби:** Жаны билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** Интерактивдүү усулдардын стратегияларын колдонуу. Топто иштөө.

**Сабактагы предметтер аралык байланыш:** Математика, адабият.

**Сабактын жабдылышы:** Л**озунгдар, плакаттар, карточкалар жана таблицалар.**

**Сабактынжурушу: 1)**Уюштуруу

**2)Өтүлгөн теманы кайталоо.**

<u>*Мугалим:*</u>

-Саламатсынарбы балдар! Кутман күнүнөр менен! Бүгүнкү сабакка болгон маанайыбыз жакшыбы?Биз силер менен өткөн сабакта этиш сөз түркүмүн өткөнбүз, туурабы, балдар? Азыр кайталоо иштерин жүргүзөбүз.

***Мугалим*: -** Балдар, этиш жөнүндө эмнени билесинер?

- Этиштерге кандай суроо берилет?
- Этиш сөздөр сүйлөмдү кандай милдет аткарышат?

**- Окуучулар «Кыймыл - аракетти билгизип, ынгай, чак, мамиле формалар боюнча** өзгөргөн, атооч сөздөрдү багындырып, көбүнчө баяндооч болуп тушкон сөз түркүмү этиш деп аталат. Эмне кылды? Эмне кылып жатат? Эмне кылат? деген суроолорго жооп берет. Этиштер сүйлөмдү баяндоочтук милдет аткарат деп жооп беришет.

**Мугалим; -** Туура айтасынар, балдар. Этиш заттын, кыймыл-аракетин билдирип, эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат? деген суроолорго жооп берет. Жак жана чак

боюнча өзгөрөт. Ошентип, балдар, биз откон сабакты кайталоо менен этиш сөз түркүмү боюнча жакшы эле түшүнүк алдык. Бугунку сабакта силер менен «Жөнөкөй жана татаал этиш» деген теманы өтөбүз.

**Жаны тема: (сабакка даярдалган таблица, лозунгдар, доскага илинет) Жөнөкөй** этиштин составында негизги морфемадан бирөө гана болот. Буларга мүчө жалганып турушу же жалганбай калышы да мүмкүн: Мисалы; Бут, көч, ач, жап, тур,(мучөсүз жөнөкөй этиштер) ой-ло, бай-ы, кач-ыр (мучөлүү жөнөкөй этиштер) Жөнөкөй этиш бир гана сөздөн түзүлөт.

Татаал этиш эки же андан көп сөздон турат. Татаал этиштердин составында **экиден кем эмес негизги морфема болот. Алар жалпысынан бир маанини** билгизип, бир гана суроого жооп берип, суйлөмдүн бир мучөсүнүн милдетин аткарат. Мисалы: Биз ойноп-күлүп келдик. (Ойноп-кулуп – бышыктооч, татаал этиш, кантип? деген суроого жооп берет).

Окуу китебиндеги көнугүүлөрдү иштөө, карточкаларды таратуу ж.б.

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар менен төмөнкүдөй оз алдынча жумуштар аткарылат: (Бул учурда окуучулар 3 топко бөлүнүшөт).

**Мугалим: 1-топ: Улуттук банк**
- Азыр балдар Улуттук банкка барабыз. Бул банкта келечектеги банк кызматкерлери, кассирлер, экономистер, бухгалтерлер, бизнесмендер өздөрүнүн өнөрүн көрсөтүп сындан өтүшөт. Кыргыз элинин керегине жараган экономиканы өнүктүрө турган акылдуулардын тобу отурат.
**Тапшырма:** Эки жуз сомдук акча бирдигибиздеги алп акыныбыз Алыкул Осмонов агабызга жөнөкөй жана татаал этиштерди катыштырып, портреттик мүнөздөмө бергиле,
**2-топ: Улуттук китепкана**
«Китепти сүй баркын бил.
Китептин көп акылы,
Ким китепке дос болсо.
Ал ошонун жакыны», - деп Алыкул айткандай, бул китепканада жомоктор, эпостор, Ангемелер ж.б. көптөгөн

китептер сакталат, биз китептерди көп окушубуз керек. Бул топто отургандар көркөм сөздөн чеберлери, чечендер отурушат.

**Тапшырма:** ***Апамдын майрамы***

Байчечекей таап алдым
Ойноп журуп талаада,
Ачпаса да гүлдөрүн.
Алып бардым аны апама,
Кубанганда апам мени.
Кучагына батырды,
Мээриминен бир заматта.
Байчечекей ачылды.

Бул жерде этиш сөздөр барбы Эгерде бар болсо, аныктап тапкыла, ошол **этиштерге чакан суйлом тузгуло.**

**3-топ Улуттук басмакана**

Бул басмаканада газета-журналдар басылып чыгат. Бул топто отургандар келечектеги редакторлор, корректорлор, коресподенттер.

**Тапшырма:** Жөнөкөй жана татаал этиштерди катыштыруу менен «Биздин мектеп» деген темага чакан эссе жазгыла.

Топторго тапшырма аткарууга( 10 мүнөт) берилет. Ар бир топ өз алдынча иштеп жатканда, мугалим доскага Венндин диаграммасын чиет.

<u>**Жөнөкөй этиш Татаал этиш**</u>

Ар бир топтон чыгып, өз тапшырмаларын презентациялап беришет. Кемчиликтер болсо калгандары толуктап, түшүндүрүп беришет.

Бул учурда окуучуларга тапшырма берилет.

1- топко: 420-көнүгүү. Тексти окуп, жөнөкөй этиштерди бир бөлүк, татаал этиштерди бир бөлүк көчүргүлө.
2- Топко: 421-көнүгүү. Кыймыл-аракетти билдирген төмөнкү сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө. Бул сөздөр кайсы затка таандык экенин тушүндүргүлө.
3- Топко: 422-көнүгүү. Көчүрүп жазгыла, этиш сөздөрдүн алдын сызгыла.

Окуучулар өз тапшырмаларын иштеп жаткан учурда мугалим доскага (БББ) стратегиясын жазат. Окуучулар бул ыкма аркылуу алган билимдерин бышыктайт.

| **БИЛЕМ** | **БИЛГИМ КЕЛЕТ** | **БИЛДИМ** |
|---|---|---|
| | | |

**Сабакты жыйынттыктоо** .

**Үйгө тапшырма беруу**.

**Топторду баалоо: Улуттук педагогиканын ыкмасын колдо упчуко менен балл коюу.**

**«5» - кызыл түс..**

**«4»- кок түс.**

**Карабек кызы Айжамал.**
**ЫМУнун 5-курсунун студенти**

***Сабактын темасы***: ***Каратма сөз***
(9-класс)

***Сабактын максаты***:

| ***а) билим берүүчүлүк*** | ***б) өнүктүрүүчүлүк*** | ***в)тарбиялоочулук*** |
|---|---|---|
| 1.Окуучуларга каратма сөздүн грамматикалык табияты жөнүндө жалпы түшүнүк берүү | 1. Каратма сөздөрдү жазуудагы жана оозеки кептеги өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү<br><br>2.Каратма сөздүн милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн үйрөтүү | 1.Окуучуларды туура сүйлөөгө, эне тилин сүйүүгө, топтордо иштөөгө, бири-биринин оюн угуп, аларды сыйлоого тарбиялоо |
| ***Жогорудагы максатка жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу…*** | | |
| 1.Окуучулар адамдарга жана адамдардан башка заттарга карата айтылган каратма сөздөгү өзгөчөлүктөрдү билсе | 1. Каратма сөздөр катышкан сүйлөмдөгү жазуу эрежелерин так сактай алса;<br><br>2.Каратма сөздүн милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн (зат атооч, заттанган сын атооч, атоочтук) так ажырата алса | 1. Окуучулар адабий тилдин нормасына ылайык сүйлөсө, бири-биринин оюн сыйласа, эне тилин сыйлоого үйрөнсө. |

***Сабактын тиби***: Жаңы билимди берүү сабагы
***Сабактын методу***: Айтып берүүчүлүк-түшүндүрүүчүлүк, интерактивдүү методдун айрым стратегиялары.
***Сабактын жабдылышы***: Лозунгдар, схемалар, дидактикалык карточкалар
***Сабактын жүрүшү***:1. Уюштуруу
2.Өткөн теманы кайталоо
КРдин гимни, андан соң Мамлекеттик тил гимни жаңырат.

Саламатсыңарбы, балдар? Бүгүнкү сабакка болгон маанайыңар кандай? Кана анда эмесе, сабагыбызды баштайлы!

***Өткөн теманы «Акыл чабуулу» методунун жардамы менен кайталайбыз:***

1.Каалаган эле сөздөрдүн топтомун сүйлөм десек болобу, же эмнесине көңүл бурабыз?

2.Жалаң сүйлөмгө мисал келтиргиле? Эмне үчүн муну жалаң сүйлөм дейбиз?

3.Жалаң жана жайылма сүйлөмдү салыштырып, «Венндин диаграммасын» түзгүлө

4. Карточкалар таратылып берилет.

Азаматсынар, балдар! Анда келгиле, бүгүн күнгө кайсы күн?

Баарыбыз доскага көңүл бөлөбүз! Бүгүн сабак өзгөчө табышмак сабак болмокчу. Доскадагы түшүнүксүз белгилер баарыбызга көрүнүп жатабы? Бул белгилерде сабагыбыздын темасы камтылган. Табышмакты табардын алдында үч топко бөлүнүп алалы.

1-топ---------«Алга» тобу

2-топ---------«Жалын» тобу

3-топ---------«Мурас» тобу

ТЕМА: О S

КАРАТМА СӨЗ

Карточкадагы белгилер:

--К

А

О--Р

S--Т

--М

--С

--Ө

--З

-Д

Λ – Л

(Белгилер Койлубаева А. «Мыкты сабак- ийгиликтин ачкычы» китебинен алынды)

Азаматсыңар!

Силер тапкандай эле бүгүнкү сабагыбыздын темасы - «Каратма сөз»

-Буга чейин силер картма сөз деген сөздү уктуңар беле?

(Окуучулар өз ойлорун айтышат)

***Мугалимдин сөзү:***

Ооба, балдар, каратма сөз сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун кимге? эмнеге? арналгандыгын билдирет.

***Мисалы***:1) **Айым**, сен качан үйгө келесиң?

2**) Достор**, дайыма чогуу бололу!

Каратма сөз башка сөздөрдөн айырмаланып, кайрылуу, чакыруу иретинде айтылат.

***Ал эми каратма сөздөргө тыныш белгилер төмөндөгүдөй коюлат***:

- Эгерде, каратма сөз сүйлөмдүн башына келсе, өзүнөн кийин үтүр белгиси коюлат.

  **Мисалы:** Аяна, токто!
- Эгерде, каратма сөз сүйлөмдүн ортосуна келсе, өзүнөн мурда жана өзүнөн кийин үтүр коюлат.

  **Мисалы**: Келип калдыңарбы, айланайындар, келип калдыңарбы?
- Эгерде, каратма сөз сүйлөмдүн аягына келсе, өзүнөн кийин үтүр белгиси коюлат.

  **Мисалы**: Күт, **Алиман**!

  Каратма сөздүн милдетин төмөнкү сөз түркүмдөрү аткарат:
- Зат атооч: Адемини көрдүңбү**, Бегимай**?
- Заттанган сын атооч: Ой**, коркок**, эмне бүрүшүп отурасың?
- Сан атооч**: Төртүнчү**, жооп бер!
- Атоочтуктар**: Чогулушка келгендер,** бул тарапка өтүңүздөр.

Каратма сөздөр катышкан сүйлөмдөр оозеки кепте , тыныш белги коюлган жерде тыным(пауза) менен окулат.Ошондуктан биз дайыма туура окууга көнүгүүбүз керек. Төмөнкү сүйлөмдөрдү интонация менен окуп көрөлү:

Толгонай, сен айткын! Сен адамсың!

Сабактын башында бөлүнгөн топ менен иштейбиз. Жаңы тема түшүнүктүү эле болуп атабы?(окуучулар жооп беришет)

Кана анда, текшерип көрөлү.

Баарыбыз окуу китебинин 70-бетин ачып,136-көнүгүүгө көңүл бурабыз. Оозеки иштейбиз.

--«Алга»тобу, Бегимай, 1-сүйлөмдү оку. Каратма сөздү таап, тыныш белгисине мүнөздөмө бер.

2-топ…

«Мурас» тобу улантат.

Түшүнүп алдык, ээ? Азаматсыңар!

Келгиле, кийинки тапшырмага көңүл бөлөлү.

(ар бир топко карточка таратылып берилет)

**«Алга» тобу үчүн:**

1) [__________] , [__________] , ________ , _____ , _______ .

2) Зат атооч, ______________________________!

**«Жалын»тобу үчүн:**

1) _______ , ________ , _________ , [______________] .

2) Заттанган сын атооч, ____________ , _________ ?

**«Мурас»тобу үчүн:**

1) _____________ , [______________] , ______ , ________ .

2) _________________ ,сан атооч!

Бул тапшырмаларга үч мүнөт убакыт берилет. Түшүнбөгөн жерлерге мугалим жардам кылат.

Тапшырма аткарылып жаткан убакта мугалим доскага «Каратма сөз»деген темада кластердин өзөгүн түзөт.

Схема боюнча жооптор алынат.Кемчиликтери толукталат. Андан соң үч мүнөттүк грамматикалык оюн ойнотулат.»с» тыбышы менен башталган каратма сөз катышкан жөнөкөй сүйлөм түзгүлө.

Кайсы тыбыштан башталган каратма сөз катышкан тапшырмалар берилери окуучулар үчүн белгисиз болот. Мугалим тыбышты айтар замат тапшырманы аткарууга киришет. Оозеки жооптор алынат. 5-6 жолу кайталанат.

Азаматсыңар, балдар! Бүгүнкү теманы түшүндүкпү? Келгиле анда, теманы бышыктайлы.



Азаматсыңар!

***Үй тапшырма берүү***: 138-көнүгүү.

Ээсин каратма сөз катары колдонуп, сүйлөмдү өзгөртүп түзгүлө. Тыным белгилерин койгула.

***Баалоо:*** Окуучулардын активдүүлүгүнө жараша топ-топ кылып баалоо.

**Сагынбекова Айжан**

**ЫМУнун 5-курсунун студенти**

**Сабактын темасы**: **Тыбыш жана тамга**.

**Сабактын максаты:**

| **Билим берүүчүлүк** | **Өнүктүрүүчүлүк** | **Тарбия берүүчүлүк** |
|---|---|---|
| 1.Окуучулардын тыбыш жана тамга боюнча башталгыч класстарда алган билимдерин тереңдетүү;<br>2.Тыбыш жана тамганын өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү. | 1. Тыбыштардын сөздүн маанисин өзгөртүүчү касиетин түшүндүрүү;<br>2. Кайсыл учурда тыбыштын, кайсы учурда тамганын саны көп, же аз болорун үйрөтүү. | 1. Чакан топто иштөө аркылуу бири-биринин оюн угуп, биргелешип иштөө менен гана ийгиликке жетүүгө тарбиялоо. |

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу…**

| | | |
|---|---|---|
| 1. Тамга жана тыбыштын өзгөчөлүктөрү жөнүндө так айтып бере алса;<br>2. Тамга менен тыбыштын айырмасын ажырата билсе. | 1. Тыбыштардын сөздүн маанисин өзгөртүүчү касиетин түшүнө алса;<br>2. Кайсы учурда тыбыштын, же тамганын саны көбүрөөк, же азыраак болорун өздөштүрө алса. | 1. Биргелешип иштегенден кийин бири-бирин сыйласа;<br>2. Убакытка туура мамиле жасашса. |

**Сабактын тиби**: Алган билимин өркүндөтүү, чыңдоо сабагы.
**Сабактын усулу:** Интерактивдүү ыкмалар.
**Сабактын формасы**: Чакан топто иштөө, таймашуу сабагы.
**Предметтик байланыштар**: Математика, тарых, орус тили.

**Сабактын жабдылышы:** таблица, маркер, ватман.
**Сабактын жүрүшү**:
**1.Уюштуруу** (класска жагымдуу жагдай түзүү).
- Саламатсынарбы балдар?
- Бүгүн баарыңар кандай сулуусуңар!

(Класстын сабакка даярдыгын байкоо, бүгүнкү сабакта аткарылуучу иштерди түшүндүрүү, алтын эрежелерди эске салуу)

1. Класста тынчтыкты сактайбыз;
2. Бири-бирибизге тоскоол болбойбуз;
3. Мугалим берген тапшырманы аткарабыз;
4. Б ири-бирибизди сыйлайбыз.

**Үй тапшырманы кайталоо:**
1. Тыбыштар тилдин кайсы бөлүгүндө окутулат?
2. Каалаган эле тыбыштардын жыйындысы сөз боло алабы? Эмне үчүн андай ойлойсуң?
3. Тыбыштарды жасоодо кайсы органдар катышат?
4. Графика деген эмне? Ал кандай маанини түшүндүрөт?
5. Сөздөр эмнеден жасалат?

**2. Жаны теманы түшүндүрүү**.
– Балдар, биз бүгүн силер менен өтө турган темабыз - Тыбыш жана тамга. Кана, эстегилечи, тыбыш деген эмне? Тамга деген эмне? Ким айтат? ( 1-2 окуучу жооп берет).
– Эми балдар, силердин билимиңерди тереңдетүү максатында мен силерге толугураак түшүндүрүп өтөйүн.

Биздин тилде 36 тамга бар,
Чаташтырба алфавитте тамгалар.
Тамгаларды көрөм, жазам, белгилейм,
А тыбышты кулак менен угуп ал.

– Туурабы балдар, тыбыш - кулакка угулган айрым-айрым үндөр, а тамга болсо - ошол үндөрдү белгилөө үчүн кабыл алынган шарттуу белги.
Кыргыз тилинде 36 тамга, 39 тыбыш бар. Көпчүлүк сөздөрдү тамга менен тыбыштын саны бирдей болот. Мисалы: ат - 2 тыбыш, 2 тамга; тарак – 5 тыбыш, 5 тамга; асман - 5 тыбыш, 5 тамга. Кээ бир создөрдү тамгага караганда, тыбыштын саны көп: таяк – 4 тамга, 5 тыбыш; оюнчук – 6 тамга, 7 тыбыш. Анткени йоттошкон тамгалар

эки тыбышты билдирет. Же тескерисинче, айрым сөздөрдү тыбышка караганда, тамганын саны көп болот: пальто – 6 тамга, 5 тыбыш бар. ь жана ң белгилери тыбышты билдире албайт.

Ошондон кийин мугалим тыбыш менен тамганын санындагы айырмачылыкты түшүндүрөт (36 тамга, 39 тыбыш).

**180-көнүгүү**. Мугалим берилген ырды окуйт, окуучулар жооп болгон сөздөрдөгү тыбыш жана тамгаларын аныктап, эмне үчүн алардын санында айырма бар экенин айтып беришет.

Сага болот чоң ата, өз атаңдын атасы,
Ким болот айтып бер, апакеңдин апасы? – (таята)
Эмне дейсиң энесин, эмне дейсиң агасың? – (таэне, таяке)
Байке десең кокустан, чоң уятка каласың.
Эмне дейсиң эжесин, ини, сиңди, жеңесин? – (таяке, таяже, таяжеңе)
Эске алгын муну да, улуулук бир кеңешим.
Ким болот ал сага, кана туура атачы,
Баарын тактап таанысын, билип алып аныгын.

**Сабактын кийинки бөлүгүндө мугалим төмөнкү жомокту түшүндүрөт:**

**(Ь) Ичкертүү белгиси жөнүндө жомок**.

Илгери-илгери алиппе китебинин ичинде көп тамгалар жашаптыр. Алар дайым бири-биринникине конокко барышчу. **А** дайыма **Т** га, - ат; **И** дайыма **Т** га, - ит; **У** дайыма **Н** га, - ун жана ушул сыяктуу. Алар конокко барып чогуу биригишип сөздөрдү курап ойношчу. Бирок алар эч качан **(ь)** ичкертүү белгисин кошушпайт экен. Анткени ал тамгада үн жок, тыбыш да угулбаптыр. Бул тамга сүйлөбөй, жалгыз, дудукча жүрө берчү экен.

Ошентип бир күнү тамгалар ойногону чогулушат. Көп сөздөрдү курушат, бирок такыр **пальто** деген сөздү жаза албай коюшат.

- «Палто» жок, болбой калат турбайбы, «Л» ны жумшартыш керек экен, мен барам, деп «С» барат.
- «Палсто» - тамгалар каткырышат.
- «Палкто», «Палпто» деп улам бир тамга келип турат. Дагы эле туура эмес.
- «Кел бизге, ичкертүү белги, балким сен бизге жардам бересиң», - деп чакырышат. Ал сүйүнүп келип, сөзүн туура жазып берет.
- «Пальто».

Ошентип баары ынтымактуу жашап калышыптыр.

Демек, балдар, ичкертүү белгисинин мааниси өзүнөн мурунку тыбышты ичкертүү, жумшартуу үчүн кызмат кылат. Мындай сөздөр тилибизде көп колдонулат. М: лагерь.

**3. Чаташтырма.**

***Эскертүү:*** *Тыбыш менен тамганын санындагы айырмачылыкты ажыратуу максатында, окуучулар берилген схеманын негизинде чаташкан тамгалардан сөздөрдү курашат.*

Доскага даярдалган төмөнкү 1-таблица илинет.


**№1 таблица**

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| П | О | А | А | Л | Л | Е | Т | О | Р | А | К |
| Й | Д | Ң | М | А | К | А | Ь | Л | Ы | Д | О |
| О | О | Е | Т | О | Ю | К | П | А | Я | Н | Е |
| Т | Д | З | О | О | Н | Ч | У | К | У | У | К |

- Балдар, силер жогорку таблицадан сөздөрдү кантип табабыз деп корксоңор, төмөнкү таблица жол көргөзөт.

(Доскага 2 – таблица илинет.)

**№2 таблица**





Окуучулар 2 топко бөлүнүшүп, таблицада катылган сөздөрдү ордунан табышат. Ар бир топ тапкан сөзүндө канча тамга, канча тыбыш бар экенин санашат. Кайсы топ көп сөз тапса, ошол топ жеңүүчү болуп табылат. Тыбыш жана тамганын санындагы айырмачылыкты түшүндүрүп беришет.

**4.Билим идиши. (Тез жооп бер)**

Класстагы балдар эки топко бөлүнгөн бойдон калышат. Мугалим суроолорун окуйт, а топтор жарышып жооп беришет. Кайсы топ биринчи кол көтөрсө, жоопту ошолор берет. Суроолор өтө оңой болушу керек.

(Доскада эки билим идиши чапталган, туура жооп берген сайын окуучуулар өз идиштерине алма стиккерлерин чаптоо менен идишин толтурууга аракет кылышат.)





1топ

**1 – топ** **2- топ**

**Суроолору:**

1. Кыргыз тилинде канча тамга бар?
2. Кыргыз тилинде канча тыбыш бар?
3. Канча созулма үндүү бар?
4. Канчасы үнсүз?
5. Алфавит деген эмне?
6. Графика жөнүндө түшүнүк.
7. Тыбыш менен тамганын айырмасы.
8. Тыбышты көрөбүзбү? Көрсөтө аласыңарбы?
9. Тамганы көрөбүзбү, угабызбы, айтабызбы?
10. «Подъезд» деген сөздө канча тамга, канча тыбыш бар?
11. «Мылтык» деген сөздө канча тамга, канча тыбыш бар?
12. «Оюн» деген сөздөчү?
13. «ь» бул кайсы тамга? Сөздөрдүн жазылышында кандай милдетти аткарат?

**6. Сөздөрдү курабыз**:

**1 - топко тапшырма:**

Тыбыштар сөздүн маанисин өзгөртүүчү касиети бар дегенди кандай түшүнөсүң? Ага мисалдарды келтиргиле.

**Мисалы**: кой - кол - кор – кош;
сат - сүт - сот;
уй – ай – ой – ый;
жан – жап – жак – жат – жар – жал…
(Бир гана тамганы алмаштырса болот.)

**2 – топко тапшырма:**

«Калдыркан» деген сөздүн болушунча көп сөздөрдү тапкыла. Калдыркан деген сөздү катышкан гана тамгалар болсун.


Мисалы: дары, дал, кар, как, аркан, рак, кал.

(2 топтон тең бирден окуучу чыгып, доскадан иштешет, калган окуучулар ордунан айтып жардам беришет.)

**7. Сабакты жыйынтыктоо** (Кластер түзүү).

1-топ. «Тыбыш» деген сөзгө кластер түзөт.




2-топ: «Тамга» деген сөзгө кластер түзөт.

- Балдар силердин бүгүнкү сабактан кийинки маанайыңар кандай? Өзүңөргө жаңы маалымат, кызыктуу нерсе ала алдыңарбы? Сабактын кайсы жери жакты, кайсы жери жаккан жок? Бүгүнкү тема боюнча суроолоруңар барбы?

( 3 -4 окуучу суроолорун берет, мугалим аларга жооп берет.)

**8. Үйгө тапшырма.**

**182 – көнүгүү.** (Үйгө берилген тапшырма кандай аткарыларын мугалим түшүндүрүп берет.)

**9. Окуучулардын билимин жана топторду баалоо.**

**К.Тыныстанов атындагы ЫМУнун**

**5-курсунун студенти**

**Шабданбаева Нурзат**

**Сабактын темасы: Бышыктооч жана анын түрлөрү**
(8 – класс үчүн)

**Сабактын максаты**:

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| - Окуучулардын сүйлөм мүчөлөрү боюнча, тактап айтканда, бышыктооч анын түрлөрү жана анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү боюнча алган билимдерин тереңдетилет;<br>- Бышыктоочтун дайыма кыймыл-аракет менен байланышып, анын ар түрдүү кырдаалын билдирип, ошого жараша ар түрдүү топторго бөлүнөрүн үйрөнүшөт; | - Окуучуларды грамматикалык талдоонун түрлөрүнө (комплекстүү талдоого) машыгышат;<br>- Айрым жөндөмөлөрдү турган сөздөрдүн маанисине карай бирде толуктооч, бирде бышыктооч болорун түшүнүшөт. | - Топто иштөөдө бири-бирин сыйлоого, өз ара түшүнүшүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга тарбияланышат. |
| **Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу…** | | |
| 1.Сүйлөм мүчөлөрү, тактап айтканда, бышыктооч боюнча толук түшүнүк алса;<br>2.Бышыктоочтун дайыма кыймыл-аракет менен байланышарын жана анын ар түрдүү кырдаалын билдирерин толук өздөштүрсө;<br>3.Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрүн | 1.Грамматикалык талдоону, тактап айтканда, комплекстүү талдоону толук жүргүзө алса;<br>2.Барыш жөндөмөсүндө турган сөздөрдүн кандай учурда толуктоочтук, кандай учурда бышыктоочтук милдет аткарарын | 1.Топто иштөөдө бири-бирин сыйлап, өз ара түшүнүшсө;<br>2.Адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөсө;<br>3.Орфографиялык эрежелер боюнча сабаттуу жаза алса. |

| | | |
|---|---|---|
| билсе. | так билсе. | |

**Сабактын тиби:** Алган билимди кайталоо сабагы.
**Сабактын методу:** Интерактивдүү метод.
**Сабактын жабдылышы:** Сүрөт, ватман, маркер, таблица, карта, билим дарагы.
**Сабак аралык байланыш**: Сүрөт, адабият, география.

**Сабактын жүрүшү**

*Уюштуруу:*

1. Окуучуларга жагымдуу маанай тартуулоо. (Мугалим жалпы класска ийгилик, жакшылыктарды каалап, бүгүн алар кандай керемет болуп отургандарын, алардын сулуулугун, активдүүлүгүн айтат жана ошол класстагы алдынкы партада олтурган окуучуга да өз каалоосун, тек жакшы сапаттарын кыскача айтат да колундагы топту ошол окуучуга ыргытат. Топту алган окуучу жанында олтурган классташына өз каалоосун кыскача айтып, маанайын көтөрүү менен топту ага ыргытат. Ал окуучу да өз каалоолору менен андан ары ыргытат. Ошентип, топ чынжырча болуп бүт классты аралап чыгат).
2. Үйгө берилген тапшырманы кайталоо:

а) Эмне үчүн ээ менен баяндоочту баш мүчөлөр дейбиз?
б) Ээнин милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарат?
*Мисалы:*
**Зат атооч:** Бөдөнөнү сойсо да, касапчы сойсун.
**Ат атооч:** Апам жиберген жакка өзүм барып келдим.
**Сын атооч:** Жаман өз камын ойлойт, жакшы эл камын ойлойт.
**Сан атооч:** Элүү онго так бөлүнөт.
**Атоочтук:** Көрбөс төөнү да көрбөйт.
в) Баяндоочтун милдетин кайсы сөз түркүмдөрү аткарат? Ар бирине мисал келтиргиле.
*Жообу:* Баяндоочтун милдетин зат атооч, сын атооч, сан атооч, тактоочтор аткарат.
*Мисалы:*
**Зат атооч:** Адамдын көркү - адеп.

**Ат атооч:** Келечектин ээси - силер.

**Сын атооч**: Куйручуктун көзү – тунук, сөзү – курч, тили – мурч.

**Сан атооч:** Отуздун жарымы – он беш.

г) Кайсы учурда ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкча коюлат? Ага мисал келтиргиле.

*Мисалы:*

1. Туугандыктын белгиси – барыш-келиш,
   Жакындыктын белгиси – алыш-бериш.
2. Жаш жигиттин уялганы – өлгөнү.
3. Алты жерде алты – отуз алты.

**Жаны тема**

***Сабактын темасы менен тааныштыруу***.

*Мугалим:* бүгүнкү өтө турган темабыз, айкындооч мүчөлөрдүн бир түрү – бышыктооч. (Тема доскага жазылат)

Балдар, «бышыктооч» деген сөздү кандай түшүнөсүнөр?

*Окуучулар: (* ар ким өз оюн айтат)

Мугалим сөзүн улантат: Мына, өзүнөр айткандай, бир нерсени көргөндө, же укканда, аны тактап, бышыктап сурап алабыз. Демек, сүйлөмдөгү бышыктооч эмне экендигин бүгүнкү кайталоо сабагыбызда тереңирээк үйрөнөбүз.

***Бышыктооч*** – кыймыл-аракет менен байланышта болуп, анын ар түрдүү кырдаалын, мезгилин, ордун, сан-өлчөмүн, сапатын, себебин, максатын билдирип турат. Ал качан? кайда? кантип? эмне үчүн? эмне максат менен? деген суроолого жооп берет.

Дагы бир эске алуучу нерсе, аныктоочко берилген суроо бышыктоочко да берилет. Алардын кайсы учурда аныктоочтун, кайсы учурда бышыктооч болорун төмөнкү учурларда аныктайбыз.

*Мисалы:*

Биздин класста үч окуучу үлгүлүү.

- Канча окуучу? *үч* - аныктооч, окуучу деген зат менен байланышып, анын (окуучунун) санын билдирди. Демек, зат атооч менен байланышып, анын кандайдыр бир белгисин билдирсе аныктооч болот.

Ал сени издеп үч келди.

-Канча келди? *үч* - бышыктооч, себеби кыймыл-аракет менен байланышып турат.

Демек, балдар, өзүңөр көргөндөй, бышыктооч сүйлөмдүн баяндоочу менен катышып, анын ар кандай белгилерин көрсөтөт.

Мекенибиз Кыргызстан областтарга кандай бөлүнсө, бышыктооч да кыймыл-аракеттин ар түрдүү белгилерине карай алты түргө бөлүнөт: себеп, орун, мезгил, сыпат, өлчөм, максат бышыктоочтор. Кана эмесе, көңүлүбүздү картага буруп, Кыргызстандын жерлерине саякатка чыгып келели. (Ушул учурда мугалим бышыктоочтун алты бөлүгүн карта аркылуу түшүндүрөт. Ал үчүн Кыргызстандын картасы доскада илинип турушу керек жана ар бир областтын территориясында алты түрү жазылган болот).

Бышыктоочтун милдетин жөнөкөй жана татаал формадагы түрдүү сөз түркүмдөрү аткарат: жөнөкөй бышыктооч, татаал бышыктооч жана жайылма бышыктооч.

*Мисалы:*

1. Жөнөкөй бышыктооч: *Апамдай мээримдүү жан дүйнөдө жок чыгар.*
2. Татаал бышыктооч: *Сабагыбыз саат сегизде башталат.*
3. Жайылма бышыктооч: жайылма бышыктоочтун милдетин, негизинен, чакчыл түрмөктөр аткарат. *Аларды айландыра курчап, элүүдөй чоң тамандар отурушат (К.Ж).*

Ошондой эле, айрым жөндөмөдө турган сөздөр анын ичинен барыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрү бышыктооч болуп кетет. Тактап айтканда, жогоруда айтылган орун бышыктоочтун, ж.б милдетин ушул үч жөндөмө аткарат.

*Мисалы:*

1. Жатыш жөндөмөдөгү орун бышыктооч: *Сыртта мени классташым күтүп турат.*
2. Барыш жөндөмөдөгү орун бышыктооч*: Быйыл кичүү иним мектепке барат.*
3. Чыгыш жөндөмөдөгү орун бышыктооч: *үйдөн чыгып, досумдукуна ойногону бардым.*

Мына, бышыктооч жөнүндө кайталоо жүргүздүк, мурун түшүнбөй калган жериңерди бүгүнкү сабакта түшүндүнөр деген ишеничтемин.

**Тапшырма менен иштөө:**

Классты үч топко бөлүп, ар бир топту доскада илинип турган көрсөтмө куралдар менен иштетүү.

1- топко тапшырма. Мезгил, орун, сыпат, өлчөм, максат бышыктоочторду катыштырып, «Окуучунун мектептеги орду» деген темада эссе жазуу.

2- топко тапшырма. Төмөнкү схема боюнча сүйлөм түзгүлө.

*Мисалы:*

1. Биз Бишкек шаарына окууга барабыз.
2. Сөз адамды аба сыяктуу курчап турат.
3. Нан, аба, суу – адам баласы үчүн ушунчалык зарыл нерсе.
4. Сөздүн тазалыгы – пейилибиздин тазалыгы.

3 – топко тапшырма. Бышыктоочко кластер түзүү.

**Сыпат бышыктооч.**
М: Бегимай конкурста мыкты ырдады.

**Мезгил бышыкт.**
М: Биз мектептен тщштё тарайбыз.

**Себеп бышыктооч:**
М: Айжан бүгүн ооругандыктан сабакка келбей

**Бышыктоочтун түрлөрү**

**Максат бышыктооч.**
М: Айым билим алуу максатында шаарга кетти.

Жалпы класс аныктооч менен бышыктоочко Венндин диаграммасын түзүшөт:

**Жыйынтыктоо:**

Балдар, бүгүнкү кайталоо сабагында эмнени үйрөндүңөр? (Мугалим ар бир окуучуга стикер таратып берет. Окуучулар берилген суроого карата өзүлөрүнүн жоопторун стикерге жазышат. Ошол жазылган стикерлерди окуп, билим дарагына алып барып чапташат).

**Үй тапшырма берүү.**
**Баалоо.**

**Мазмуну**

**Койлубаева Айгүл**
Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү ---------------------------------------------------------- 4
Зат атоочту кайталоо ------------------------------------------------------------------------------ 14
Антонимдер ---------------------------------------------------------------------------------------- 19
Сөздүн составдык бөлүктөрү ---------------------------------------------------------------- 23
Сөздүн өз ара бөлүктөрү ------------------------------------------------------------------------ 27
**Түмөнбаева Жазгүл**
Кептик тема: Боз үй
Грамматикалык тема: Кызматчы сөздөр. Байламта---------------------------- 31
Кептик тема: Кыргыз сүрөт искусствосу
Грамматикалык тема: Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү-------------------- 47
Кептик тема: Касым Тыныстанов
Грамматикалык тема: Барыш жөндөмөсү -------------------------------------- 61
**Түргөнбаева Айзада**
Кептик тема: Касым Тыныстанов
Грамматикалык тема: Татаал сүйлөм -------------------------------------------- 69
Кептик тема: Кыргыз кино искусствосу
Грамматикалык тема: Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү ---------------------------- 77
Кептик тема: Нооруз көктөм майрамы
Грамматикалык тема: Этиштин чактарын кайталоо -------------------------- 84
**Нааматова Элвира**
Өздүк иш кагаздар ------------------------------------------------------------------ 91
Кептик тема: Нооруз көктөм майрамы
Грамматикалык тема: Зат атооч ------------------------------------------------------ 103
Кептик тема: Манасчылар
Грамматикалык тема: Жөнөкөй жана татаал сүйлөмдү кайталоо --------- 117
Кептик тема: Кыргызстандагы шаарлар
Грамматикалык тема: Сан атооч жана анын негизги топтору -------------- 128
**Анапияева Асел**
Төл жана бөтөн сөздөргө коюлуучу тыныш белгилер --------------------- 131
**Бойтокова Дилбара**
Зат атоочту кайталоо татаал этиштер ------------------------------------------ 142
**Карабек кызы Айжамал**
Каратма сөз ------------------------------------------------------------------------------- 137
**Максатбек кызы Нурайым**
Жөнөкөй жана татаал этиштер --------------------------------------------------- 147
**Сагынбек кызы Айжан**
Тыбыш жана тамга ------------------------------------------------------------------ 152
**Шабданбаева Нурзат**
Бшыктооч жана анын түрлөрү ------------------------------------------------- 159